Акылбеков Алымбек, Алымбеков Тургунбек

# БАЛЫКООЗДУН САНЖЫРАСЫ

## (Отор хан, же арабдар келгенге чейинки кыргыздардын тарыхы)

Кол жазманы көчүрүп, басууга даярдаган жана түшүндүрмө берген *Турганбаев Элебай*

Акылбеков Алымбек жана анын уулу Алымбеков Тургунбектер тарабынан жазылып калган белгилүү манасчы Балыкооздун санжырасы «Отор хан» 2007-ж. чыккан «Алымбектин санжырасынын» биринчи бөлүгү болуп саналат. Санжырада негизинен Самарканд шаарын арабдар басып алганга чейинки (б. з. VIII к. башы) Талас, Фергана өрөөндөрүндө жашап, Сыр-Дарыянын боюн гүлдөткөн кыргыздар, ишенген дини, башка огуз уруулары менен болгон карым-катнашы, баштарынан нечендеген кыйынчылык өткөрүп, бирдиктүү хандык түзгөндүгү жана араб халифатынын пайда болушу тууралуу кыскача маалыматтар айтылат. Санжыра жомок түрүндө жазылган, бирок анын каармандары же алар катышкан окуялар тууралуу көптөгөн жазма, документалдуу материалдарга салыштыруу аркылуу баалуу маалыматтарды алууга болот. Санжыра атайын тарых илимин окуган адистер менен окуучуларга жана жалпы эле кыргыз тарыхына кызыккандар үчүн сунуш кылынды.

# АЛГЫ СӨЗ

Өз тарыхын билбеген, көңүлүнө бекем сактап, муундан-муунга улантып айтып келбеген бир дагы улут же эл жок. Болгону кээ биринин тарыхы кыска, кээси узак убакытты камтыйт. Салыштырмалуу гана анын бизге чейин кандай абалда (жазуу же оозеки жүзүндө) жетиши маанилүү. Эгер ар бир элдин өз тарыхчылары (оозеки түрдө айтуучу же жазма) болбогондо, б. а. жалаң эле чет элдик тарыхчыларга таянып окулса, анда ал элдин тарыхы кандай багытка карай өнүгөөрүн элестетүү кыйын. Ошондой оозеки тарыхчылардын бири Балыкооз (Бекмурат Кумар уулу) болгон. Манаптан Сүтөй менен Жарбаң. Сүтөйдөн Сарысейит, Эшим, Тугур. Тугурдан Олжотай. Аягы өтө чоң болгондуктан ушул киши «чоң чарык» атанат. Олжотайдан Тайлак. Тайлактан Ырайымбек, Көкүл. Ырайымбектен Чиркей (дагы бир белгилүү манасчы Шапак Ырысмендеев ушул Чиркей тукумунан). Көкүлдөн Курманбек. Курманбектен Кумар. Кумардан Бекмурат (Балыкооз). Андан Найманбай.

Балыкооз болжол менен 1805/10–1880/90-жылдары өмүр сүргөн. Өзү жөнүндө саруу уруусунан Ажыбек бий жана анын баласы Нуракты айтып, «Нурак мени менен катар эле» (тең эле дегени), солто Канайдын уулдары Бошкой менен Бүтөштү айтып, «жашта болсом, экөө мени сыйлачу», «иним дечү» деп эскерет. Чалдывар айылынын тургуну Сырдыбаев Кутуш (Куттуксейит) Сарыбай уулунун маалыматы боюнча Бошкой 1805-ж. туулуп, 1887-ж дүйнөдөн кайткан. Нурактын кайсыл жылы туулганы тууралуу азырынча так маалымат жок, бирок анын дагы Бошкой, Бүтөштөн кичүү экенин тактоого болот.

Жаш кезинен атасынан ажырап, 20 жашка келгенде болгону жаман алачыгы менен бир төөсү болуптур. Бишкек шарынын тургуну Эсенбаев Келдибектин маалыматы боюнча ал Манасты мындан да жаш кезинен айта баштаган.

...Анжыянга аттанып,
Көкбелдин белин ашкамын,
Атымды байлап арчага,
Эс алып уктап жаткамын.
Уктап жаткан кезимде,
Катуу дүбүрт угулган.
Кадимкидей чуулган;
Манас, Манас, Манас деп,
Кулагыма угулган.
Ошондо мен ойгонуп,
Көзүмдү ачып карасам,
Таң агарып атыптыр –
Түндөгү көргөн түшүмдүн,
Белгилери бар экен.
Акылым нечен бөлүнүп,
Абайлап туруп карасам,
Чоң-чоң аттын такасы,
Калган экен көрүнүп.
Ошондо үйгө кайткамын,
Ырымымды айткамын.
Калайык калкты чогултуп,
Батасын элден алгамын.
Ошондон кийин мен өзүм,
Манас айтып калгамын!

Бирок ал учурда жалаң эле «Манас» айтып оокат кылуу мүмкүн эмес болчу, ошондуктан көпчүлүктүн кеңешин угуп, адегенде саруудагы Ажыбек датканын колуна келет. Ал жөнүндө өмүрүнүн аягына чейин өтө жылуу пикирде болгон. Ажыбектин

колунда жүрүп турмушу оңолуп, келинчектүү да болот. Ошол тушта Байтик баатырдын аты угула баштап, аны менен жакындашып кетет. Ошону менен Ажыбектен уруксаат алып, Чүйгө көчөт. Бул убакта ал дасыккан манасчы-ырчыга айланган кези экен. Ошентип анын Чүйгө келиши менен келечектеги кыргыз тарых-адабияты чоң утушка ээ болду десек болот. Анткени, ал бул жакка келгенден кийин кат-сабаттуу адамдарга жолугуп, анын санжырасынын кээ бир жери сакталып калышына себеп болду. Өзүнүн кат-сабаты жок, бирок куйма кулак, укканын унутпаган киши экени белгилүү. Сөздөрү дагы далилдүү, кулакка угумдуу, тилге жатык болсо керек. Бир жылдары туугандары чакырып, Чүйдөн Кочкорго келип, бир нече жыл ушул жакта туруп калат. Төрөгелди баатырдын ырчысы Айтыкенин даңкы чыгып турган убак экен. Эл экөөнү айтыштырып, сынап көрмөк болот. Айтыке ошондо Балыкооздун күлү бир жерге додо болбой, көчүп жүргөнүнө басым кылып келип:

Сен шарият жолун сүйлөйсүң,
Же чаар китеп окуп билбейсиң?
Кудайдын сөзүн сүйлөйсүң,
Же куран окуп билбейсиң? –деп, дагы көп нерселерди айтат.

Анда Балыкооз:

Мен Анжиянга барчумун,
Ар кандай буюм алчумун.
Анжиянда молдо бар.
Мечиттерге кирчүмүн,
Шарият айткан сөздөрдү,
Мен да тындап билчүмүн –деп, Айтыкенин ар бир сөзүнө жооп берип, бул дүйнөдө көчпөгөн киши болбогонун да айтып:

Көчкөндүн несин кеп кылдың?…
Сары-Арканы кыдырып,
Чоң Илени сыдырып
Алтай деген жеринен
Мангыт-муңгут элинен,
Ногой көчкөн болучу!
Жайлоодогу козум деп,
Жаныш, Бообек досум деп,
Өзүңдүн агаң кечөөкү,
Чоңой көчкөн болучу, –деп, акыры Айтыкени жеңип алат.

Балыкооз кыргыздын оозеки тарыхын баштан-аяк жатка билген. Колубуздагы «Отор хан» качандыр бир кезде «Манас» эпосу менен түздөн-түз байланышта болуп, анда андан мурунку окуялар тууралуу айтылат. Тилекке каршы, көлөмү канча экени бизге белгисиз бойдон калмакчы. Анын бизге толук жетпей калышына негизги себептердин бири диндик көз караш болгон. Муну Балыкооз өзү: «Толуп турган кезегим. Бир күнү Азирет Аалынын тукумумун деп, Азизкожо деген эшен келди. Хан Ажыбек, Балык балам, ырдап бер эшенге, Оторкандан баштап, Манаска чейин деди. Соктуруп, жогорку ырларды айтып, Манаска келип, Манасты айтып, эшендерди кошо айтып, ...мурунку ырларды жакшы укпай отурду эле, кийин мусулман дини киргендеги хандарды айтканымда, абдан кулагын салып укту. Азизкожо эшен, ырчы, сиз мындан кийин мусулман динине кирбеген хандарды – элдерди айтып жүрүүчү болбо. Мусулман болгон, ислам дини үчүн урушкан, талашкан хандарды – элдерди айтсаң чоң соопко каласың. Жаның жанаты болосуң. Мухаммед пайгамбар, Азирет Аалы шери – кудааны кошуп айтсаң деди. Мурунку бутпарас болгон хандарды, элдерди айтсаң каапыр болосуң, күнөкөр болуп, жаның тозок болады деди эшен. Ошондон кийин эле коркуп, коюп калбадымбы» деп эскерет. «...Манасты айтканда түп атасы Ороз бий, анан Оторкан деп, бирден-бирден чууртуп отуруп, Манаска алып келчү элем». Хан Ажыбек, «балам Бекмурат, эмкиден кийин, түп атасы Ногой хан деп баштай бер Манасты» деди. «Куру мурунку, бөлөк динде жүргөн аталарды айтып, күнөкөр болбо, өз жаныңды

кыйнап, мусулман динин талашкан хандарды айта бер, сооп болот турбайбы» деди хан Ажыбек. Ошондон кийин Манасты түп атабыз Ногой бий деп айта берчү болдум. Төштүк хан, катагандын хан Кошой, Көкөтөй хан, Бокмурун хан, Койош хан, Жүгөрү хан, Үрбү хан, Жамгырчы хан, Айдар хан, Көкчө хан, Буудайык хан, Музбурчак хан, хан Шырдак, кыпчактардын эр Табылды жалгызым, кытайлардын кыл муруттуу Кожомжаш, сен Сарынжы-мен Бөкөй – ушуларды айтып жүрө бердим. Мурунку хандар, элдер – балам Алымбек – ири-ири болуп, килең-килең болуп айтылат, шаарлуу-жергелүү болуп айтылат. Мен аз эле билем. Өткөн замандарда эң кызык, узун болуп айтылчу экен. ...кыргыздын Найман хандыгы бузулуп, кайта келгени бар. Ногойдун ханы Ормамбет хан конуш чалып, кайта Эдилге көчкөнүн айтат. ...кыргызды өз жерине кондуруп, багыш болгонун, оң-сол болгонун айтат.

Башы Кызылкыя санташтан,
Аягы бетегелүү Койташтан – ак калпактуу кыргыздан.
Каркыра менен Кегенден,
Үчалматы – Сарытокум, Байгара менен Жамбылдан.
Ысык [көл], Чүй, таластык,
Аксы менен чаткалдык, анжияндык, алайлык.
Адигине, Тагайлык – 30 уул, ичкилик,
Карабагыш, чоң багыш,
Бугу, солто, сарыбагыш,
Жедигер, саяк, акбагыш,
Моңолдор, черик, кыпчагы – оң атанат турбайбы.
Саруу, кытай, мундузу,
Кушчу, төбөй, басызы
Сатыкей, каңлы, тейити – ичкилиги кошулуп,
Сол атанат турбайбы, -деп кошкон. Ошондуктан аны атайы чакыртып алышып, күндөп-түндөп угушкан. Удаа айтканда үч күндөн, үч айга чейин созуп айтчу экен. Кийинкилер; «ноопастай болгон чоң адам, сөзү ширин» экенин эскеришет. Тилекке каршы ал айткан «Манас» ж. б. чоң жана кенже эпостордун варианттары бизге толук жеткен жок, бирок кезинде андан бир топ манасчылар таалим алганы белгилүү (мис., Ш. Ырысмендеев, өз уулу Найманбай). Ыр-жомогунун көбүн кыргыз тарыхы менен тыкыс байланыштырып айтканын көрүүгө болот.

Ошондой болсо дагы жогоруда жазылып калган Балыкооздун санжырасынын келечеги дагы алдыда деген ойдобуз.

Кол жазма солто уруусунун манабы Алымбектин өз оозунан угуп жүргөн уулу Тургунбек тарабынан көчүрүлүп, 1947-ж. Кыргыз ССР ИАсынын кол жазмалар фондусуна (КЖФ) өткөрүлүп, 1981-ж. ага шарттуу түрдө «Кыргыздардын келип чыгышы» деген аталуу берилген. Алымбек манап бул санжыраны 10 жашынан тарта Балыкооздун угуп, жаттап калганын эскертет.

Кыргызда аты элге угулуп, көпчүлүккө белгилүү тарыхчы-адабиятчылардан башка, азырынча аты жалпыга анча белгисиз нечен-нечен атуулдар чыккан. Албетте, учурунда алар замандаштарына таанымал болуп, саясий болобу, маданий болобу – коомдук өнүгүүгө өз алынча салым кошуп келишти. Ошондой, өз заманынын билимдүү адамдарынын бири Акылбеков Алымбек болгон. Ата-теги боюнча Түлөбердиден Канай. Андан Бошкой. Бошкойдун биринчи аялынан туулган балдарынын бири Акылбек. Акылбектен Алымбек, Мамбетсыдык, Маматбек, Мамбетнияз, Ырайымбек. Акылбек дагы өз заманынын алдыңкы адамдарынын бири, динди бекем туткан ажы болуптур. «Жөө барып-келдим» дечү экен. Туугандарынын эскерүүсүнө караганда Бошкоев Акылбек 1904–5-ж. каза болгон. Архив маалыматтары боюнча Алымбек 1862-ж. туулган. Алымбектен Ашымбек (1889-ж. туулган), Тургунбек (өз аты Турганбай, 1891-ж. туулган), Темирбек (1896), Ниязбек (1899), Асанбек (1902), Кемелбек (1913). Асанбектен Ормон. Темирбек менен Кемелбегинен бала жок. Ниязбектен Анварбек, Шамил, Рауф.

Анварбекти Темирбек багып чоңойтуп, Асанбек Куйбышев шаарында каза болуптур. Кемелбек адегенде Жалал-Абаддагы советтик-партиялык мектепте окуп, 1930-ж. аягында Ташкент шаарында окуп жүргөн жеринен НКВДга кызматка алып кетет. Англис, фарсы тилин билчү дешет. Кийин КГБнын архивинен изделип, Пятигорскде болгону такталган. Бирок, СССРдин кулашы менен издөө аягына чыкпай калыптыр. Ашымбектен Азизбек. Тургунбектен Халил, Жамалбек, Нажип, Зариф, Рафик, Рашид, Адамбек.

Алымбек илим-билимдүү (тарыхчы Осмонаалы Кыдык уулу аны окумуштуу [магрифат] экенин эскертет), калыс киши болгондуктан бир нече жылы Олуя-Ата уезинин Талкан болуштугунда болуш (1890–1893), бий (1893–1896) болуп иштеген. Билимдүү болгону үчүн ал замандагы коомдун өнүгүү процессине туура баа берип; «прогрессив деген жол бар, адам баласы ошол жолго түшпөй, оңолбойт. Бул фантазиялык жол менен жүрө берсе деги оңолбойт» деген философиялык бүтүм чыгарган. Көп кишилерге камкордук кылып, акыл-наасат көрсөткөн киши болгону да айтылат. Албетте, өзүлөрү ал тууралуу эч нерсе айтышпайт, бирок Совет өкмөтүнүн алгачкы жылдарында булар турган айылдан көптөгөн сабаттуу ишмерлердин чыкканы аркылуу баамдасак болот. Алардын көбү Алымбектерге тууган-туушкан болушкан. Алар белгилүү коомдук ишмерлер – Төрөкул Жанузаков (Канайдын Байсейитинин тукуму) жана Жумагулов Алымкул дегендер. Бир чети Төрөкул Алымбектин кызын алган. Төрөкул менен Алымбектин уулу Ашымбек ошол кездеги кыргыздын эң алдыңкы интеллигентинен болуп саналган. Алар жөнүндө казак тарыхчысы А. Махаева өзүнүн «Казак-кыргыз саяси байланыстарынын тарихы» деген эмгегинде көп ирет эскерет. Мисалы, Бүткүлроссиялык съездге шайлоого кыргыздардын да даяр турушуна жана аларды эне тилинде гезит чыгарууга чакырган Төрөкул Жанузаков, Касымбек Галымбеков (татар тилинде ушундай берилген) сыяктуу кыргыз коомдук ишмерлери «Ак калпактуу кыргызга» деген макаласында: «...Россияга караган бардык калк 160 миллион болсо, съездге 800 өкүл шайланышы керек экен. Анын ичинде ак калпактуу кыргыздан – эгер саныбыз эки миллионго жетсе – он өкүл шайланышы керек. Ферганада 13 болуш, Жетисууда 20 болуш, Сыр-Дарыяда 13 болуш кыргыз бар. Ташкенге кишиңерди жибергиле, ар болуштан бирден-экиден барса болот. Карала турган маселе көп. ...Азыр эң керектүүсү – кыргыз тилиндеги газет чыгаруу. Азыр казак туугандардын мойнуна минип отурабыз»[1] деп белгилешкен.

Уулу Ашымбек дагы убагында болуш болуп, 1916-ж. үркүндө ак желек сайып, талкан элинин көбүн качырбай токтотуп, аман алып калган экен. Билимдүү болушканы үчүн 1917-ж. революциядан кийин Алымбектин өзү большевиктер партиясынын Пишпек окружкомунда Агитпромдун бөлүм башчысы, уулу Ашымбек адегенде партиялык жоопту кызматтарда, кийинчерээк ВКП(б) БКнын Орто Азия бюросунда инструктор болуп иштеген.

Совет (жумушчу) өкмөтү билимдүү, таасирлүү, алдыңкы адамдардан катуу чочуганы жашыруун эмес. Алымбек дагы ошондой кишилердин бири болгондуктан, тегерегиндегилери андан биринчи кезекте кутулуунун камын көрүшүп, анын жолун издешкен. Бул жөнүндө жогору жактагы партиялык органдарга Чүй кантонундагы Калинин болуштугунун Талкан айылында 2 манап – Акылбеков Алымбек жана Алымбеков Ашымбек экенин (Алымбеков Гашимбек, Касимбек тууралуу 20-к. башында жарыкка чыккан жергиликтүү гезит-журналдардан көп маалыматтарды табууга болот), алар өз айлында өтө таасирлүү болгонун, Абдыкерим Сыдыковго (аталаш туугандар – Бошкойдон Өзүбек, андан Сыдык) жан тартканын, башка туугандары менен бирге 740 кой, 230 жылкы, 88 ири мүйүздүү малдын ээси болушканы тууралуу чагымдар түшүп турган. Совет өкмөтүнө мындан артык шылтоонун кереги жок эле. Ошону менен 1927-ж. 13-мартта Кыргыз ССРинин ОГПУсу тарабынан «мыйзамсыз Кеңешке кайра шайлоого жана киши өлтүрүүгө катышкан» деген жалаа жабылып, 1927-ж. 29-июлдагы ОГПУнун

---

[1] Қазақ-қырғыз саяси байланыстарының тарихы (XVIII ғасырдың екінші жартысы – XX ғасырдың бас кезі). А., 2007. 302-303-б.

Коллегиясынын Өзгөчө Кеңешинин (!) токтому менен 3 жылга кесилип (? киши өлтүргөн адам 3 жылга кесилген), адегенде Казакстандын Урал губерниясынын Бөкөй уезине айдалган.

Мөөнөтү аяктаганда ага Казакстан жана Орто Азиянын 6 пунктунда туруууга тыюу салынып, башка, каалаган жер тандап алып, жашоого «эркиндик» берилип, акырында ал киши аргасыз Россиянын Пенза ш. турууга уруксаат алат. 1930-жылдары Орда шаарында кайтыш болуп, сөөгүн уулу Ашымбек барып, көөмп келген. 1989-ж. 16-январдагы СССР Жогорку Советинин Президимунун Указынын негизинде 1-ноябрь 1991-ж. Кыргыз Республикасынын Прокурорунун корутундусу менен акталууга жаткан.

Эми Балыкоздун санжырасын атасы Алымбектен угуп жүрүп, эсине алып калган жалгыз Тургунбек (Турганбай) болсо керек. Бирок, өз сөзүнө караганда анын Жамалбек деген уулу өтө зээндүү болгону айтылат, ошондуктан чоң атасы Алымбек Балыкоздун сөздөрүн жазып калууну адегенде Тургунбектин ушул уулуна тапшырган. Тургунбек; «Жамалбек деген балама окуп жүргөндө айтчу эле, балам, окуп жүрөсүң, ушуну жазып китеп кыл, боштончулук заманга, кандай сөзгө болсо да дечү эле» деп эскерген. Бирок ал небереси Улуу Ата Мекендик согуштан кайтпай калгандан кийин, аны кагаз бетине өзү түшүрүүгө аргасыз болгон.

Кыргыздын өткөн тарыхын изилдөөдө мындай оозеки тарых дагы өз ордун сөзсүз табууга тийиш. Мисалы, кыргыздын мындай санжыралары менен жакындан тааныш болсо «түрктөрдүн тарыхына тиешелүү жазма маалыматтардын басымдуу бөлүгү түрк тилинде жазылбаганын»[1] жана «б. з. ч. 201-жылдагы окуяларды (хунндардын падышасы Маодундун кыргыздардын жерин басып алышы – Т. Э.) камтыган маалыматта кыргыздар жашаган аймак, ошондой эле алардын кай жерде жайгашканы тууралуу эч нерсе айтылбаганын»[2], «кыргыздар азыркы жашаган жеринде алгач XVI кылымда эскерилгенин, бирок алардын бул жерге кантип, качан келиши тууралуу маалыматтарды көрүүгө мүмкүн эместигин»[3], «кыргыздардын эсинде Ферганадан ушул аймактарга келген учурлар гана калганын; бул жүрүш эски журтуна кайтышы экенин же андан мурун дагы ушундай жер которуулар болгон-болбогонун элдин өзү такыр унутканын жана Ферганаңы өз мекени деп эсептеп калышканын»[4] белгилеген В. В. Бартольд башка бир жыйынтык чыгарууга аргасыз болмок.

Түздөн-түз санжырага кайрылсак ал жомок түрүндө жазылган. Албетте, мурунку санжырачылардын даремети чакталуу болгондуктан алар тарыхты мындан артык жөнгө сала алышмак эмес. Буга негизинен маалыматтардын жетишсиздиги таасир берет. Башка бир кемчилиги – аталган санжыра Кыргыз УИАсынын кол жазма фондусуна өткөрүлгөн боюнча сакталган эмес. Кээ бир дептерлер ордунда жок. Биринчиси 25-беттен башталат. Мунун толук вариантын акыркы жолу санжыра изилдөөчү С. Закиров пайдаланыптыр. Мисалы, Балыкоздун санжырасыбы же башкадан алганы белгисиз; «...көп өтпөй Эдил, Нурадагы ногойлордон Эңеше бойлуу Эр Эшим деген чыгып, казак, кыргызга келет. Ал хандын тукуму экен – аны казак, кыргыз хан шайлап алышат. Ошондо Эр Эшим кеңешип иш кылалык деп Сырдын боюна Ташкенден төмөн, Көкдөбө деген жерде кеңешме чакырат: Ал кеңешме солтодон Чаа, сарыбагыштан Сарысейит, саяктан Түгөл, Түнгатар, багыштан Көкүм, Саруудан Төңтөрүк, Боркемик, кушчудан Кайназар, кытайдан Кангелди барган. Эр Эшим эски салтты кайра козгоп, **Оторхан, Бараккандардын** (атайы белгиледик) заң-законун калыбына келтирет. Ошондон улам «Эр Эшимдин эски эрежеси» деген лакап калат. Эр Эшим казак, кыргыздарды баштап Орто Азияны отор кылып алган

---

[1] Бартольд В. В. Работы по истории и филологии тюркских и монгольских народов. /Собр. Соч. М., 1968. Т. V. С. 19.
[2] Бартольд В. В. Работы по Средней Азии. /Собр. Соч. М., 1963. Т. II. Ч. 1. С. 476.
[3] Бартольд В. В. Работы по Средней Азии. /Собр. Соч. М., 1963. Т. II. Ч. 1. С. 509-510.
[4] Бартольд В. В. Работы по истории и филологии тюркских и монгольских народов. /Собр. Соч. М., 1968. Т. V. С. 221.

калмактарды талкалап кирет. Ал «а» дегенде эле Ташкендеги калмактарды кубалап чыгат. Ташкен ал кезде он эки капкалуу чоң шаар экен. Алты капкасын казактарга, алты капкасын кыргыздарга берип, өзүңөр шаарга хан шайлап алгыла дейт. Казактар Улуу жүздөн чыккан Чанчкулунун кара Байтиги дегенди хан коёт. Кыргыздар акылдашып отуруп, багыштын Көкүмүн хан шайлашат»[1]. Демек, бул жомок кыргыз тарыхын баштан-аяк камтып, ордунда жок дептерде сөз болжолу ушул окуялар ж. б. арабдар басып киргенден мурунку огуз уруулары ирандыктардын (документте ерен) кол алдында калган учурлары жөнүндө жүрүшү мүмкүн деген ой жаралат. Ошондуктан, таанышып жаткан кишиге түшүнүктүү болсун үчүн баш жагы эскертүү менен Алымбеков Тургунбек жазган башка дептер (№10 иш) аркылуу толукталды (негизинен аталган дептерлер бир эле окуяны –арабдар келгенге чейинки кыргыздын тарыхы, Отор хандын [көп жеринде «кан» деп берилген] эмне себептен айтылып калганын түшүндүрүп жатып, Балыкоозду эскергенде Байтиктин баянына өтүп кеткендиктен, аны иретке келтирген илимий кызматкерлер ушул себептен гана бул дептерге башка иш № берип койгон түрү бар).

Эл оозунда сакталып калган оозеки тарыхтын түпкү дареги качандыр бир кезде бир болгон бир окуянын негизинде жаралганы ачык байкалат. Анча-мынча гана өзгөрүүлөр болбосо, кийин-кийин ар уруулар аны өздөрүнө энчилеп, акырындап өз тарыхына менчик кылып карап калышты. Ошондуктан, азыркы мезгилге чейин бул маселе боюнча бирдиктүү көз караштын жоктугу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Мындай көрүнүш акыркы кездерде өзгөчө күч алып, ар уруудан чыккан кээ бир азыркы тарыхчылар өз уруусун эң байыркы элдин башаты катары көрсөтүүгө аракет кылып киришти. Мисалга, алыс барбай эле өзүбүздү жана айланабыздагы кошуна элди алалы. Анда кыргыздар үчүн бардык элдин (ал эмес англис, немец, америкалык индеец, япондордун) түпкү теги кыргыз (ал түгүл майда уруулар – асыктар үчүн асык, катагандар үчүн катаган, төбөйлөр үчүн төбөй ж. б.), кыпчактар үчүн кыпчак, уйгурлар үчүн уйгур, өзбектер үчүн өзбек болуп чыгат. Бул жөнүндө көптөгөн тарыхтар жазылып, бир-бирине карама-каршы бир нече көз караштар сунушталып келет. Бирок, мурунку В. В. Бартольд, А. Н. Бернштам, Н. А. Аристов, С. М. Абрамзон ж. б., кийинкилерден К. К. Петров, Ө. Караев, Ю. С. Худяков сыяктуу окумуштуулардын изилдөөлөрүн айтпайлы, кыргыз тарыхына кызыккандар эмнегедир байыркы жана орто кылымдан калган жазма (мис., кытай жана араб-перс) маалыматтарды бир-бирине салыштырып, тактоого маани бербей калды. Бул маселе азыркы учурда өтө курч мүнөзгө айланып кетти, псевдотарыхчылар жазган дилетант тарыхты («фольк хистория»)[2] териштирүү үчүн өтө көлөмдүү китептерди жазууга болот.

Эми кыргыз тарых илиминин накта өнүгүү мезгилине карасак, анда ал жалпысынан үч этапка бөлүнөөрүн көрөбүз. 1) өз алдынча, же таза өнүгүүсү; буга негизинен бардык манасчылар жана кээ бир санжырачылар (мис., Балыкооз, Бала Айылчы, Акылбеков Алымбек, Осмонаалы Кыдык уулу) кирет. Кээ бир объективдүү жана субъективдүү себептерге байланыштуу аталган санжырачылар менен манасчыларга перс, чагатай, орус ж. б. тилдүү окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн таасири тийген эмес. Территориялык жагынан бул мезгил негизинен Ала-Тоо жана Алтайга гана байланышып эскерилет;

Улук-улук, улук тоо – аккан суусу тунук тоо,
Ошол тоону жердеген, ойон кыргыз болсун суу.
Ысык-Көл башы Каракол, күн чыгышы Нарынкол.
Ушул тоого орногон, кыргыз журту оң менен сол.
Агып жаткан Нарынкол, көргөндөргө дайын жол,
Музарт бели улук тоо, байыркыдан калган шол.
Түш жагында Кара-Тоо, түн жагында Ала-Тоо.
Дүйнө жүзү суктанган, түрк ордосу улуу тоо.
Оң чекеде чоң Алтай, айагында Гималай,

---

[1] Закиров С. Кыргыз санжырасы. Б., 1996. 89–90-б.

[2] Кара; Мокеев А. Кыргызы на Алтае и на Тянь-Шане. Б., 2010. С. 6-7.

Капталында Сарыкол, кайкып жаткан кең Алай,
Алтышаар, Түркстан, Тарбагатай оң түштүк,
Түн багытың Сары-Арка, түш тарабың Хиндустан,
Бир тумшугуң Ала-Тоо, Ташкен, Талас, Кара тоо,
Иле, Чүйдү талашкан, илгертеден далай жоо[1].

Бул жагынан алардан калган маалыматтар кыргыз тарыхы үчүн абдан маанилүү бойдон калмакчы.

2) Орус тилдүү тарыхчылардын (өзгөчө Г. Ф. Миллер, И. Э. Фишер, В. В. Бартольд, Ч. Ч. Валиханов) таасири тийиши. Буга тарыхчы Б. Солтоноев, санжырачылар Тоголок Молдо, Талып молдо; кийинки муундагы тарыхчылардан А. Н. Бернштам, К. И. Петров, С. Г. Кляшторный, А. М. Мокеев, В. П. Мокрынин сыяктуу окумуштуулар кирет. Аталган тарыхчылар менен санжырачылар негизинен жогорудагы окумуштуулардын көз карашын улантып, аны бекемдеп келишет, бирок бул тарыхчылардын көз карашы бир кылка эмес. Эволюциялык мүнөзгө ээ болуп, улам жаңы теориялар менен толукталып жатат. Территориялык жактан бул этап негизинен Түштүк Сибирге (Алтай, Кыргыз-нор көлү, Иртыш-Енисей өзөндөрүнүн аралыгы, Минуса ойдуңу ж. б.) байланышкан. Бирок, бул жерден Ч. Ч. Валихановдун кыргыздар Енисейден келген деген көз карашка күмөн саныганын эске албай коюуга болбойт: «...элдин өзү андан тап-такыр баш тартса, көчүп келишин билбесе, эстеринде калбаса жана өзүлөрүнүн мекенин бир ооздон Анжиян тоолору деп эсептешсе, айласыз кыргыздарды анжияндыкпы дегиң келет. Чынында эле тоолук (түп нускада «дикокаменные») кыргыздар азыркы жеринде, б. а. Кашкар тоолорунан Анжиянга чейин эчактан бери жашап келишкен» дейт[2].

3) Мусулман (араб, перс, чагатай), кытай жазма маалыматтарынын кененирээк которулуп, колдонушу жана археологиялык казуулардын жаңы жыйынтыктары менен кошо кыргыз этносунун нукура өзгөчөлүктөрүнө көңүл бөлүү: Буга тарыхчылардан Ө. Караев, С. М. Абрамзон, Ю. С. Худяков; санжырачылардан Үсөйүн ажыны атоого болот. Булар территориялык жактан көбүнчө Тянь-Шандын чыгышы, же Чыгыш Түркстанга басым жасашкан. Ал эми акыркы мезгилде жүргүзүлгөн көптөгөн көз карандысыз археологиялык изилдөөлөр мурун чыккан жыйынтыктарды тап-такыр жокко чыгарып жатат. Мисалы, «А. Н. Бернштам сунуштаган IX к. Тянь-Шандагы аты менен кошо көмүлгөн сөөк кыргыздарга эмес, түрк тилдүү башка этноско тийиштүү. Андай каталыктардын кетишине С. В. Киселев, Л. А. Евтюхова жана В. П. Левашовалардын кыргыздардын аты менен кошо көмүүгө өткөн версиясы себеп болгон. Ал азыр башкача каралат»[3]. Бул жерден С. В. Киселёвдун эч кандай түшүндүрмө бербестен Л. А. Евтюхованын «VII-VIII кылымдар» деген сөзүн бир кылымга жылдырып, «VI-VIII к.» деп коюшун дагы белгилей кетүүгө туура келет[4].

Ал эми Н. А. Аристовдун эмгегинде[5] башка маалыматтар аркылуу колубуздагы Балыкоздун санжырасы бекемделет, болгону бул тарыхчы өз көз карашын так кесе айта алган эмес. Эгер ал окумуштуу Балыкоздун өзүнөн маалымат алып калганда, кыргыз тарыхына байланышкан көптөгөн карама-каршы пикирлер өзүнөн-өзү жок болмок эле демекчибиз. Албетте, аталган жана аталбаган санжырачы, тарыхчы-окумуштуулардын (тарыхка ышкыбоздорду буларга кошо албайбыз) эмгектери кыргыз тарыхын окуп-үйрөнүүдө анын ажырагыс бөлүгү болуп саналып, өз алдынча караганда да кандайдыр бир деңгээлде сөзсүз чоң салым кошуп келгенин танууга болбойт. Ошондой болсо да тарых

---

[1] КР УИА КЖФ Инв. № 808. 123-б.
[2] Валиханов Ч. Ч. Записки о киргизах. //Собр. Соч. в пяти томах. А.-А., 1985. Т. II. С. 51, 55, 57, 59.
[3]Бутанаев В. Я., Худяков Ю. С. История енисейских кыргызов. Абакан, 2000. С. 137–145.
[4] Азбелев П. П. Общество и государство енисейских кыргызов в VII-VIII вв. //Вестник СПбГУ. 2009. Сер. 12. Вып. 4. С. 85, прим. 8.
[5]Аристов Н. А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы. Б., 2001.

илими эч качан бир жерге токтоп калбайт, изилденип бүтө элек жана изилдөөгө алына элек дагы көп нерселер бар. Алардын ичинен жогорудагы биринчи этаптагы мезгилге тиешелүү «Манас» эпосу өзгөчө орун ээлейт. Биздин гана эмес, дүйнөлүк тарых үчүн да мааниси зор. Эмне дегенде, ал кыргыз эле эмес жалпы Орто Азия элдеринин тарыхынын узак мезгили жана салт-санаасы, этнографиялык өзгөчөлүктөрү ушул эпосто камтылып, окуп-үйрөнүүдө да анын ажырагыз бөлүгү болуп эсептелет.

Тарых илиминин милдети болсо ошол элде айтылган тарыхты башка маалыматтарда сакталып калган кыйыр жана түз факты, далилдерге салыштырып изилдеп, тактап, бир жыйынтык чыгаруу болуп саналат. Ошондой маанилүү маселелердин бирине кыргыз элинин чыгышы, калыптанышы жана өнүгүү (генезис) маселелери кирет. Анткени, ал маселе жалгыз гана кыргыз элин эмес – территориялык жактан бүтүндөй Борбордук Азия менен Сибирдин түштүк, түштүк-батышын кучагына толук камтып, бир нече улут, өлкөлөрдүн тарыхына тийешелүү маселеге айланган.

Бирок, кошумча материал-маалыматтарсыз кыргыз тарыхын «Манас» эпосун толук түрдө изилдеп чыгуу мүмкүн эмес. Мисалы, «Манас» эпосун изилдөөгө алышкан окумуштуулар да (Э. Абдылдаев, И. Молдобаев ж. б.) кыргыздардын адегенде Алтайга сүрүлүшүн, жана андан кайра өз жерине көчүшүн, же болбосо эмне үчүн Манас «байыркы жери» – Енисей эмес, баса белгилейли, тескерисинче батышка – Иле бою, Каркыра, Ысык-Көл, Соң-Көл, Ат-Башы, Тогуз-Торо, ж. б. сыяктуу канча деген белгилүү, кооз жерлердин ичинен жалгыз гана Таласка көчүп келди деген суроого жооп таба алышпайт. Мисал келтирсек, «...ата-бабасынын жери Анжыян, Алайга көчө турган болот. Айдаркан баштаган казактар Каркыра аркылуу Жылдызга карап, Сарыаркага көчүшөт. Үрбү баштаган кыпчактар Баркөл, Керкөлдү басып, Чүйдүн башы Кеминге келет. Кошойдун кеңеши боюнча Манас Таласка келип конот». Эпосто кандайдыр бир кыйын абал болсун, элдин үмүт-тилеги, ой-пикири эргүү менен даңазаланган өзгөчө ажайып кооз жер кыргыздардын өлкөсү – Таласты сөзсүз түрдө киндик каны тамган жер деп айтылат. Ошондуктан «Алтайда туулган Манас элин баштап Таласка келет. Атасы Манас, жери Талас экенин билген Семетей да Букардан кайтат... »[1]. Бардык маселенин түйүнү ушул жерде. Андыктан, кыргыз элинин калыптанып, түзүлүшү канча изилдөөгө алынса дагы (тескерисинче, изилденбесе деле), жөнөкөй логика аркылуу бул суроого акыры бир күнү жооп берүүгө туура келет. Колубуздагы Балыкооздун санжырасы азыраак болсо дагы ушул сыяктуу суроолорго жооп бере алат.

Көңүл бура турган дагы бир нерсе, байыркы кыргыздар кайсыл тилде сүйлөгөнү бизге али белгисиз[2] болсо дагы, В. В. Бартольддун «енисей» теориясы менен таанышкандан кийин кыргыз тарыхында Енисейди «Ээнсай», «Эне-Сай»[3], Минуса (Минусинск) ойдуңун «Миң-Өзөн»[4] (же «Мөңгү-Суу») деп бурмаланган (лингвофрикалык метод) аталышты колдонуу адатка айланып, орто кылымдагы түрктөр дарыяны (суу, өзөн) «арык» же «укуз» деши[5] эске алынбай калды. Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө «сай» – таштак жер[6], б. а. азыркы учурда деле муз доору же селден кийин пайда болгон байыркы суулардын нугун «сай» деп аташат. Мисалы, Кочкор өрөөнүндөгү байыркы руна жазуусу сакталып калган жердин аты «Көк-Сай» болгону менен ал жерде эч кандай суу акпайт. Енисей-Орхондон табылган руна жазууларында (VIII к.) дагы дарыя-суулар «окуз» («укуз») түрүндө кезигет.

---

[1] кара: Манас энциклопедиясы. Б., 1995. 31-б.

[2] Бартольд В. В. Работы по истории и филологии тюркских и монгольских народов. /Соч. М., , 1968. Т. V. С. 214.

[3] Молдобаев И. Б. Эпос «Манас» как источник по истории государственности кыргызов. Б., 2004. С. 24; Кыргыздар: санжыра, тарых, мурас, салт. /Түз. К. Жусупов. Б., 1991. 8-б.

[4] Кыргыз Тарыхы. //Энциклопедия. Б., 2003.

[5] Диван Лугат ат-Турк Махмуда ал-Кашгари. /Перевод, предисловие и комм. З.-А. М. Ауэзовой. А., 2005. С. 99, 172.

[6] Ошол эле жерде. С. 858.

Тогла суусу – «Toγla ügüz»[1], Сыр-Дарыя – «Йенчу-окуз»[2], Бай-Булуң I (Е-42) жазуусунун 3 сабында азыркы Енисей (б. а. азыркы ураа-патриоттор колдонгон «Эне-Сай», «Ээнсай») – «Kim ögüz»[3] деп аталган, демек Минуса суусу «Миң-Арык» же «Миң- Окуз»; Енисей – «Эне-Сай», ал түгүл «Анá-Сув» эмес, «Анá-Окуз» болмок. Мындан тышкары Д. Исаевдин көз карашындагы Кыргызстандагы Жети-Өгүз деген аталыштын мааниси байыркы уйгур тилиндеги «бийиктик» (идиз – idiz =өгүз)[4] деген сөзгө эмес, Жети өзөнгө (Ат-Жайлоо, Асантукум, Жети-Өгүз; Айланыш, Арчалы-Төр, Телети, Кашка-Суу) байланышкан[5]. Буга мисал, ошол эле Кочкор өрөөнүндө Кара-Өгүз деген кичине суу бар (Көл-Үкөктүн сол куймасы), бирок ал бийиктиктен агып келбейт, суу алдындагы таштардын өңү каралжын түстө. Көрүнүп тургандай нечендеген кылымдар бою бул өзөндүн байыркы аталышы эч өзгөрүүсүз сакталып калганы менен М. Кашгаринин сөздүгү болбогондо бул гидронимдин этимологиясы өгүзгө (мал) байланышып калмак.

Экинчиден, жогоруда эскерилген Кытай династиялык хроникаларындагы кыргыздар тууралуу эң алгачкы маалыматта «[Маодунь] түндүктөгү хуньюй, цюйшэ, динлин, гэгунь (кыргыздар – Т. Э.), синьлилердин ээлигин (владения) багындыргандан кийин сюннулардын ак сөөк жана мартабалуу төрөлөрү (сановники) [анын] бийлигин таанып», алар «Маодунь шаньюйдун акылмандыгына баш ийгени» белгиленет[6]. Владения – жер, территория (көбүнчө кандайдыр бир мамлекетке караштуу жер, территория). Бирок көрсөтүлгөн мезгилде (б. з. ч. II кылым) Енисей дарыясынын ортоңку агымында эч кандай мамлекет же болбосо башка административдик түзүлүштөрдүн болгону тууралуу бир дагы кабар жок[7]. Аталган аймакта мамлекеттик түзүлүш биринчи түрк кагандыгынын пайда болуу мезгилинде же эрте түрк дооруна (б. з. V–VI кылымдын орто чени[8]) туш келет. Ал эми Күлтегинге арналган (VI кылымдын экинчи жарымы) эстеликте (көлөмдүү жазуу) кыргыздар негизги (титулдук) улут эмес, курыкан, отуз татар, кытаң, татабдар менен катар экинчи даражадагы элдердин бири катары сүрөттөлөт[9]. Мындай фактыларга сөзсүз анализ берилиши керек.

Үчүнчүдөн, ошол эле кытай маалыматтарында кыргыздар жашаган аймакта адамдар жаз, жай, күз, кышты ажыратышы үчүн ар бир үч ай жылдын бир мезгилин түзө тургандыгы көрсөтүлөт[10]. Сибирде ар бир үч ай бир мезгилди түзбөйт. Демек, көптөгөн кыйыр фактылар, ошондой эле хунндардын доорунда эле кыргыздардын өз алдынча административдик түзүлүшкө ээ болушу кошумча суроолорду туудурат, болбосо б. з. ч. III кылымда Енисейде өз алдынча ээлик (мамлекет, административдик түзүлүш) калыптанып бүткөнү факты жүзүндө далилдениши керек. Негизи тигил же бул элдин (уруулардын) этногенезин так окуп-үйрөнүү үчүн «илимий чөйрөдө колдонулуп келген жана мурда

---

[1] Орхон-Енисей тексттери. Б., 1982. 103-б.

[2] Аманжолов А. С. Қазақ тілі теориясының негіздері. А., 2002. 153-б.

[3] Кормушин И. В. Тюркские енисейские эпитафии: грамматика, текстология. М., 2008. С. 131.

[4] Исаев Д. Жер-суу аттарынын сыры. Ф., 1977. 123-135-б.

[5] Турганбаев Э. Еще раз к проблемам этногенеза древних огузов (на примере кыргызов и казахов). Б., 2014. С. 24.

[6] Таскин В. С. Материалы по истории сюнну. М., 1968. С. 41, 136, прим. 111.

[7] Азбелев П. П. Первые кыргызы на Енисее. //Вестник СПбГУ. 2008. Серия 12. Вып. С. 461-462; Азбелев П. П. Общество и государство енисейских кыргызов в VII-VIII вв. //Вестник СПбГУ. 2009. Сер. 12. Вып. 4.
С. 78; Кляшторный С. Г. Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. М., 1964. С. 34-35.

[8] Савинов Д. Г. Народы Южной Сибири в древнетюркскую эпоху Л., 1984. С. 6-7.

[9] Орхон-Енисей тексттери. Б., 1982. 64-б.

[10] Кюнер Н. В. Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. М., 1961. С. 58.

колдонулбаган археологиялык, антропологиялык, этнографиялык, анын ичинде фольклордук, лингвистикалык, ошондой эле жазма (тарыхый) кабарлардын бардыгы – болгон маалыматтар менен материалдар толук колдонулууга тийиш»[1].

Дагы бир өкүнүчтүү нерсе – бул, санжыраларды изилдөө үчүн дагы да болсо кошумча маалыматтардын жетишсиздиги. Андагы айтылган окуялар тууралуу кыргыз тарыхы (Академиялык басылышы ж. б.) эскербейт. Ал окуяларды биринчилерден болуп кеңири изилдеген Л. Гумилев болгон. Ошондуктан түшүндүрмө негизинен анын эмгеги жана Н. Я. Бичуриндин 3 томдук котормосу, Н. В. Кюнердин ж. б. котормолору аркылуу берилди. Бирок, Л. Гумилев дагы баштапкы кол жазмалардын жетишсиздигинен байыркы урууларды майдалап, кененирээк кароого умтулган эмес. Натыйжада, Борбордук Азияда негизделген 1-каганаттын (546–658) тушундагыларды «түркүт», 2-каганаттагыларды (678–747) «көк түрк», жалпы жонунан алардын баарын «түрктөр» деп атайт дагы, аталган эмгегин жазуу максатын түшүндүрүп жатып, «байыркы түрк элинин тарыхын жана алар түзгөн державаны дүйнөлүк тарыхтын фону аркылуу карасак, анда артында өчпөс ат калтырып, аларга эч тиешеси жок болсо да өз атын көптөгөн элге мурас кылып кеткен түрктөр кайдан пайда болуп, эмне себептен жок болду деген маселе чыгат. Бул маселени жалгыз гана саясий тарых, же социалдык мамилелерди анализге алуу аркылуу чечүүгө көп эле жолу аракет жасалып», бирок алардан эч майнап чыкпаганын айтып келип, «адамзаттын тарыхына зор таасир тийгизген байыркы түрктөр чынында аз санда болуп, Кытай жана Иран менен жакын турушу алардын ички иштерине ошончо таасир бергенин эскертет да, андан ары 756-ж. Тан императору түрктөрдү толук кырып салганын айтып келип, бирок «түрк» деген ат жоюлган жок. Ал эмес, алардын аты Азиянын жарымына тарап кетти. Арабдар Согдиананын түндүгүндөгү каарман көчмөндөрдүн баарын тегиз түрктөр деп атай баштаганда, алар аны кабыл алды... » дейт[2].

Балыкооз болсо тескерисинче негизги урууларды огуз (угуз) деп белгилеп, бир дагы жеринде түрк менен уйгурларды атабайт. Бул жерден Балыкооздун (же Алымбеков Т.) **Абул Газы Бахадур хандын** «Родословное древо тюрков» деген кол жазмасын (Казан, 1906) көрсө дагы, анын түпкү маңызы менен анча тааныш болбогону көрүнүп турат. Башкача айтканда, кыргыз-огуздар (казак, коңурат, катаган, жедигер, тайчык, маңгыт ж. б.) өзүнүн түрк экенин билишкен эмес. Мындай жагдай кыргыз тарыхы үчүн өтө маанилүү. Анткени, салыштырмалуу түрдө илимде «түрктөр» деп аталып жүргөн уруулардын[3] санжырасында Огуз хандын (Ууз, Угуз) ысымы кеңири тараган. Ал боюнча, түштүгү Мисир, батышы Бараңга чейин аймакта жашаган элди баш ийдирип, зор империя түзгөн улуу каган. Кыргыздарда «Ууз кан» деп да айтылат. Угуз кандын эки аялы болуп, алардан төрөлгөн балдар эки канат эл болот. Биринчи аялы асман кызы болуп, андан Күн, Ай, Жылдыз деген үч уул, Жер сулуусунан Көк, Таг, Тенгиз деген үч уул болот. Абулгази

---

[1] Аталган эмгек. С. 16.

[2] Гумилев Л. Н. Древние тюрки. М., 1993. С. 4.

[3] Чынында кыргыздар жөнүндө анык кабар түрктөрдөн 6 кылым мурда кезигет, ал эми огуздардын качан пайда болгону белгисиз; мис., «Токуз-огуздар Орто Азияда да турган деген маалымат азыр орхон жазуулары менен далилденип, натыйжада анын токуз-огуз (уйгур эмес) экени талашсыз болду. Ал жазуу аркылуу биринчи жолу өзүлөрүн түрк (кытай тыбышы менен тукюе) деп атаган эл огуздар болгону көрүнүп турат» [кара: Бартольд В. В. Работы по истории и филологии тюркских и монгольских народов. /Соч. М., , 1968. Т. V. С. 40; Работы по отдельным проблемам истории Средней Азии. /Соч., Т. II. Ч. 2. М., 1964. С. 203; Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 1996. С. 404], ошондуктан «байыркы түрк тили», «байыркы түрк маданияты», «байыркы түрк жазуусу» ж. б. деп жасалма атоолор башка, алардан да байыркы эл, уруу бирикмелеринин тарыхтагы ордун ачууга бөгөт болуп келүүдө, анткени түрктөрдөн мурунку уруулар дагы ушул эле тилде сүйлөп, маданий жана саясий турмушунда түрктөр алардын түздөн-түз улантуучусу болгону эске алынбай келет.

боюнча Угуз кандын бир небереси Кыргыз кан. Манас эпосунда Манастын түпкү аталарынын бири Угуз хан болгон[1].

Бирок, жогоруда Л. Гумилев көрсөткөндөй жоюлуп кетүү абалына жалгыз эле түрктөр туш келген эмес. Улам бир нече майда хандыктар жок болуп, анын ордуна держава, же империянын пайда болушун мисалы, Чыңгыз хандын тушундагы моңголдордун тарыхы менен салыштырууга болот. Эгер Чыңгыз хан болбогондо ал жерде канча деген майда уруулар өсүп, көбөйүп, алар өз алдынча хандыктарга тарап кетишмек. Кыргыздардын да XIX кылымдын биринчи жарымында ошондой эле абалга туш келгенин, б. а. түштүк жагы Кокон хандыгына карап калса, түндүктөгү уруулардын ар кимиси өз алдынча болууга аракет жасай баштаганда, Ормондун хан көтөрүлүшү аркылуу көрөбүз. Бул эч качан токтобогон тарыхтын татаал процесси. Бирок объективдүү, субъективдүү факторлорго байланыштуу Ормон хан Чыңгыз хандай болуп, урууларды бириктирүүгө чамасы жетпей калды. Аларды дагы Балыкооздун санжырасы аркылуу түшүнүүгө болот. Тарыхый аренадан көптөгөн уруулар жок болгон, т. а. башка урууларга сиңип кеткен. Жөнөкөй сөз менен айтканда түпкү теги, тили, каада-салты дээрлик окшош уруулар объективдүү себептерге байланыштуу жылышып, бир-бирине аралашып, жаш муундар көбөйгөн сайын, жаңы уруулар да көбөйүп, алар өздөрүнө улам кийинки атасынын ысымын беришет. Муну кыргыздын ичиндеги солто уруусу аркылуу карасак, анда алар XVIII к. негизинен «бөлөкбай» – «талканга» бөлүнсө, кийинки кылымда «талкан» уругу да өз ара бөлүнүп, «эшкожо», «канай», «жайыл» ж. б. аталып, аларга канайлар үстөмдүк кылып калышкан. Канайлар эшкожону аз жерден чаап ала турган болгонун Балыкооздун өзү да эскерет. Ал эми башка изилдөөлөрдө «...Түлөберди (талкан бөлүкчөсүнөн) манаптын уулдары атасы (болжол менен 1758-жылдары туулган – Т. Э.) өлгөндөн кийин букараларды мурас катарында энчилеп бөлүп алышкан. Бөлүштүрүүнү уулдарынын бири – Чыны башкарган. Ал өзүнө беш көөрүк жана мааке уруктарын алган. Эшкожого – жоочалыш, шалта жана карасакал (акбуура уругунун бир бөлүгү) уруктарын, Карбоско – асылбаш уругун берген». Ошону менен жылдар өтүп, 1867-ж. талкан уруусунун чыр-чатактарынын натыйжасында байсейит негизинен Талас жакка ооп, бошкойлор Кара-Балта өзөнүнөн батышты карай, казактын дуулат уруулары өз ыктыяры менен бөлүп берген жерге келишет (Чүй өрөөнүндөгү азыркы Панфилов району). Көрсөтүлгөн уруктардын манаптары менен кошо аларга көз каранды болгон жүздөгөн малчы чарбалар да жаңы жерге кошо келип, ушундан баштап Талас өрөөнүнүн жергиликтүү калкынын бир бөлүгү да солтонун манаптарына көз каранды болуп калат. Олуя-Ата уездинин курамында солтолор жайгашып турган эки болуштуктун пайда болушу, ошондой эле Талас өзөнүнүн өрөөнүндө да солтолор жайгашып, жашап калышы ушул жагдай-шарт менен түшүндүрүлөт[2].

Булардан тышкары кээ бир кол жазмалардагы маалыматтар Балыкооздун санжырасын бекемдей алат. Санжырада кезиккен уруулардын түпкү теги бир экенин, алардын бир тилде сүйлөшкөнүн көрөбүз. Муну орто кылымдын кээ бир тарыхчылары да ырастайт (мис., Истахри, Марвази, М. Кашкари ж. б.). Жада калса перстер менен да тилмечсиз сүйлөшүүгө мүмкүнчүлүгү болгон. Ошондуктан, алдыдагы санжыра алына жараша кыргыз тарыхына тиер пайдасы чоң деген ойдобуз.

Артыкчылыгы болсо алар (манасчылар) айткан санжыралардын тазалыгында. Башкача айтканда, аларга бирөөлөрдүн пикирин, көз карашын эске алуунун кереги жок болчу. Укканы уккандай, көргөнү көргөндөй сакталып, санжыра-жомоктун мааниси баштапкы теги боюнча калган. Демек, көптөгөн белгилүү окумуштуулар түшүнө албаган кээ бир суроолорго жооп бере алат. «Оозеки чыгармачылыктын эң мыкты үлгүлөрү алтайлыктарда, кыргыздарда жана тилин так түшүнүүгө жолтоо болгон кыйынчылыктарга

[1] кара: Манас энциклопедиясы. 307-б.

[2] кара: Абрамзон С .М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б., 1999. 653 – 656-б.

карабай, балким, амазондук индеецтер менен Австралиянын аборигендеринде сакталып калган. Бирок ал кыйынчылыктар эч нерсе эмес. Эң башкысы аларды «артта калган» этностор деп карооого болбойт, эң эле алдыңкы, б. а. өтө акылман карыялыкка жеткен чагы»[1].

Кыргыз тарыхындагы эң негиздүү маселелердин бири – кыргыздардын накта мусулман эместиги. Бардык маселенин түйүнү ушул жерден башталган. В. В. Бартольддун пикирине таянсак эгер кыргыздар бул аймакта байыртадан бери жашаса, анда алар Мухаммед Хайдардын алдында толук мусулман болуп калмак. Демек, айласыз кыргыздардын Енисейден келишине макул болуу керек! Ошондуктан, «...кыргыздар 1420-жылдарда кол салып турушкан калмактар менен келип, ...калмактар кайра кетип, кыргыздардын кээ бир уруулары болсо Тянь-Шанда биротоло туруп калган»[2]. Бирок, Мухаммед Хайдар эмгегинин бир да жеринде кыргыздардын башка аймактан келгенин эскербейт. В. Бартольдду дагы түшүнүүгө болот, анткени анын тушунда азыркыдай археологиялык казуулар жүрбөй жана кыргыз тилинин өзгөчөлүктөрүнө да көңүл бурула элек болчу.

Эң негизги артыкчылыгы кээ бир окуялардын башка жазма тарыхый даректер менен дал келишинде. Мисалга кыпчактардын казак, кыргыздын арасына сиңип, Кашкарга кирип кетишин алсак болот. Ал окуялар Н. Я. Бичурин менен К. Н. Кюнердин котормосундагы кытай хроникалары менен да далилденет. Кээ окуялар же тарыхый персонаждар дагы башка араб-перс жазма маалыматтары менен толук далилдениши мүмкүн, бирок тилекке каршы, буга чейинки котормочулар өз элине тийиштүү этностордун аталышына гана карап, ошолорго тийиштүү жерлерин гана которууга аракет кылып келишти (мис., кыргыздар «кыргыз», түркмөндөр «түркмөн» этносуна ж. б.)[3]. Эгер ал авторлордун эмгеги толук которулуп, тарыхчыларга сунуш кылынса дагы көптөгөн маселелер чечилиши ажеп эмес эле. Ошондуктан Балыкооздун санжырасына түшүндүрмө берүүдө толук эмес болсо дагы ага түздөн-түз байланышы бар тарыхый маалыматтар менен изилдөөлөр кыскача көрсөтүлдү. Анткени кыргыз элинин этногенезин окуп, үйрөнүү үчүн бири-бирине карама-каршы болгон күнү да ага тиешелүү бардык маселе көңүлгө алынууга тийиш.

Э. Турганбаев

*Эскертүү:* Кол жазмада орфография, пунктуация, стилистикалык эрежелер дээрлик сакталбагандыктан, кээ бир түшүнүксүз сөз менен сүйлөмдөргө (?) белгиси, окулбай калган жерлерге --- коюлду. Бирок алар абдан аз. Белгилүү себептерге байланыштуу пунктуациялык белгилерден башка каталар оңдолгон жок, түп нускада кандай болсо так ошол бойдон берилди. Ал эми, санжыранын ичиндеги кээ бир окуялар тууралуу маалымат буга чейин жетиштүү түрдө берилгендиктен, аларга түшүндүрмө атайы берилген жок.

---

[1] Гумилёв Л. Н. Конец и вновь начало. Популярные лекции по народоведению. М., 2008. С. 334.

[2] Бартольд В. В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 1996. С. 219-220.

[3] кара: Материалы по истории кыргызов и Кыргызстан**а.** Б., 2000. Т. 1-2; Хрестоматия по древней и средневековой истории Кыргызстана. Б., 2007. Т. 1-2. Сост. Т. Д. Джуманалиев; Материалы по истории туркмен и Туркмении. М.-Л., 1939.

## Отор хан, же арабдар келгенге чейинки кыргыздардын тарыхы*

...Атам Алымбек ырчы-акын эмес, бирок эскиден калган ырлар, казакча өлөңдөр, узубекче байиттер, жана лакап сөздөр, эл оозунда калган жана арабча, иранча, түркчө которулган жазуучулардын, шайырчылардын, тарыхчылардын, аты белгилүү болуп калган адамдардын жазган китептери менен, басмага басылбай калган китептери менен көп таанышкан адам. Байыркы Египет, Мисир, Жупанилер (? жапондор), балким гректер, индилер, пани (бани) исраилдер, кытайлар жана Жорупа (? Европа) элдеринин адабияты, маданияты, тарыхы менен тааныш эле. Өзү билимди жакшы көргөн адам эле. Арапча аптиек, куран, чааркитеп, сопуалдаяр – Новаи, Фузули кана окуган адам эле. Ар журттун билимдүү адамдары менен көп аңгемелешкен адам. 1905-жылдан баштап гезит-журнал алып, тааныш болгон адам, саяси жагынан да тааныш адам эле. Өзү окубай калганына арманда адам эле. Орус калкы [менен] көп аңгемелешкен, орус жазуучуларынын баарынын атын билүүчү эле. Когул, Тургенев, Пушкин, Лермонтов, Толстой, Достоевский, Крылов – ушулардын сөзүнөн айтып, кошуп отурчу эле. Элден мурун эле оруста Ломоносов болгон экен, жазуучу дечү эле. Брегресиб (? прогрессив) деген жол бар, адам баласы ошол жолго түшпөй, оңолбойт. Бул фантазиялык жол менен жүрө берсе деги оңолбойт дечү, атам Алымбек. Орусча окубаган адам эле, бирок өзү көп керектүү болгон орустар менен сүйлөшүп алчу.

Эми ошол адамдын мынабу сөзүн жазган – Оторкан деген жомокко кире турган, эл оозунда калган сөздөр[1], аз ырлары бар эле. Ошону жаздым. Атам Алымбектин Оторкан жөнүндө Балык айтты эле деген, кичине кезимде уктум эле деген, ырын. Оторкандын жазуусунун ичинде бар. Экинчи аты чуулу Атылакан (?«экинчиден» кийин үтүр жок, ошондуктан Отордун экинчи атын айтып жатканы белгисиз, эки жактуу түшүнүүгө болот, туурасы «экинчи аты аты чуулу Атылакан» болуш керек эле) болмогунун себеби – аны ошол Атылакандын жөнүн жазган жер бар, окуп көрөсүздөр. Эми андан кийинки сөздөр, ырлар, кыргыздын тогуз кумалагы, чүкө аткан Ороздун ордосу болгондо жумушун борозкер бол [деген] калган. Ороздунун 12 (? 2) колунда кумалак калат. Ошол Ороздон калган сөз, барсаң Оторго бар. Оторчулар, Отор деген сөз Отор хан болгондо, Отор шаарын салганда айтылып калган сөздөр дечү эле. Баракан кан болгондо, 10 сан Баракан болгондо, 10 сан Ногой болгондо, ай ааламды алган Аланча кан болгондо, 40 сан Крым болгондо[2], Бооркер тууган Боруукe болгондо, кой үстүнө боз торгой жумурткалаганда, аты чуулу Атылакан[1] атын чыгарам дегенде, эл оозундагы сөздөр.

---

* Шарттуу түрдө аталды. Түп нускасында «Кыргыздардын келип чыгышы» деп аталып, бирок ага б. з. 18–20-кылымдагы башка окуялар да кирип калган.

[1] Отордун хан болушу жана анын шаар курушу тууралуу кабар төмөндө кеңири берилет.

[2]...Түркүттөр бир эле мезгилде чыгыштагы жүрүшү ийгиликтүү аяктаса, батышта да ошондой эле жеңиштерге ээ болгон. Тилекке каршы, мындай өтө маанилүү окуялар тарыхый даректерде кеңири чагылдырылбайт, бирок бул жүрүштү жалпысынан көрсөтүүгө болот. Батышка жасалган жүрүшкө Бумындын иниси Истеми хан кол башчылык кылган. Истеми хан мындан мурда да Бумынга жардам берип, мүмкүн өзү менен уруулаш угорлорго тиешелүү түндүк алтайлык он чакты кол башчыга жетекчи болгон... Истеминин жүрүшү 552-жылдан кийин болгон, анткени арабдар бул кезде өз алдынча уруу катары Бумындын өлүмүнө байланыштуу көңүл айтып, белек беришкен, же 553-ж. күзүндөгү жужаңдар толук талкаланышынан кийин болушу ыктымал. Жүрүшкө чыгуунун эң ыңгайлуу учуру – жужаңдар толук талкаланган 554-жылдын жаз айы болушу мүмкүн. 555-ж. алар «Батыш деңизине» жеткен, аны Арал деңизи деп түшүнүүгө болот. ...Түксназ башында турган түркүттөр 570-жылдан 576-жылга чейин Түндүк Кавказды багындыруу менен алектенген. Византиялыктардын жардамы аркылуу бийликте турган Гуарам Баградит алардын (түрктөрдүн – Т. Э.) аркасы менен Картлинин тагына ээ болду (575-ж.). *Гумилев Л. Н. Древные тюрки. М., 1993. 49-б.* Көптөгөн манасчылар менен

Крым-крым болгондо,
Урум-урум болгондо[2],
Уулу өлбөгөн Урумда жок,
Кызы өлбөгөн Кырымда жок.
Энеси өлбөгөн элде жок,
Атасы өлбөгөн ааламда жок.
Катыны өлбөгөн калкта жок,
Өлбөй калган салтта жок.
Өлүмдүн теңизинен сакта,
Андан калса тегизинен сакта,
Кандын каарынан сакта,
Каракчынын дооматынан сакта,
Бакпай балааңдан сакта,
Жакпай жааланддан сакта,
Капсалаң жуттан сакта,
Караөзгөй болгон доодон сакта,
Аңдыган уурудан сакта,

---

баарлашып, анын тарыхын манасчылардын (мис., саруулардан Алаш; саяктан Кыштообай уулу Медер; бугудан Дыйкамбай, Акылбек; сарыбагыштан Найманбай; белгилүүлөрдөн Сагымбай Орозбаков, Тыныбек ж.б.) өз оозунан тактаган тарыхчы Б. Солтоноев Манастын Жакыптан мурунку ата-бабалары 1) Түмөн (кыт. Тумынь–Или-хан [Иле дарыясынын атынан, башка варианты Или – эл, держава] 553-ж. март айында өлгөн, эң кызыгы кытай хроникасындаТумынь өлгөндөн көп өтпөй анын кичүү уулу Кигинь адегенде жужандарды, анан батышта Идуну, чыгышта Кидандарды талкалап, түндүктөгү Цигуларды (кыргыз – Т. Э.) багындырганы айтылат (кара: *Бичурин Н. Я. (ИАКИНФ)* Собрание сведений о народах, обитавших в Средей Азии в древние времена. А., 1998. Т. 1, 232–233 б.), 2) Бөөн хан (Бумынь), 3) Кара хан (кыт. Томань, Бичурин боюнча Өгүз (Огуз) хан, бул жөнүндө **30-түшүндүрмөдө** кененирээк маалымат берилди) болгонун белгилейт (кара: *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. Б., 1993, Т. 2. 135–136-б.). Аталган манасчылардын кытай хроникасы (Бичуриндин котормосу) менен тааныш болушу мүмкүн эмес. Демек, алар пайдаланган алгачкы окуялардын башаты бир экенин түшүнүүгө болот. Сан – он миң. Мындай эсептөө 18-к. деле жүргөн (кара: Казахско-русские отношение в XVII–XVIII веках (Сб. Документов и материалов). А., 1961. Док. №186).

[1] Аланча, Бооруке, Атыла хандар тууралуу түшүндүрмөлөр кийинчерээк берилет.

[2] Башкача айтканда Византия. Император Феодосий өлгөндөн кийин Рим империясы Батыш жана Чыгыш болуп экиге бөлүнүп, анын уулдары – Гонорий Батышын; Аркадий Чыгышын алган. 476-ж. Батыш Рим империясы куласа, борбору Византиум (Константинополь – азыркы Стамбул) болгон Чыгыш Рим империясы тескерисинче күч алып, чек арасы түрктөр менен чектешип калган (кененирээк маалымат: *Гумилев Л. Н. Аталган эмгек; Ф. Симоктатта. История /Великая степь в античных и византийских источника* деген китепте. *Сост. А. Н. Гаркавец. А., 2005*). Крым деп азыркы Крым жарым аралы эмес, Кара деңиздин чыгышы менен түндүгү деп түшүнүү керек. Түрк атанган элдин Крымды алышы боюнча азырынча кеңири изилдөө жүрө элек. «Утугурлардын колдоосу менен 576-ж. түркүттөр Босфорду алып, натыйжада түрктөрдүн (түркүт) римдиктер менен согуша баштаганы белгилүү болуп калды. Түркүттөрдүн чабуулу аны менен эле аяктаган жок. Алар Крымга кирип барышат, бирок ал жерден кайра артка сүрүлүшсө керек. Андан кийин түркүттөр Батыш Кавказ аркылуу Византияга жетүүгө аракет кылышат, бирок түндүк чек арасы Кавказ тоо кыркасы менен чектелген Эгриси падышалыгынын каршылыгына туш келишет. Муну менен Византия үчүн түрк коркунучу жоюлган» (кара: *Гумилев Л. Н.* Аталган эмгек. 50-б.).

Абайсызда тийген жоодон сакта; ошондо калган сөз дечү эле атам. Дагы башкалары бар. Ошол Куту Кунуга[1] барып, зырят кыла барганда айтуучу сөздөр экен, барган адамдын тилеги деп коер эле. Кана (? кан) ичме Карач өлтүрүлгөндө, 40 сан Кырым колдон кеткенде[2], 10 сан Баракан бузулганда, 10 сан Ногой эл болгондо, Алооке хан болгондо, кыпчактын ханы Бооке кошулганда,[3] эртегинин эр Шоорук хан, Боокекандын Тоокесин

[1] Түшүндүрмө кийинчерээк берилет.

[2] Крымдын колдон кетиши тууралуу маалыматтар да кеңири изилдөөгө алына элек. Балыкооздун «Кан ичме Карач өлтүрүлгөндө», «10 сан Барак хан бузулганда» дегенине караганда, анын «576-ж. Истеми хан өлүшү менен батыш жактагы жогорку бийлик менен тардуш хан деген титул мурас катары Кара Чуринге (Истеминин уулу – Т.Э.) калып, ал алыска жүрүш жасоону токтотот. Крым жана кавказ согуштарын ошол эле согушта жеңилүүгө учураган анын кол алдындагылар жүргүзгөн. Ага карабай, «баатырдыгы үчүн» Боке (баатыр) деген ылакап ысымга ээ болгон Кара-Чуриндин кадыры менен даңкына мындай жеңилүү таасир тийгизген жок. Бирок, бул хан бактысыз болгон; Кара-Чурин деген ысым «кара балээ» дегенди билдирет (балким ала оорусуна байланыштуу болсо керек). Ошондой болсо да бийлик баскычында бирөөнүн кол алдында турган абалына карабай, Кара-Чурин башка княздардын эң күчтүүсү болгон» деп, Гумилев жазган окуяларга кандайдыр бир жакындыгы бар болушу мүмкүн (кара: *Гумилев Л. Н.* Аталган эмгек. 104–105-б.).

[3] Алоокени түрктөрдүн бир ханы, ал эми *10 сан Барак хан бузулуп, 10 сан ногой болгондо, кыпчактын ханы Бооке кошулганда* деген сөздөргө караганда; 1) Букараны алып, кайра тарттырып жиберген кытайча Торэмен, Долобянь; перс-арабча Або-хан, Абруй; грекче Турум атанган хан менен Барак ханды салыштырып кароого болот. «584-ж. февраль, март айларында Торэмендин жогунан пайдаланган Шаболио анын ордосун чаап алган. Кырчылдашкан согушта Торэмендин энеси өлөт. Бул окуялардын артында кытайлыктардын турганы баарына түшүнүктүү эле. Ошондуктан Торэмен алардын кандуу душманына айланат. Ал батыштагы Кара-Чурин Түрк-Тардуш ханга качып барат. Балким Шаболионун ачкөз, аксымдыгына байланыштуу ордодо наараазылыктар туулса керек. Торэменге Кара-Чоро жана кичи хандар Түркснаф (Таньхан-хан, же Тамган хан) менен Тегин-шад жардам кылып, аскер берет, алардан тышкары өзүнүн мурунку аймагынан 100 миң жоокер чогулат. Анын күчүн көргөндө Шаболионун жеңиштен үмүтү үзүлөт. Ал эмес, иниси Чулохоу да ага каршы чыкса, тылынан кидандар көтөрүлүш чыгарат. 584-ж. күзүндө Шаболио кытайлыктар менен тынчтыкта туруп, союз түзүүнү сунуш кылат. Аны көргөн Кара-Чурин Түрк дагы 584-ж. аргасыздан суй империясынын вассалдыгын таанууга макул болду. ...Бул союз Торэмендин чыгышта башталган жемиштүү жүрүштөрүн токтотту. Анын аскерин Шаболио талкаласа, тылынан Кара-Чуриндин кол алдындагы абарлар (Грумм-Гржимайло аларды телестердин уруусу деп эсептейт) сокку урат. Алар кароосуз калган Торэмендин ставкасына капыстан кол салып, анын аялын жана балдарын колго түшүрүшөт. Шаболионун аскерин коштоп жүргөн кытай армиясы Торэмендин үй-бүлөсүн абарлардан тартып алат. Туткунга алынгандар Шаболиого өткөрүлүп берилет. Андай баалуу белекке жооп кылган Торэмен согуштун башында басып алган жерлерди бошотуп, Гобинин улуу чөлүндөгү чек ара калыбына келет» (кара: *Гумилев Л. Н.* Аталган эмгек, 110-112-б. 2) балким адегенде кыпчактарга (сйеяньто) багынып, алар талкалангандан кийин (ал жөнүндө Балыкооз төмөндө кенен токтолот) Алтайга көчүп, күч алгандан кийин кыргыздар менен карлуктарды (гэлолу) талкалаган Чеби хан жөнүндө болуп жатат (толугураак карасаңыз: *Бичурин Н. Я.* Аталган эмгек. 268–271-б.; *Гумилев Л.* Аталган эмгек, 229–231-б.).

Кытай хроникаларына сөздүн башына келген каткалаң үнсүздөрдүн жутулуп айтылышы (мис., хун – хусюнь – кушан – усун), же тилдин ыңгайына жараша өзгөрүп турушу (мис., Цин – Чин – ас-Сина – Тчен ж. б.), энчилүү аттардын которулушу (мис., Чулу – таштак чөл, хоу – бийликтеги экинчи орун, = Чулохоу = Чулохан ж. б.), же ылакап

кармап алып, өлтүргөндө айтылып калган ырлар. Бул ырлардын көбүн Балык айтчу дечү эле атам. Жаныш акын да жана Эсенаман эски ырчы айтчу экен, эл оозунда калган дечү эле. Балык раматылык айтчу эле деп, атам Алымбек үн салып:

Ногойлорду чакыртып – Отор шаарын алдыртып,
Алоокени хан кылып – Карач ханды өлтүртүп,
Кыпчактардын Боокеси – сарт деп ураан чакырып,
12 ата угузка[1] – ойрон салган эмеспи.
Баракандын тукумун – бирин калбай кудуртуп (? курутуп),
Маңгыт, кыргыз, казакка – бүлүк салган эмеспи.
Эртегинин эр Шоорук, Үркөр хандын тукуму – кең Үргөнчтүн[2] ханы экен,

---

ат менен берилиши жана иероглифтин өзгөчөлүгү (мис., «түз», «туура» деш үчүн буттун изи түз сызыкка такалып турган сүрөт тартылат) тарыхый маалыматтарда өтө көп жолугат. Башка, араб-перс авторлору тарабынан дагы ортоазиялыктар колдонгон энчилүү аттар толук бойдон тыбыштык өзгөрүүлөргө учураганын (мис., Абуль-Гази хан «моңголдордун тилинде айтылган аттарды тажиктер он күн бою жаттай албайт, анан кантип жаза алсын» деп эскертет (кара: *ошонуку* Родословное древо тюрков. Казань, 1906. 32-33-б.) эске алуу керек.

[1] «Түрктөр көптөгөн уруу, урук, клан жана ар кандай түрлөрдөн турган абдан көп эл. Кээси шаар-кыштак, кээси талаа менен чөлдө турушат. Алардын көп сандуу урууларынын бирине гузздар кирет. Алар **он эки уруудан** туруп, бирин тугузгуздар, башкаларын уйгур жана ухгурлар деп аташат. ...Алар Мавераннахрдын (араб тилинде «ма вараа-н-нахр» – «дарыянын аркы өйүзүндө жаткан жер» б. а. Аму-Дарыянын оң жээги – Т. Э.) бет маңдайындагы талаа, бир бөлүгү Хуварезмдин маңдайында турушат. Качан ислам өлкөлөрүнө карай баштаганда, алардын бир бөлүгү ислам динин кабыл алып, түркмөндөр деп аталып калды. Анан алар менен ислам динин кабыл албагандардын араларында ачык душмандашуу башталды. ...Алардын /түрк/ катарына чыгыш менен түндүктүн ортосунда жашаган көп сандуу эл – хиргиздер да кирет. Кимактар алардын түндүгүндө турат...» (толук карасаңыз: КР УИАнын кол жазма фондусу. Инв. №5176. №10 иш). М. Ауфи боюнча: «түрктөр көптөгөн уруу же бөлүкчөлөрдөн турган – улуу эл жана алардын үй-бүлөсүнүн көптүгүнө санак жетпейт. Бир бөлүгү чөлдө, экинчилери талаада турушат, ыңгайлуу орундарда жайгашкандары дагы бар. Алардын ичинен эң көп тобун 12 уруудан турган гуздар түзөт, кээ бирлери огуздар, экинчилери уйгурлар деп аталат» (*steppe-arch.konvent.ru/books/**markvart1-00**.shtml*). Демек, Балыкооздун санжырасы уйгурлар менен тогуз огуздардын бөлүнө элек учурун айтып жатат. М. Кашкаринин эмгегинде (1072–1077) огуздар өз алдынча бөлүнүп, 22 уруудан турат.

[2] *Үргөнч* – 1991-ж. азыркы Куняургенч коругунда (Ташауздан 105 чакырым алыс, түндүк-батышта. Азыркы түркмөн тилинде Көнеүргөнч деп аталат) Кырк молла деген дөбөдө казуу жүрүп, б. з. ч. V-II кылымга тиешелүү карапа идиштер табылган. Ушундан баштап Үргөнч шаарынын негизги борбору ушул жер деп эсептеле баштады. В. В. Бартольд Байыркы Хань тарыхындагы «Юегань», же «Юецзянь» деген иероглифке салыштырган (кара: *Бартольд В. В.* Соч., Т. III. М., 1965, 545-б.). Иш жүзүндө арабдардын экспанциясына чейин Үргөнч жөнүндө накта кабар бир гана Кесариялык Прокопийдин (VI-к.) «Юстиниандын согуш тарыхынан» деген 8 томдуу китебинде кезигет (кара: *Великая степь в античных и византийских источниках. 497-б.).* Түркolog Н. И. Веселовский «Үндөшүп турганына караганда Горгону Үргөнч (Ургендж) деп кароого болот. Анын үстүнө К. Э. Захау (веналык арабист – Т. Э.) Ургендж деген сөздөгү аякы *ндж* кийинки түрк тилинин формасындагы кошумча экенин (мис., айлардын аталышындагы бесак + ндж = бесакендж, жимда + ндж = жимданедж, ж. б.) белгилеген» дейт. Бирок, Персиянын чек арасына жакын турган шаар экенине анча ишенбей, «Үргөнч андай болмок эмес, бирок византиялык жазуучулардан мындан артык тактыкты күтүүгө болбойт, анткени алар эфталиттер жөнүндө башкалардан угуп жазышкан, ошондуктан Үргөнч шаарынын жайгашкан жерин жаңылып калышы мүмкүн» деп эсептейт (кара: *Веселовский Н.* Очерк историко-географических сведений о Хивинском ханстве от древнейших времен до настоящего. СПб, 1877, 11-б.). Горго менен Үркөрдүн ортосунда тыбыштык уйкаштык бар экенин тануга болбойт. Түрктөрдүн чыгышын карышкырга байланыштырган уламыштар да өтө көп (кара: *Бичурин Н. Я.* Аталган эмгек, Т.1, 224–226-б.). 712-ж. Үргөнчтү арабдар басып алат, ушундан баштап ал «Джурджанийа» деп атала баштаган.

Угузду сен буздуң деп, Баракандын тукумун – тукум курут кылам деп,
Казак, кыргыз, маңгытты – мынча неге куудуң деп,
Сарт ураандап чакырып,
Кыпчактардын Тоокесин[1] – баарын кылган сенсиң деп,
Эртегинин эр Шоорук, кошун жыйган эмеспи.
Самаркандды бошотуп, кайтып алган эмеспи[2].
Тооке ханды өлтүрүп, өчүн алган эмеспи.
Сагын, Ташы ханыбыз – Күлмөскан менен Кочкорду[3],
Кабаты менен өлтүрүп, Оторду алган эмеспи.
Сагынкан ханга болушуп,
Үргөнчтүн ханы – Тайча хан кошун жыйган эмеспи.
Жол чубай кеп угуп, Сагын, Ташы экөөбү,
Кыргыз, маңгыт, казагы – Оторду алды деп угуп.
Сагын хандын тууганы, Үргөнчтүн ханы – Тайча хан,
Баарын кылган сенсиң деп,
Күлмөскандын элети – кыпчакты чапкан эмеспи.
Катуусунан таш калып, жумшагынан күл калып,
Тайча хандын каарынан – кең Кашкарды аралап, кыпчак качкан эмеспи,
Кыпчакты чаап, Тайча хан – Отор келген эмеспи.
Сагын ханга кошулуп – жон көрсөтүп ногойго, кыр көрсөткөн эмеспи.
Адөлөткан чочунуп – багынып берген эмеспи.
Ортосунан кек кетип – Куту менен Кунуну ортосуна коюшуп,
Адөлөткан, Тайча хан – Сагын ханга баш ийип,
Калың кара эл болуп – бата кылган эмеспи.
Оторкандын дөөлөтү – үч хандыкка бөлүнүп[1], тынчтык болгон эмеспи,

---

[1] Кыпчактардын ханы, кээде Бооке, кээде Тооке деп, алмаштыра берген.

[2] Салыштырып көрүңүз; «Абу-л-Аббас такка отургандын үчүнчү жылында (же 752–53-жылдары – Т. Э.) араб жана башкаларга сокку берип коргонгон Шурейк ибн Шейх ал-Фихринин 30 000 кишиси менен пайда болушуна байланыштуу Бухаранын абалы оордоп, башаламандык башталды. Алар Абу Муслимдин суроо-жоопсуз кан төгүп, тынымсыз киши өлтүрүшүн айыпташкан. Абу-Муслим аларга бет келип... чабышты, Шурейк ибн Шейхти өлтүрүп, Бухара менен Согданы экинчи жолу алат дагы, душман келсе өздөрүнө чеп керек деп, Самарканддын дубалын кайра курууну буюрду (Ал-Мутаххара ибн Тахир ал-Макдиси «Китаб бад ал-халк в ат-тарих». *Хрестоматия по древней и средневековой истории Кыргызстана.* Сост. Т. Джуманалиев. Б., 2007. Т. 1. 381-б.).

[3] Кочкор хан Отор хандын тукуму. Баласагын хандын тушунда Отор шаары анын кол алдында калган. Ал тууралуу 2-бөлүмдө кенен маалымат берилет. Негизги окуялар Отор шаарынын айланасында жүргөндүктөн М. Кашкариде эскерилген Кочңар-Башы (В. Минорский «Кочингарбаши» деп туурараак окуган) шаарын азыркы Чымкент шаарынын чыгышы (Отрар шаарынан анча алыс эмес) – Боролдой тоосунун батыш бетиндеги Кочкор-Ата мазары деп эсептөөгө болот. Ал ошол Кочкор хандын атынан калышы мүмкүн. Анткени, ал шаар кишинин атынан калган деген аңыз азыркы күнгө чейин айтылат (кара: *Мадени мура: Казактын тарых айтуу, сактоо дастүрү жана аны жаңыртуу жолдору. Кочкората конференциясынын материалдары (2005-ж. 26–27-май).* А., 2005. 7-б.). Муну кийинки (XVIII к. 50-жылдарындагы) кыргыздар да жакшы билип (кара: *Валиханов Ч. Ч.* Собр. Соч.. в 5 томах. А., 1961. Т. 1. 375–76-б.), бул жерди ыйык деп санашкан. Азыркы күнгө чейин ыйык мазар болуп эсептелет. Тянь-Шандагы Кочкор ш. калдыгы XI–XII к. тиешелүү экени эске алынышы керек. Кара: *Бернштам А. Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 1998. Т. 2. С. 57, 304.

Отор ханы-Сагын хан –Үргөнч ханы-Тайча хан,
Адөлөт ханга Сарайчук – чыбык кыркып үчөөбү, бүтүм кылган эмеспи,
Ошентип көп убак, ислам дини киргенче – тынчтык болгон эмеспи,
Самарканды талашып – араптар менен салышып,
Белеке хандай ханыбыз – майып болгон эмеспи,
Отор шаарын тарттырып – араптарга алдыртып,
Култикен хан[2] элети – араптардын зарпынан,
Кара жанга күч келип –казак-кыргыз кошулуп,
Алтай тоо менен найманга – качып, көчкөн эмеспи,
Култикен хан жолдо өлүп – анын уулу Кахаскан,
Казак-кыргыз элетке – башчы болгон эмеспи,
Кахасташып ураандап – найманга барып кошулуп,
Жатып калган эмеспи.
Казак-кыргыз элети, Кахас ханды хан кылып, кахас дешип ураандап[3],

---

[1] Санжырачы Адөлөт, Тайча, Баласагындын үч хандыкка бөлүнүшүн аяк жагында кененирээк берет.

[2] Бул жерде сөз Култегин жөнүндө жүрүп жатышы мүмкүн (кара: Закиров С. Кыргыз санжырасы. Б., 1996. 372-б.; *Солтоноев Б.* Аталган эмгек. Т.1. 43–44-б.).

[3] Кытай хроникаларында 8-кылымдан кыргызды «хагас», «хягас» деген атоолор кездеше баштайт. Махмуд Кашгаринин сөздүгүн көбү кыргыз тилине тиешелүү (кара: Султаналиев И. Махмуд Кашгаринин «Диван лугат ит түркү» жана азыркы кыргыз тили. Б., 2011). Ошондуктан кыргыздардын Алтай менен кандайча байланышканын лингвистикалык жана археологиялык изилдөөлөргө салыштыруу аркылуу кароо зарыл. Мис., «...Кыргыз-алтай тилдеринде бирдей кезиккен башка, майда окшоштуктарга токтолбой, лексика тармагындагы бир фактыга көңүл буралы. Анткени, кыргыз-алтай тилинде лексика, фонетика жана морфологиядагы окшоштуктардан тышкары кыргыздын тагай, адигине уруулары колдонуп, бирок ичкиликтерде кезикпеген өзүнчө сөз тобу бар. Алар мына: «*сонун*», «*белен*», «*каалга*», «*унаа*», «*керээз*», «*арга*», ж. б. Эми, биринчиден, бул сөздөр моңгол тилине кирген бардык тилде (анын ичинде жазуу тилинде да) кезигет; экинчиден, кыргыздын жогоруда көрсөтүлгөн урууларынан башка азыркы алтай, тува, кээде хакас тилинде да жолугуп, бирок булар менен уялаш башка элде колдонулбайт. Бул эмне дегендик? Мындай сөздөрдүн жалпы ортоазиялыктарда жана батыш түрк тилинде жолукпай, моңгол тилинде гана кезигип, кыргыздар менен алтайлыктар аны моңгол тилдүү элден кабыл алышы төгүнгө чыкпай турган далил болуп эсептелет. Анда, алар аны качан, кайсы жерде кабыл алган деген жүйөлүү суроо туулат. Кыргыздар аны Орто Азияны моңголдор каратып алган мезгилде кабыл алды дешке негиз жок, эмне үчүн дегенде, ал сөздөрдү (жок дегенде кээ бирин) казак, өзбек, уйгур, тажик, түркмөн же башка элдер да кабыл алышы керек болчу. Моңголдор аларды да басып алган. Ошондуктан адигине жана тагай уруулары аталган сөздөрдү кыргыздар алтайлыктар менен алардан мурда аралашып, саян-алтай бөксө тоолорунда жүрүп кабыл алган деген тыянак чыгат. Ал эми мындай сөздөр ичкиликтердин диалектисине кирбей калышы – ичкиликтер ал туугандарынан өтө оолакта калганын, же кыргыз эли моңгол тилин сөзүн кабыл алып жүргөн мезгилде алардын алыскы түштүк-батыш чегинде калышканын далилдейт. Бул фактылар башка фактылар менен да түз байланышып турат. Фонетика, морфология жана байыркы катмардагы сөздүктүн негизги фондусуна кабыл алынып калган жалпы кыргыз-алтай тилиндеги окшоштуктар алтайлыктардын ата-бабалары ошол мезгилде кыргыз элинин этникалык уюткусун түзгөн байыркы кыргыздардын этникалык топтору (саруу, дөөлөс, мундуз, теит, кесек [**аталган урууларды автор жаңылыш кошуп койгон түрү бар** –Т. Э.], бугу, саяк, багыш) менен байыртадан бери жана узак убакыт бою чогуу турушканынын жыйынтыгы болуп саналат. Кыргыз элинин калыптануу тарыхына эң акыркылардан, б. а. кыргыз эли менен узак убакыт бою байланышкан

акыркы этникалык топ алтайлыктар болду, бирок алардын кыргыздарга сиңип кетүү процесси аягына толук чыкпай, алтайлыктар болгону **кыргыздардын этнографиялык түрпатына жана тилдик белгилерине гана ачык таасир тийгизди** (сызган биз). Кебетеси, кыргыздардын ичкиликке караган бөлүктөрү (теит, кесек ж. б.) кыргыздар өзүнүн улуу державасын түзгөн мезгилде алыскы түштүк-батышта, б. а. Ак-Суу, Турпан ченде туруп калып, кара-кытайлардын, же моңголдордун соккусунан улам кыргыз элинин негизги бөлүгүнөн бөлүндү болуп калышса керек» (кара: *Юнусалиев Б. М.* К вопросу о формировании общенародного киргизского языка.//Труды ИЯЛ АН Кирг. ССР, 1956, вып. VI).

Моңгол чабуулунан 3 кылым мурун, же 930–33-ж. жазылган Истахринин эмгегинде «...Түркстанды алсак, анда тогузгуз, хырхыз, кимак, гуз, жана хазладждардын тили бир эле тил – бир тилден тараган» (кара: *Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана.* Б., 2003. Т.1. 30-б.). Марвази (XI–XII к.); түрктөрдүн талаасы Мавераннахр жана Хорезм жери менен чектешкенин жана кыргыз, кимак, гуз (буга тогуз-гуз, уйгурларды кошот), карлук, печенег (баджанак), кыпчак (хифджак) хазар, мадьярларды түрктөр экенин эскертип; «Кыргыздар көп сандуу болуп, ...кимактар алардын түндүгүндө жашайт» деп белгилейт (кара: КР УИА КЖФ, Инв. 5176, № 10 иш; Инв. №116 (319). Мындай абалга А. Н. Бернштам да көңүл бурган: «...Каллаур тарабынан Таластын баш жагынан байыркы түрктөрдүн руникалык шрифти менен жазылган төрт таш табылган. Бул мүрзө үстүндөгү таш менен андагы эпитафиялардын түзүлүшүнүн палеографиясы анык кыргыздардыкы, ал бизге енисейлик бейит таштары аркылуу тааныш жана бизге белгилүү орхон руникаларынан кескин айырмаланып турат. Талас өрөөнүндөгү Кыргыз Ала-Тоосуна аша турган бир капчыгайынан табылган жыгач таякчалар менен жазылган жазуулардын да ушундай эле палеографиялык өзгөчөлүктөрү бар. Акырында, буларга кыргыздардын палеографиясына мүнөздүү Бахты айлына (Казакстан) жакын жерден табылган кытай күзгүсүн да кошууга болот. Көрсөтүлгөн фактылар VIII-X кылымдарда Тяньшанда кыргыздар салыштырмалуу **көп сандуу экенин** (сызган биз) жана бул алардын Енисей менен Борбордук Азиянын гана эмес, Түндүк Кыргызстанда жүрүп жаткан тарыхый процесстерге да катышып турушканын далилдейт» деп, бирок, аягында «...тяньшандык кыргыздар жергиликтүү уруулардын массасына сиңип кеткендиктен (көп сандуу болсо башка урууларга кантип сиңип кетет? – Т. Э.), өз алдынча жогорку деңгээлдеги саясий күчкө ээ боло алган эмес. Ошондуктан мусулман авторлору тяньшандык кыргыздардын урууларына анча маани бербейт. Анын үстүнө аларга Енисейде жашаган кыргыздардын негизги массасы белгилүү болгон» деген жыйынтык чыгарат (кара: *Бернштам А. Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 1998. Т. 2. С. 214–217).

Эми, башка, өз алдынча далилдерге таянган Петров К. И. (өз пикиринен тескери жыйынтык чыгарын баамдабай) европалыктар менен кытайлыктарды мисал кылып, таш доорундагы адамдардын азыркы урпагы физиологиялык жактан алардан анча айырмалана электигин, бирок азыркы Кыргызстандын территориясында жашаган элдин физиологиялык түзүлүшү болгону бир нече кылым мурун кескин өзгөрүүгө дуушар болгонун көрсөтүп, «кыргыздардын тышкы кебетеси б. з. I миң жылдыгында Енисей-Иртыш сууларынын аралыгында калыптанган. Себеби, кыргыздар казактарга салыштырмалуу түштүк алтайлык урууларга жакын, анткени, казактарга караганда кыргыздарда, кыргыздарга караганда алтайлыктарда моңгол расасына тийиштүү элементтер көбүрөөк сакталган» деген тыянак чыгарып (толук карасаңыз: *Петров К.И.* Очерки происхождения киргизского народа. Фр., 1963), дагы көптөгөн антропологиялык, тилдик, этникалык, этнографиялык ж. б. фактыларга таянып, ал кыргыздардын негизги мекени Енисей-Иртыштын аралыгы болгон деген көз караштарды жактайт. Бирок Петров келтирген бул маселе боюнча – жогорудагы ж. б. фактылар аркылуу тескерисинче кыргыздын алгачкы мекени Орто Азия болгонун көрсөтөт. Төмөндө Балыкооз «...исламга

Кутыйпага[1] багынбай – наймандарга багынып, кахас болгон эмеспи.
Исламга кирбей көп убак, ошол жакка барышып – туруп калган эмеспи.
Казак-кыргыз конушу – 7 суу менен Сыр бою, бошоп калган эмеспи.
Ал конушка келишип, мында турган угуздар –конуп алган эмеспи,
Кытай, кыпчак, катаган –ногой, маңгыт, жедигер, жайлап алган эмеспи,
Кичи-кичи хандыкка –бөлүнүп калган эмеспи,
Ислам дини талашып, кытай менен калмакка –согуш ачкан эмеспи,
Алтайдагы кыргыздан көчүп келген Ногой хан менен Шыгай хан,
Карабалта, Аксууга ордо салган эмеспи.

---

кирбей көп убак, ошол жакка барышып – туруп калган эмеспи» дейт. «Манас» эпосунда айтылгандай Алтайга кетиши менен берки туугандарынан айырмаланып, кескин өзгөрүүгө дуушар болгондугун көрүүгө болот (кошумча караңыз: *Караев О. К.* К вопросу о передвижении киргизов на Тянь-Шань и ассимиляции местных племен в XIII–XV веках *//Советская этнография. 1966. № 4*). Б. а. Петров сунуш кылган мындай илимий жыйынтык аркылуу кыргыздар мурун огуз урууларынан эч айырмасы болбой (антропология, физиология, лингвистика, өлүк көмүү сыяктуу ж. б. каада-салты), Алтайга кеткенден кийин расалык, ж. б. салт жагынан өзгөрүүлөргө учурашы мүмкүн экени эске алынышы керек. Азыркы кездеги археологиялык табылгаларды салыштырууда да, башкача, Балыкооздун санжырасын бекемдеген түшүнүк жаралат. Же: «13–15-к. кургандардан табылган ат-жабдык элементтери, айрым кийим түрлөрү, аялдардын коздук буюмдары 19–20-кылымдарга чейин келип жетет. ...Алгач изилдөө учурунда ар бир табылган эстелик моңгол тилдүү калк менен байланышы бардай туюлду. Көрсө, Борбордук Азиянын чыгыш аймактарында, атап айтканда, Забайкалье, Моңголия аймактарында ушул сыяктуу эстеликтерди изилдеген окумуштуулардын пикири аркылуу чектелип каралып жаткан экен. ....Бирок Теңир-Тоодогу андан мурдакы 6–10-к-дарга таандык түрк эстеликтеринде ушул ритуалдык сөөктүн коюлушу түрк калктарына мүнөздүү экенин археологиялык далил көргөзүп турат. Кийин бул салт чыгыш түрктөрүнүн жерине келген моңгол тилдүү калкка тараган. Ошондуктан түрк-моңгол калктарынын маданиятын изилдөөдө, ушул сыяктуу табылгаларды талдоодо моңгол империясы орногонго чейинки маданияттарды так изилдөө талап кылынат. Моңгол империясы негизделгенге чейин, империясы күчөп турган учурда чарбалык-маданий тиби окшош түрк-моңгол калктарынын ортосунда маданий алака күч алган. Дагы бир мисал. Моңголияда мезгили так аныкталган, руникалык жазуу менен коштолгон эстелик бар (Ихе-Асхет). Анда мандаш урунуп отурган түрк жоокеринин эки тарабында бийик баш кийимдүү эки аял тартылган. Баш кийим Борбордук Азия көчмөндөрүнүн баш кийимине жакын. Ошол эле учурда баш кийимдин алды тарабы кыргыздардын кептакыясына түспөлдөш. ...Мына ушундай баш кийим, кой сөөгүнүн коюлушу сыяктуу мисалдарды талдабай туруп, бир этностун салты, белгиси катары кароо туура эмес болорун изилдөө көргөзүп отурат. Ошого карабастан Борбордук Азиядан Чыгыш Европага чейинки аймакта жото жилик кездешкен, аялдардын бийик баш кийими (бокка) кездешкен эстеликтер бирде моңголдорго, бирде кыпчактарга тиешелүү деп аталып келе жатат» (кара: *Табалдиев К.* Енисей Ысык-Көлгө куят, же Енисей кыргыздары менен Теңир-Тоо кыргыздарынын теги бир экендиги археологиялык изилдөөлөрдүн негизинде. *//Ала-Тоо. №1 2009*). Демек, кыргыздар Алтайга сүрүлгөндөн кийин Юнусалиев белгилегендей тили, Петров көрсөткөндөй антропологиялык түспөлү, К. Табалдиев эскерткендей өлүк коюу салты кескин өзгөрүүгө дуушар болгонун түшүнөбүз.

[1] Кутейба (Кутайба) бен Муслим ал-Бахили, Абу Хафс – 705–715-жылдардагы Хорасандын наместниги. 709-ж. Бухараны алып, 711-ж. Хамджерддин падышасын өлтүрүп, Хорезм ханы менен тынчтык келишимин түзөт. 715-ж. омеяддардын халифи Сулайман бен Абдалмаликке каршы чыгып, майда уруулардын келишпестигинин натыйжасында өлтүрүлгөн (кара: *История ат-Табари.* Таш., 1987).

Ичкилик кыргызкан (?) экен, хан Шырдактын катыны,
Боз жоргону[1] минип алып – Ногой менен Шыгайга качып келген эмеспи,
Ногой хандай Адылкан – жөн жайын сурап катындан,
Хан Шырдактын жазыгы жок экенин билген соң – үлгү болуп калсын деп,
Өлтүргөн экен катынды – Ногойкандай ханыбыз.
Ногой канды бир убак кытай, калмак кошулуп – чаап алган эмеспи,
Ногой-Шыгай ханыбыз – качып кеткен эмеспи.

Балык раматылык ушинтип айтканын чоңойуп калганда, атам Акылбектикине кезек-кезек келчү эле, бөлүм-бөлүм кылып уктум – ушинтип айтчу эле атам... (*Эскертүү: мындан ары санжырачы 19-кылымдагы Байтик баатырга тиешелүү окуяларга өтүп кеткен* – Т.Э.)

[*]«…Менин ыгыма баш ийген жолдошторум. Мына бул отурган байбичем. Мына бу отурган жалгыз, эркекче баккан кызым, аты Разы (? Ыраазы). Апаң балдарды көп тапты, бирок буюрган жок. Баары тең токтободу. 40ка келгенде ушул Разыны тууду. Токтото көр деп кудайга жалынып, эгер токтосо кудайга раазымын деп шерт кылып, атын Разы койдум. Мына, Разы чоңойду. Эркек адам кылган ишти бул да кылып жүр. Кыз дечү эмес [элек], кыз экенин жаңы билдик апаң экөөбүз. Мына бу Турта. Бул, кемпирдин атасынын инисинин балдары. Өзү жаман жигит эмес. Жарамдуу жигит, 40ка жакындап, балдары деле бар. Аялы да жаман киши эмес. Жакшы киши. Өзүнүн акылы да бар эле. Өзү баатыр, жолдоштукка турумдуу, кишичилиги бар, ойчон (? ойчул) неме эле. Кудай уруп, напси[си] бузулуп, 3-4 ай болду Разыны бер деп, өзүмдүн жээним деп, кемпирдин инилерин жуучу салды. Разынын кыз экенин анан билдик. Айла канча, адам өлүп кетпейт экен, чыдайт экен. Эмне каалаcа ошону берем деп. Мейли оюна эмне келсе, салык келсе салсын, ошону берем деп. Анан мен бербеймин деп жооп кайырдым. Ага, Турта колунан эмне жамандык келсе, аябай турган кылыгын билдирди. Эми мен Разыны бербей койсом да колуман келет эле. Разы өзү деле Турта менен салышууга жарайт эле. Кууураган куу намыс мени Туртага баш ийдирди. Мына бу эки чал деле, 19 уруулуу коңураттын[2] жашы деле, кудай алсын

---

[1] Бул жерде Балыкооз (балким Алымбек, же жазып алган Тургунбек) жаңылып жатат. Шырдакбек «XVII-к. кыпчак уругунан болуп, Үчүкө, Түлкү, Жаңыл мырза, хан Тоокелер менен замандаш, алар менен бирге кеңешип иш кылышкандыктары анык. Шырдак Нарындын түштүк-батыш тарабында Чолок-Кайың деген жерде турган экен. Коргонунун дүмүрү азыр дагы турат» дейт изилдөөчү Ы. Абдырахманов (кара: *КР УИА кол жазмалар фонду. Инв. №116 (319).*

[*] Жогоруда эскертилгендей Отор хандын жомогу ушул жерден (25-бет) башталат. Кол жазма менен бир аз таанышкан соң бул жерде Сарыбай кызы Разынын (Ыраазы) акылы боюнча амал кылып колго түшүрүп алган Ороздун улуу Отордун аңгемелешип жатканын түшүнүүгө болот. Ороздун уруусу кыргыз, өзү да башында кыргызга хан болгон.

[2] Кыргыз санжырасында коңураттар Адигине-Тагай, алардын эжеси Наалы жана алардын коңур кула түстүү атына байланышкан уламыш аркылуу айтылат (кара: *Солтоноев Б.* Аталган эмгек. Т.1. 90–91-б.). Бирок, андан мурун бул уруу кытай хроникаларында эскерилген. Анда түрктөрдүн (тукюе) түндүгүндө *Бюньма, Била, Йелочжи* деген көчмөн эл жашап, кымыз ичишкен жана дайыма кыргыздар менен согушуп турган. Алардын мингич аты негизинен кула (орусча – саврасый) болгондуктан, мамлекети да ошол ат менен аталган (кара: *Бичурин Н. Я.* Аталган эмгек. Т.1. *358-б.*). Бирок, бул аталыш адегенде кытай тилине, андан кайра орус тилине кандай абалда которулганы белгисиз. Анткени, Аристов муну «ала» (пегий) деп окуса (*Аристов Н. А.* Аталган эмгек. 150-б.), казакча «коңыр», кыргызча «коңур», «күрөң» орус тилинде бир эле «коричневый» болот. Кыргызда «коңур», «күрөң» эки башка маани берет. «Иленин батышындагы жерлер Дулу каганга тийип, чыгышы Делиши кагандын колунда калды. Ушул учурдан баштап батыш түрктөр (туцзюе) эки мамлекетке бөлүндү. Дулу каган Цзухэ тоосунун батышына түндүктөгү ордо деп аталган ордо курду. Бома, Цзегу (кыргыздар – Т. Э.) сыяктуу көптөгөн мамлекеттер ага баш ийди. «Бо» иероглифи «чаар, ала» деген маани берет,

Туртаны, ошондон келгенди көрөбүз дешти. Ага мен нары ойлонуп-бери ойлонуп, эгер кагышып кетсек мына бу 12 уруулуу тайчыкты[1] ээрчитип, ерендерге[2] кире качып кетеби деп, намысынан ыза болуп. Уруш чыгараары анык, андан чоң согуш болору анык, баягы Сарыбай[3] картайганда 19 уруулуу коңуратты, 12 уруулуу тайчыкты бузду деген наамга калам деп, эмне кыларымды билбей, Разынын өзү менен акылдаштым. Разы бир кеңеш

---

ошондуктан «бома» иероглифи кытай тилинде «ала (чаар)», таза бир түстөгү эмес аттын түсүн түшүндүрөт» [Малявкин, 1989. С. 323. комм. 954]. «Бомалар цзйегулардын (хягастар) түндүгүндө жашайт. ...Түрктөрдүн чоң беш уруусу турган жерден өтсөндөн кийин бомаларга жетесиң. Алардын мамлекетин сыцзин башкарат, түрк менен бомалардын эч айырмасы жок. Аттары (жылкысы) бир түстө – ала-була болгондуктан, эли дагы ошондой аталат. Аттары минилет, сүтүн саап алып, аны кымыз жасоо үчүн гана пайдаланышат. Ццзйегулар менен тынымсыз согушуп турат. Сырткы түрү боюнча цзйегуларга окшогону менен тилин түшүнүшпөйт (Кюнер, Аталган эмгек. С. 52-53]. Э. Шаванндын эмгегине (Documents sur les Tou-kiue (Turcs) occidentaux, 1903) таянган А. Г. Малявкин «Нинся гарнизонунан 60 ли батышта Хэлань (Ала) тоолору жайгашканын, ал жерде жашыл же кууруган (ак) чөптөр көп экенин, ошондуктан түндүктө жашаган эл чаар атты «хэлань» («ала») дешкенин, Хэлань урууларынын (фамилия) аталышы ошол жердин атынан калганын» түшүндүрөт (кара: Малявкин, 1989. С. 152, комм. 167; С. 323-324, комм. 954). Ферганадагы Асбара (Исфара) округуна караган аймактын өз «Ала-Тоосу» болгон (кара: Ибн Хаукал. По изданию De Goeje (BGA, II). С. 397-398. //Труды Среднеазиатского Государственного университета им. В. И. Ленина. Археология Средней Азии. IV. Таш., 1957. С. 27). М. Кашгаридеги «кал аж» («халадж», «калач») деген сөздү түшүндүрүп жатып, Э. В. Севортяндын сөздүгүндө «арка» жана «ат» сөз түрк тилинде «алача», «алаша» деп аталышын [Севортян, 1974. С. 136-137] мисал кылган Ю. Зуев түрктөр «ала атты хэ-ла (<hat-lat<*halat~alat~*ala-at» дешкенине байланыштырат. Бирок түрк тилиндеги «кал аж» («халадж», «калач») деген сөз аттын өңү-түсүнө эч байланышпайт. Орто Азияда аттын түсүнө окшош ат менен бир гана коңураттар (коңур+ат – конрат, коныра́т, унгират, хонгират) аталат. Фан Сюаньлин, Тань Циясян жана Яо Вэйюань сыяктуу кытай авторлорунун түшүндүрмөсүнө таянган Ю. Зуев 19 уруудан турган «түштүк хундардын» мамлекети тууралуу эскерет. Алардын ичине юэчжилерге таандык «цянцзюй» (<khiang-gio) уруусу кирген. Кытайлык кийинки окумуштуулар тарабынан «цянизюй» менен «канцзюйдун» бир сөз экени далилденди. «Ата-теги боюнча Ши («таш») деп аталган падышалар так ушул уруудан дайындалган» (кара: Зуев Ю. А. Ранние тюрки: очерки истории и идеологии. А., 2002. С. 99].

[1] Огуздардын (өгүз, угуз) бир уруусу. Азырынча бул уруу тууралуу так кабарлар жок.

[2] Эрен – Ирен – топоним. Бирөө айдалды Иренге, бирөө түшүп кетти тереңге... Географиялык жактан Иран өлкөсүн туюнтат (*Манас энциклопедиясы. 372-б.*). Мурун Персия деп аталган.

[3] Бул жерде сөз огуз урууларын бириктирип, алардын башына Ороздун уулу Оторду хан кылганы жаткан окуялар сүрөттөлүп, ага демилгечи катары огуз урууларынын ичиндеги көп сандуу коңурат уруусунун билерманы Сарыбай көп жолу эскерилет. Маанисине караганда огуз уруулары чачыранды боло баштаганда перстер күч алган. Сарыбай жана кыргыздар жөнүндө мындан башка кабар якут тарыхында да жолугат. Анда: «Эң кызык факт, якуттардын уламышына караганда алардан бир топ мурун Ленада аталышы «кыргыс» сыяктуу малчы эл жашаган. Легенда боюнча кыргыстар жылкысын алып, Лененын ортоңку агымына Омогой менен Эллэйге чейин көчүп келген. Мындан тышкары, якуттарда сакталып калган уламыш боюнча алар Иркутск жайгашкан жерден үч миң чакырым алыс түштүк тараптан келишкен. Кыргыз Сарабай-тойон жана анын аялы, татар кызы – Сайсар балдарын алып, мекенинен түндүккө карай жөнөшкөн. Сарабай-тойон азыркы Иркутск турган жерде өлөт» (*История Якутской АССР,* т.1, М.-Л. 1955, 340-341-б.).

тапты. Ата, сен Туртага колунан келбей турган бир салык салсаң боло деди. Мен Туртага тийбеймин ата деди. Ал, ар-намыс кылып, Сарыбай бузду деп уялып, Туртаңыз, рас ата, мени каалаган жериме сизди бере коет деп эч убакта ойлобоймун. Турта эмне салык салса да чыдаймын дептир го. Ага айла табыш керек деди, мына бу Разы. Ии айланайын балам, ага кандай айла керек дедим. Разы, сизге макул келсе ага бир айла бар деди. Айт айланды дедим. Эмесе Туртага Ороздун уулу Отorду алып келип бер де. Ал Отордун де. Көнбөсө өз убалың өзүңө де. Анан сага Разыны берейин де. Отордун кармап, же алдап алып келе алат дейсиңби. Ошентип, убара болуп жүрүп, коет да. Же Отордун колуна түшүп, бирдеме болот да деди. Разынын сөзүн мына отурган эки чалыма жана 12 урууулуу коңураттын 3-4 жаштары бар – баш болуп жүргөн, баарын ошолорго айттым. Мына буларга да туура келди. Булар барып Туртага сен эмне болсо да чыдаймын дедиң эле, биздин баатыр макул деди. Салыгыма чыдаса, мен салык салам деди. Эмне салык болсо да чыдаймын дептир[син], андай болсо салган салыгы Ороздун уулу Отордун кармаппы, алдаппы алып келип берсин, бала кылып алайын. Көнбөсө өз убалы өзүнө, айтор алып келип берсе, кызымды берем деди. Ошого макул болду (? болсун) дешиптир. Жок, ал ишке жарабай турган болсоң, колуңдан эмне келсе ошону кыл дешиптир. Биз сага Разыны бербейбиз деп ачык айтышыптыр, Туртага. Турта эмне кыларын билбей отуруп, ал өзүнүн акылдаша турган кишилери менен кеңешип, мен алып келип берем дептир, өжөр ийт (ит ). Ошентип, 19 урууулуу коңураттын, 12 урууулуу тайчыктын ийги атка минген жакшылары убада кылдык. Биздин тилегибиздей болбой, алардын тилегине кудай берип, жолу болуп, мына балам Отор сени буйрук болуп, убадама жеттим деп, байлап-матап кармап келип отур деди Сарыбай. Эми эртең, качан той болот деп, кемпирдин инилери келип калат. Эми сөзгө-убадага жыгылдык. Айла барбы, беребиз деп айтабыз да. Амал канча Отор балам. Эми өзүбүздүн сөздөн түшөлү. Сени кантип кармаганынын баарын уктук. 7 урууда 7 баштуу Желдендин айлына барган экенсиң. Бул аяр каапыр, сени капысынан кармаптыр. Буйрук деген ошол балам. Экөөңөрдүн жолдо сүйлөшкөнүңөрдү уктум. Ал сенден өзүнүн кылган ишин айып [деп] билип – Турта кечирим сураптыр. Сен ага өзүңдүн ойлоп жүргөн ишиңдин четин билдирипсиң. Ал сага убада бериптир. Убадага тура турган неме. Кудай жолуңду болтурса, а Турта кай ишке болсо да жарай турган жигит деген экен Сарыбай. Турта сени мактап келиптир, бир сыр берген жок жолдо, эл мактагандай эле бала экен деп. Куда кааласа Отордун кан кылабыз деп, башчылыкка жарай турган бала экен деп жүр» - дейт Сарыбай.

Отор менен Туртанын жолдогу сүйлөшкөнүн, Отордун эмне оюнда бар экенин билип, «балам Отор, куда кааласа мындан ары өмүрдү сен үчүн сарп кылам» деген экен. «Эми мейлиң балам, мага бала бол. Жалгыз баласың. Мейлиң окунамын (өкүнөмүн ) десең да өзүң бил. Жок өкүнбөймүң десең да өзүң бил. Үйүңө да барып турарсың. Бирок турагың меники болсун. Жок, бала өкүнбөймүн десең өзүң бил. Анда аттап-тондоп үйүңө кайтарам» деп, Сарыбай сөзүн бүтүргөн экен. «Эртең менен жооп бер, түнү менен ойлонгун» деген Сарыбай. «Ушуну менен (? мен) көп ойлонбой эле, эминесин ойлоймун. Мен башчы болмок оюм бар. Ошентип угуз элин[1] чогултуп, кан болуп, еренди Самарканддан кууп чыгып, угуз элин бошотуп алсам болду да. Атам Ороздун ордосун чоңойтуп, Отор деген шаар[2] койсом дечү эмес белем, Токторго. Ошол мүдөөм боло турган

[1] Азыркы учурда огуз урууларына түрк, азербайжан, ирандык түрктөр, кашкай, карапапах, шахсевен, кызылбаш, сонкор, халаж, хорасандыктар, божнурдин, афшар, каджар, түркмөн, трухмен, гагауздар кирет. Кыргыздар болсо алтайлык, тува, якут, хакас, чуваш, Борбордук Азиянын түрктөрү ж. б-лар менен бирге өтмө (промежуточный) уруулар болуп эсептелет (кара: *Бизаков С.* Ветви одного могучего дерева. А., 2002).

[2] Демек, бул шаар адегенде жөн гана Ордо (Ороздуку) болуп, Отор аны кийин кеңейтип, Отор деп атаганын, шаар Сыр-Дарыянын жээгинде жайгашканын белгилеп жатат. Орто Азиянын тарыхын изилдеген кийинки окумуштуулардын ичинде **Орду шаары** жөнүндө бирдей көз караш жок. В. Бартольддун оюу боюнча **Баласагун** (бул шаар

болбодубу. Бул жерден бала өкүнсөм эле иш бүтпөдүбү. Турта да колдо. Буйруп Арланды алсам, Желдең да колдо жана башка казак, түркмөн, катаган, кытай, жедигер, калча, кыпчак, курама, маңгыт[1] өзүлөрү эле макул болуп жүрүшөт. Атам Орозго сенин баланды

---

жөнүндө кенен түшүндүрмө төмөндө берилет) **шаарынан анча алыс эмес**, Чүй суусунун жээгинде кара-кытайлардын гурханы турган ставка Хосун-орду (бекем, күчтүү ордо) деп аталган шаар болгон (кара: *Бартольд В. В.* Аталган эмгек. 122-б.). «...Тилекке каршы, Макдиси (X к. аягы) менен Махмуд Кашгари (XI к.) багытын да, аралыгын да көрсөтпөй, **Баласагун шаарынын жанында** (атайын белгиледик) казылган аңы, дубалы жана цитадели сакталган **Ордо шаары** бар экенин көрсөтөт. ...Муну азыркы Краснаяречка ш. калдыгы менен салыштырууга болот. Башка чечим чыгара албайбыз» (кара: *Бернштам А. Н.* Т.2. 48-б.). Анын оюбоюнча X к. аягында капысынан эле мурунку Сарыг Ордо ш. айланып кеткен? Кожемяко П. Н. так фактылар аркылуу кийин аны жокко чыгарган. «Гурхандар турган Чүй өрөөнүндөгү ставканы мусулман жазуучулары Баласагун, кытайлыктар Хус-ордо деп атаган» дейт (кара: *Аристов Н. А.* Аталган эмгек. 314-б.). Тарыхый маалыматтарда 638-ж. «батыш уруулары Иби Дулуну хан шайлап, ал Хилишиге каршы согуш ачат, бирок андан эч майнап чыкпагандан кийин бул экөө Иле өзөнүн боюнда тынчтык келишимин түзүп, анын батышын Дулу, чыгышын Хилиши алат. Ушундан тартып Батыш түрк уруулары да эки хандыкка бөлүнөт. Дулу-хан өз ордосун **Цзихэ** тоосунун батышына көчүрөт да, аны түндүктөгү **ордо** деп атап, ага Сяоми менен **Гйегу [Хягастар]** (кыргыздар – Т. Э.) кошулат» [Бичурин Н. Я. 1998. Т. I. С. 292]. Де Гиндин эмгегине (De Guignes, «Histoire générale des Huns, Turcs, Mogols et autres Tartares occidentaux») таянган Аристов Н. А. Цзихэ [Tsou-ko] тоосу Тараз шаарына жакын жайгашканын көрсөтөт (кара: Аристов Н. А. Аталган эмгек . 221-б.). Ал-Макдиси боюнча **Орду** шаары «Сыр-Дарыянын төмөкү агымынан» орун алган «кичирээк шаар» (кара: Материалы по истории туркменов и Туркменстана. М., 1939. С. 185) жана анда «түркмөндөрдүн падышасы» жашаган (кара: *Кляшторный С. Г., Султанов Т. И.* Казахстан: летопись трех тысячелетий. А., 1992. 133-б.). Орду шаары караган округдун башкы шаары Исфиджаб болгондуктан (кара: Бартольд В. В. 1897. С. 35], «түркмөндөрдүн падышасы ал шаардын башчысына белек» жиберип турган. Анткени, Шаш, Илак, Тус, Неса, Абиверд, Тараз, Сутнах башка (ага баш ийбеген – Т. Э.) округдар болуп саналган (кара: Материалы по истории туркменов и Туркменстана. М., 1939. С. 202). Демек А. Н. Бернштам көрсөткөндөй Ордуну азыркы Краснаяречка ш. калдыгы менен салыштырууга болбойт, анткени Орду шаарында жашаган «түркмөндөрдүн падышасы» Тараз округун аттап барып, Исфиджаб «шаарынын башчысына белек» жибериши мүмкүн эмес. В. Бартольд Суяб (азыркы Ак-Бешим) менен Тараздын ортосунда 15 шаар болгонун эскертет (кара: Бартольд В. В. 1964. С. 280-281]. Баласагын шаарына байланыштуу кызыктуу бир маалымат М. Кашгариде эскерилет. Анда Шу деген түрктөрдүн падышасы Баласагынга жакын жерге шаар куруп жатканда, А. Македонский аскери менен келе жатканын угуп, чалгындап келүү үчүн 40 жоокерин Хоженд суусуна жиберет. Алар түн ката келип А. Македонскийдин аскери Хоженд суусун кечип өткөнүн билдиришет (кара: Диван Лугат ат-Турк Махмуда ал-Кашгари. /Перевод, предисловие и комм. З.-А. М. Ауэзовой. А., 2005. С. 1051-1052). Демек Баласагун ш. Хоженд суусуна жакын жерде болгон. Азыркы Токмоктон Хожендке чейинки аралык бир жагына 800–850 км. жетип, чалгындап келүү үчүн ушул аралыкка 40 жоокерин жиберүүнүн эч кандай кажети болмок эмес.

[1] Мурунку огуз уруулары. Балыкооз аларды ак жана кара деп – эки урууга бөлөт. М. Кашкари огуздарга 22 урууну киргизип (кара: *Чоротегин Т. К.* Махмуд Кашгари (Барскани) жана анын «Дивану лугати т-түрк» сөз жыйнагы (1072 – 1077). Б., 1997. 126-127-б.), Балыкооздогу 12 уруунун биреөнү да атабайт. Демек, кылым өткөн сайын уруулар өзгөрүүгө учурап турганын көрүүгө болот. Балыкооз кытай хроникаларында кездешкен уруулардын бирин дагы көрсөтпөйт. Ал эми, бир кезде аябагандай күчтүү (огуз менен кыпчак) уруулардын ар дайым бир-бирине каршы туруп келишкенине басым кылган С. П.

хан кылабыз деп жүргөнү анык. Атамдын ордосун келип, зыярат кылып жүргөн угуздун аксакалдары. Мен көп ойлонбой эле Сарыбайга макул дейин, ушул Сарыбайды ушинтип колго алайын. Бала болбосом, Сарыбай оңой менен колго түшпөйт, өзү да жандатып убада кылып отур» деп, Отор уктап калган экен.

Эртең менен Разы келип отурган экен. Отор турса, кызча кийинип, караса аялдан башкача экен. Колдон иш өтүп кетти (мындан ары бир нече сөздөр сызылган – Т. Э.) …бети колун жууп, чай келди. Разы чайды экөө бирге ичип, Разынын түрүн карап, бир сөз уксам деп отурганын байкап, Отор «Разы, мен түндө баатыр айткан сөзгө макул болдум, атаңа айт. Ал киши келгенде айтаар сөзүм бар. Ал кишинин сөзүнө боюм эриди. Мен макул. Андан аркысын эмне болсо да көрө жатарбыз деп (дейт) » Отор. Разы эрте туруп келип, «айтаар сөзүм мына бу. Атам Турта жөнүндө бир топ сөз айтты мыктап. Ал киши деле Туртанын сырын билет, бирок Турта мындай – Турта андай деп айтууга болбойт да. Анткени, жер тар. Сага ушуну айтып койойун дедим. Турта митаам – аяр, напсиси жаман киши, ага ишенбе. Ал ерендерге сатылган киши. Сырыңды айтпа», деди Разы. «Мынабу үй, мен жата турган үй. Түндө тынч уктасын, чарчап келген неме дедим. Мындан ары менде ушунда жатам. Жийдели Байсындын[1] аңы көп болот. 19 урулуу коңурат тамашалуу эл. Аны аралап, Туртаны байлап-матап, алып келгенин көңүлүңдөн чыгарам» деп, тамаша кылып, күлгөн экен Разы.

Отор Туртага ишенип калган неме айран болгон экен жана Разынын сөзүнө таң калган экен – Туртаны жактырбаганы кандай деп. Мунун артын көрөөрмүн деген экен. Ал Разы атасына Отордун макул болгонун айткан экен. Баатыр үйүнө кийрип, «кана, макул болупсуң, айтар сөзүң болсо айт» дептир. Отор, «сизге бала болмокко макул болдум. Өзүңүз айткандай, атамдын жалгыз баласы экеним ырас. Эми атам чыдабайт. Бул уурулук угулбай койбойт дейсиңби? Же өзү келипби, же кишиси келип калса эмне болот» деген. «Кана (кандай) оюң бар» деди Отор. Сарыбай, «ырас балам. Чыкканыңа канча болду?» «Бир айча болду» деди. «Эмесе, ал ушул кезде бүлүнүп жаткан кези экен. Атаң Ороздун өзү келгени жакшы. Мен түндө да айттым. Эми [да] айтайын. Туртаны сени кармап келет деген уктасам түшүмдө жок нерсе. Мына насип болуп, келип отурсуң. Мен тек гана сени мынча келгенден кийин, мага кандан бала болсун деп билемин. Көңүлүң көтөрүлсүн, Разы экөөңөр таң-тамаша кылып, 19 урулуу коңуратты аралап, көңүл ачсын деп отурмун. Ал болбосо элиңе кетирээр элем. Атаң Ороз келсе, мына балаң. Мага да бала болду. Экөөбүз талашып жүрмөй болдук. Балаң ээрчисе алып кет деп, бир чети тамаша кылып – балам Отор көңүлүңө келбесин – сени атаң Ороздун колуна тапшырам деп жана Ороз оңой мага. Менин кыйнала турган бир башка жерим бар. 7 баштуу Желдең экөөбүз катарбыз жана бирибиздин сыр-сымбатыбызды билебиз. Экөөбүз эч качан араз болгон эмеспиз, таттуу болгон кишибиз. Искиптерге[2] экөөбүз башчы болуп барып, угуздарды ээрчитип,

---

Толстов огуздардын этникалык курамын анализ жасоодо орто азиялык огуз урууларынын курамында кыпчактар да болгон деген Рашид ад-Динге таянып, огуздардын каңлы, кыпчак, карлук, калачтар менен активдүү ассимиляцияланып кеткенин көрсөтөт (кара: *Толстов С. П.* По следам древнехорезмийской цивилизации. М., 1948).

[1] Бул кайсыл жер экени илимий негизде тактала элек. Көбүнчө «Манас», «Алпамыш» сыяктуу эпостордо жолугат. Болжол менен Талас суусунун аягы, Сыр-Дарыянын бою, Байсын ойдундагы Жийделүү көлү деп түшүнүүгө болот (кара: Х. Эсбергенов, Ж. Хошниязов. Этнографичесие мотивы в каракалпакском фольклоре. Т., 1988. С. 19, 138).

[2] Скиф урууларынын теги, таралышы тууралуу толук, так жыйынтыктар чыга элек. Мындай ат менен азиялык көптөгөн элдер (уруулар) белгилүү болгон. Геродот: «Бул өлкөдө жашаган биринчи адам Таргитай болгон. Андан Липоксаис, Арпоксаис, Колаксаис үч уул туулган. Липоксаистен ахват аталган скиф уруулары, Арпоксаистен катиар жана траспий, ал эми Колаксаистен паралат уруулары тарайт. Жалпы жонунан алар сколоттор б.а. ак сөөктөр (царскими) деп аталат. Эллиндер болсо аларды скифтер дешет. ...Көчмөн скиф уруулары Азияда турушкан. Качан массагеттер күч менен сүрүп чыкканда скифтер

масакыттарга[1] урушуп, жеңип, көп олжо алып келген кишибиз жана ерендерге да экөөбүз тең баш ийбеген кишибиз. Ерендерге Айтак бар, үчөөбүз бир болуп согушуп, ерен менен анан ынтымак болуп теңдикке жеткенбиз. Ал болбосо ерендер алды салык алып, силер жак жаңыдан баш көтөрүп келатыр, алды салыктан – Ороз, Парман, Тарак, Жолон баш болгондон бери деди. Желдең мага – келген конокту байлап алып келгениң эмне деп – мага таарынат. Менден жайын уккандан кийин ал так Туртаны мен да байлап алам деп, бала (балээ) кылат. Ошон үчүн сенин атаң Ороздун келгенин каалаймын жана касыстуту (?) кишибиз, үйдөн бир даам сызганы керек. Дагы айтар сөзүм көп балам, ошол бала болгон өзүңө. Мынабу Кутуну[2] көкүрөгүңө үч ур балам Отор» деген Сарыбай. Отор, «сизди атам Ороздон кем көрбөймүн» деп, [Кутуну] үч урган экен. Сарыбай, «балам [сени] Разыдан кем көрбөйүн жана Разы экөөңөр өмүрүңчө жолдош болгула» деп үч урган экен. Ошону менен Сарыбай мал союп, той кылып, элди кайтарган экен жана кемпиринин инилери келген «Туртага [Разыны] качан бересиз» деп. Сарыбай, «бул иштин аягы 2 айга чейин бир жагына ачылар, ошондон кийин Ороз менен Желдең келбей коет дейсиңби, аларды[н] ыгына жараша болуп кайтарып, анан өзүңөр менен акылдашып, кандай той беребиз, аны өзүңөр билесиңер» деп кайтарган экен.

Отор эми эртең мененки Разынын сөзү жана Сарыбайдын өмүрлүк бала бол жана Разы экөөңөр өмүрлүк жолдош болгула дегени кандай деп, ойго түшкөн экен. Себеби, ага

---

Аракстан өтүп, киммериялыктар жашаган жерге кирип келишти. Скифтердин кирип келиши (б. з. ч. 700-жылдар) жөнүндөгү Геродоттун кабары аккад даректеринен алынган. Массагеттердин кысымына байланыштуу скифтер азыркы Батыш Түркстанды калтырып, Каспийдин түштүк жээги, андан Аракс аркылуу түштүк орус талааларын көздөй жылган» (кара: *Великая степь в античных и византийских источниках*. 42-43, 71-б.); «Скифтер негизинен түндүккө тараган элдин ичинен аябагандай көп эл болуп саналып, байыркы тарыхчылардын кабары боюнча түндүк уюлга жетпесе дагы эң түптө жашаган элдерге чейин жетишкен. Гомер аларды куралы жок, башкаларга караганда чынчыл галактофаг деп атаса ...Геродот жалпы жонунан скиф; херонийлик Плутарх ишенимсиз түрдө кимвр жана тевтондор дейт. Өзүлөрү болсо ар кимиси өз аталышын өз тилинде айтышат. Ал эми алардын ысымын грек тилине которгондордун ар бири алардын тигил, же бул жашаган жерине карап аташат... Алар Танаис суусунун башындагы жерде турушкан. Кийин ал жактан чыгып, Европаны жайпап, улуу Меотиданын батыш жээгинен орун алышкан. Көп кылымдар өткөндөн кийин бир уядан чыккан сыяктуу биринчи Скифиядан башкалары да чыгып, экиге бөлүнүп, бири азиялык савроматтарды каптап, Каспий деңизинин өзүнө жетип, мурунку аталышын унутуп, савромат, массагет, меланхлен, амазондор деп аталып калышты. Экинчилери Европаны көздөй ооп, сармат, германдарга тиешелүү деңиз жээктерин жайпап өтүп, ошолордун аты менен аталып калышты» (кара: *Великая степь в античных и византийских источниках.* 1010-1011-б.). Кээде аларды сактар деп да аташат. «Байыркы авторлордун көптөгөн, ар кандай, толук эмес, үзүндү-үзүндү маалыматтары боюнча сактар деп, бир гана белгилүү уруулардын курамын эмес, көбүнчө Азиянын талаасында жашаган көчмөн элди аташкан» (кара: *История Киргизской ССР*. Фр., 1968. Т. 1).

[1] Байыркы грек авторлорунун кабарына караганда Каспий жана Арал боюнда жашаган апаит, апасиак, керкенит, аугасий (авгал, аттаси) ж.б. уруулар тобу. Алардын теги тууралуу так илимий даректер жок. Айрым окумуштуулар «балыкчы», «падыша сактары», «гергестер тобу», «чоң сактар ордосу», кээ бирлери «улуу геттер» дешет. Негизинен көчмөн калк болгон. Массагеттердин падышасы Томирис Ахемениддердин падышасы Кирди жеңген (кара: *Толстов С. П.* Древний Хорезм. М.,1948; *Ошонуку эле.* По древним дельтам Окса и Яксарта. М.,1962; О скифском народе саках. Историческая монография написанная к двадцатипятилетному юбилею императорского русского археологического общества. СПб.,1871).

[2] **52, 53-түшүндүрмөнү караңыз**.

карындаш бол дебей жана дагы айтар сөзүм бар дейт. Бул аңгеме болмой болду. Баягы кыздын Арлан керети (?) туура келип жүрбөсүн деп, мейли эмне болсо да убактысында көрөрбүз деп жүрө берди. Ал Разы Оторду ээрчитип, 19 урулуу коңуратты аралатып, куш салдырып, саадак тартырып, Жийде[лүү] байсынды – келишкен жер экен жана өлгөнгө ат чапкан, байге да көп, бир жатат – бир турат. Разынын Сагызкан деген аты бар – Сагызкан жөндүү кара ат экен. Чапса эле чыгат жана жоого минчү ат экен. Андан башка Сарыбайдын 60 тулпары бар экен. Разы өзү атка тапчы, куу экен. Отор келгенден кийин баарын карматып, саяпкерге таптатып койгон экен. Нечен түрлүү жарак-жабдык кылдыра баштаган экен. Муну атасы билип жүрсө да эчтеме айтпайт. 19 урулуу коңураттын жаштарын үгүт кылып, камдап, даярлап жүр. «Капырай, бул эмнеси, эмне үчүн камданып жүр» деп, Отор ар кайсыны ойлоп, бу калыбы бул Туртага тийбейт ко, бу камынышы өзү да, атасы да куу көрүнөт. Сөзү бир жерден чыгат. Мунун арты кандай болот Разы[нын] мага тийгени жүргөн көңүлү барбы» деп, Отор ар кайсыны ойлоп жүрөт да, көрөрмүн артын, бирөө болор деп токтотот оюн.

10-15 күн өткөндөн кийин Разы эл жатып калган кезде келди. Отор ойгоо эле. «Чырак жагып, турбайсыңбы Отор, мен сага бир сыр айтам, эмне кеңеш бересиң? Сен экөөбүз өмүрлүк жолдош болбодук беле» деп, сөз баштап «менин тайкелерим келиптир – атамды, сени, мени, апамды чыкырып. Сенин башыңды куттуктайбыз деп. Бүрсүгүнү бармай болдук. Турта келиптир, мени чакырыптыр. Мен көрүп жүргөн Турта эмеспи, эмнесине ийменейин [деп], бардым. Сени сурайт, аман-эсен жатырбы, ар түрлүүнү айтып, сенин жолдо келеткандагы кылыгыңды айтып мактайт. Ии, түзүк жигит көрүнөт деп койдум. Мени имерип, тамаша кылып, эркелеткиси келди. Мен ага сыр берген жокмун, эмине айтса макул дей бердим. Акыр сага бармай болдум го. Сен азыр шашпа. Атамды[н] убадасына жакын калды, сага берерине. Өзүң алып келген Оторду бир жаңсыл кылып, атасы келсе колуна берип, экөөбүздүн камыбызды кылатко дедим. Ошондо Турта өңү кубара түшүп айтты. Ороз ошо жакы угуздун барын ээрчитип келет деп уктум жана 7 баштуу Желдең 7 урууну чогултуп, коңурат, тайчыкты чаап – Сарыбайды, Туртаны байлап алам деп жатыр дейт. Мен, Оторун колуна берсек, ага деле болбой чаап алам десе, кудайдын салганын көрөбүз да. Андан көрө ерендер колунда дедим. Мага ишенип, сырын айта салды. Ерендерге[ден] кече келди кишим. Алар кандай болсо да биз жардам [бере]биз бир кишисин жибериптир деди жана Оторду конокко чакырам, башын куттуктайм деди Турта. Ушуну менен кайттым».

Отор ынтаасы менен кулагын салып отурганын байкап Разы, «Отор, өз сөзүмдөн баштайын. Мен Туртага тийбеймин. Мен сени көрбөй сүйгөн кишимсиң. Эми көрүп отурмун. Сенин мүнөзүң, кылыгың, жоругуң мага жакты. Менин сырымды, жоругумду абдан билдиң. Көп эминесин айтам. Мени ала турган болсоң, сага мен тиймей турган болдум. Атам Сарыбайдын сөзүн тааныдың, мени карындаш деп айтпай, жолдош бол өмүрлүк дегенин билдиң» деп, Оторду караган. Отор, «Туртаны кантебиз, убаданы кантебиз?» деди. Разы, «Туртага камын да, амал менен болгон жумуш. Мен сага тиймей болчумун. Мактанганым эмес, чыным. Мага ылайык жигит Оторго дечүмүн. Эми бул сөздүн жайын ушу быйыл атаңдын ордосуна атам, апам үчөөбүз бармай болчубуз, зыярат кылып. Ага мына, Турта кесебейт (?), 4 – 5 айдан бери кесир болуп калды. Эми атам да айтты го. Ар-намыстан уялып, 19 урулуу коңуратты, 12 урулуу тайчыкты Сарыбай бузуптур деген сөздөн кысылып. Разы менен акылдашайын дебедиби. Андагы сөздү өзүң уктуң. Эми менин оюм, Оторду айтсак, ал Оторду кармап келип бер деген сөзгө болбойтко деп ойлодум. Мени бөлөк эл менен кас кылганы жүр деп ойлобойбу дедим Турта[ны]. Же болбосо, ал сени карматат деп ойлогон жокмун. Өжөр ит эле, макул деп, кармап келип калса, өзүм сүйлөшөм дедим. Мына өзүм сүйлөшүп отурбайымбы. Эгер макулмун десең, мындан аркы сөздү өзүң менен акылдашам. Макул болбосоң, бөлөк кыла турган ишим көп Отор. Анда кандай кылмакчысың, мен макул болбосом» деди Разы. «Ушул атам айткандай, сенин атаң Желдеңби [мененби] кагыша турган болсо, атам тик кармашып чыгат. Анда угуз эли бүт колго тиет. Алар сени алып эле тынчый турган болсо, биздин

камданып жүргөнүбүздү байкап жүрсүңго. Тек Туртаны алдап жүрүп, ээн алып чыгып, атып өлтүрөмүн да, тура берем. Ага тайчык, ерендер келип урушат, жеңсем Жийдели байсында тура берем. Жеңилсем 19 урулуу коңуратты ээрчитип алып, 7суу, Алтай, Аркага өтүп кетем» деген экен Разы.

Отор баатыр кыздын кайратына таң калган экен. Отор өзүнүн башында Разыны алам деп жүргөнүн жана атасы Ороз алып берем деп айтып жүргөнүн, Разыны Сарыбай эркекче күтүп жүргөнүн айтып жана Разынын өзүнүн эркекче иш кылып жүргөнүн айтып, Токтор Кантыкени (?) алганын айтып, ага атасы Ороз экөө куттуу болсун айта барып, Кантикеден Арлан кызды укканын айтып, Арлан менен аны убада кылганын айтып, кандай болуп сүйлөшкөнүн айтып, ал Арлан кызды көргөнүн айтып, Туртанын кармап алганын, кыз менен кумары канбай, колго түшүп кеткенин айтып, эми ойлогон ишин бул жерге келгенде, өзүнүн хайран таң калып жүргөнүн айтып, Разынын өзүнөн бир сөз чыгар деп, күтүп жүргөнүн айтып, ал сөздү укканын айтып, Отор сөзүн бүтүргөн экен.

Разы, «Арлан менен кылган убаданы мен бузбаймын. Арлан мага жолдош болот. Мен жоого аттанып кеткенде, ал үйдү, ата-энеми, малды-жанды, келген-кеткен элди, өзүбүздүн элди, баарын ордуна келтирип, багып, карап турат жана жети баштуу Желдең биздин ыктыярыбыздагы киши болот жана мен сага тийсем еренди кууп, Самаркандды алып, угуз элин бошотту деген наам гана керек» деген экен Разы. Отор макул болгон экен.

Разы куту салган бой тумарды алып келип, Отор үч уруп, Разы үч уруп, кучакташып, төшөккө бир жатып калган экен. Эртең менен Отор, Разы турушуп, чайын ичип болгондон кийин, Сарыбай Оторду чыкыртып «балам, кече абаңдын инилери сенин башыңды куттуктайбыз деп чыкырып келиптир. Ошого эртең абаң да, Разы да, мен да, төртөөбүз тең барабыз деди. Разы, Көгүчкөн Көгаланы алып келип, Отор досуңа миңгизип көр. Эртең ошону минип барсын, атын жаңыртпаганыбыз келишпес» деген экен Сарыбай.

Разы Көгүчкөнду алып келген экен. Ээр токум токутуп, Отордун өзүнө ылайык жарак-жабдык, шайманы менен камчыга чейин кийими менен, жана зоот–калкан даярдап койгон экен. [Аны] кийгизип, Көгүчкөн Көгаланы миңгизип Сарыбай, «балам Отор, сен насип болуп, кудай буюруп, бир себеп менен мага бала болдуң. Мен сени жаңыртамын деп берген жокмун. Сенин көңүлүң ачылсын деп берип отурмун, менин балам болдуң деп. Балам, Сагызкан караланы бербеди дебе. Бу, Көгүчкөн Көгала Сагызкан экөө бир айгырдын баласы. Көгүчкөн быйыл үч асый. Сагызкан быйыл алты асый жана Разы минип жүргөн ат. Бул Көгүчкөн андан кем эмес. Мингенден кийин көрөсүң жана кудай тилекти берсе балам, баары сеники[1]» деген экен. Отор Сарыбайдын ушул айткан сөзүнөн Разынын айтканынын баары рас экенин билген экен. Эртеси 19 урулуу коңураттын жакшылары, баатырлары, бийлери, ырчылары, кернейчи-сурнайчылары баары чогулуп, атка минип, коломолу-кол болуп жөнөгөн экен – шаан-шөкөт менен. Баягы 60 тулпар минилген баары Разынын камдап жүргөн жарактарынын ар кимге алып келип берип атыр. Сарыбай Көктулпар деген атын минип, жарагын асынып, жоого тие турган кишидей өңдөнүп, ээрчиген элине бир топ кайрат сөз айтып «сак болгула, уктабагыла» деп, «кандай заман болот, өзүнүн ишенген баатырлар көбүнчө силер этият болгула, тобуңарды жазбагыла. Аржагында катагандар Ержанга ат чабабыз деп кабар бериптир. Ошого барып кайтабыз – баягы Сарыбай еренден коркуп, келбей коюптур дебесин. Же тынч келербиз, же кагыша

---

[1] «Көгүчкөн көк ала», «Сагызган карала», «Көк тулпар» деген аталуулар «чаар» же «көк» («асман») түс менен байланышкан. Бирок, Пазырыкта (Алтай) жүргөн археологиялык казуулар «азыркы учурда бул аймакка кеңири тараган боз, сур, көк (серый), кара боз (мышастая, башкача айтканда – шерсть зольно-серого цвета, иногда с буроватым отливом, грива, хвост и ноги чёрные, как у саврасой – Т. Э.), буурул (чалая), ала (пегая) түстөгү аттардын такыр кездешпегенин, тору жана ага жакын түстөгү аттар исключение катары гана кездеше турганын» аныктады [Витт В. О. Лошади Пазырыкских курганов. //Советская археология. XVI. М.-Л., 1952. С. 163-205).

жүргөн – кагылыша келербиз. Катаган, кытай, тайчык – баары ерендин жанында болуп, сатылган кишилери көп жана коркуп, багынып калган эл» деп, Сарыбай нойон күүлөнүп жөнөгөн экен.

Ошону менен тайчыкка эки конуп, бир топ кептер болду. Турта Сарыбайга айттырып «Оторду ерендин Ношат[1] деген башчысы менин колума бер деп жатыр. Бербесеңер Сарыбай, Турта сенин элиңди чаап, өзүңөрдү майып калабыз деп жатыр, буга кандай жооп айтабыз?» дейт экен.

Сарыбай, «мен тирүү туруп, Оторду бербеймин жана мунун атасы, Желдең, ошол жакы угуздун баатырлары, жакшылары кол жасап келатыр» дейт. «Аларга эмине жооп айтабыз? Мен Оторду атасынын колуна беремин, эмне кылат өзүлөрү билсин, менин сырым малушпо (?) аны өзүңөр билесиңер» деди Сарыбай. Ал эми айтканынан кайтпайт деп, кытай, катаган, тайчык элдери Туртаны жана катаган, кытай, тайчыктын, ерендик болуп, бир даар жүргөн кишилери кой дешет экен. Себеби, Турта баш болуп жүргөн, ошо үч уруктун бир даар башчылары ерендер[ге] байланышып, ошол үч уруктун алды салык берип, мурунку калыбында салык берип жүрүүчү экен. Ошол уруктардан Сыр боюндагы угуздар менен байлатып (*кийин жазылган, мүмкүн* – бойлотуп) ерендерге баш ийбей жүргөндөр да бар экен. Ерендердин Ношат, Кудаз-Кустам (?) деген башчылары бар экен. Туртанын семирип, күч алып жүргөн кишиси ошо Ношат экен. Ношат да Туртанын айлында экен. Оторду Турта колуңа берем деп, убада кылып, алып келген экен. Себеби, биринчи Сарыбайга ишенбейт. Сарыбай ыгын тапса Туртага Разыны бербесин билчү экен. Башында Турта өзүнүн алдатканын билип, Оторду колдон чыгарып жиберип, эми эмине кыларын билбей, ерендер менен сүйлөшүп, убада кылышып, Оторду берип, кан болмокчу экен, ошол элге жана Отор келгенден бери Разы Отор менен бир үйдө жатат, бир турат. Кайда барса бир барат жана айтуучулар Отор менен Разыны эч айырмасы жок эрдикатындан, сени алдап жүрөт деп да угат экен.

Турта ошону менен Разынын тайкелеринин биринин ушу Разыны чыкырып алып сүйлөшөт. Сүйлөштү. «Кана, мага кылган бая күнкү убадаң распы?» дейт. «Ошол сөзүм рас» дейт Разы. Андай болсо деп уккан ушактарын айтат жана атасы Сарыбайга, «Оторду колума бер, ерендердин колуна берейин» дегенде, ага Сарыбай болбой койгонун айтат. Эми сен мага тие турган болсоң, Оторду кармап бер деп, ерендер аны өзүн[ө] кан кылмай болгонун айтат. Разы, «атам айта берет. Менин бирге жүргөнүм деле рас, эл айткандан эле алдап жүрмүн, сени кан кыла турган болсо болду. Сен Ношатты ээрчитип, түндүн палан убактысында кел. Отор эмне айтсам ишенет. Талаага алдап, ээрчитип чыгам. Атам мас

---

[1] Сөз саманиддердин өкүлү Нух ибн-Асад жөнүндө жүрүп жатат. Анын атасы Асад кадимки Мамундун өз колу менен ислам динине кирет. Асаддын балдары Нух, Ахмад, Яхья, Ильяс жана Тахирилердин тукумдары да Мамун халифке кызмат кылышып, 819–820-жылдардан баштап Нух – Самарканд, Ахмад – Фергана, Яхья – Чач менен Уструшанга наместник болуп кызмат кылышкан. 839–40-жылдары Нух ибн-Асад Исфиджаб (Сайрам) шаарынын башчысына каршы жүрүш жасап, аны багындырат жана ал шаарды көчмөндөрдөн коргоо үчүн бекем дубал согууга буйрук берген (кара: *Негматов Н. Н.* Государство Саманидов (Мавераннахр и Хорасан в IX-X вв.) Душ., 1977. 18-19, 23-б.). 224/838–839-ж. Нух ибн Асад Мавераннахрдагы Хасан жана Урашт деген жерлерди басып алган, бирок алар тынчтык келишимин бузган. Аны менен кошо Исбиджабды алып, жүзүм, эгинди коргоо үчүн айландыра дубал соктурган (кара: *Ибн ал-Асир. Ал-камиль фит-тарих* («Полный свод истории»). Хрестоматия по древней и средневековой истории Кыргызстана Т. 1. Б., 2007). Сөз, албетте Орто Азиядагы Чымкент шаарынын чыгышында, Сайрам суусунун оң жээгинде жайгашкан (араб географтары боюнча *Исфиджаб*) *Сайрам* жөнүндө болуп жатат (кененирээк карасаңыз*: Пищулина,* Присырдарьинские города и их значение в истории казахских ханств. С. 22-24; Казахстан в XV – XVII вв. А., 1969; *Бернштам А. Н.* Аталган эмгек. 285-б.).

кылып, өзү кайтарып отур» дейт. Анан, «силер кармап, алып кеткиле. Мен өзүм да силер менен кошо кетем. Менин калуума болбойт. Анда Отор үчүн мени тик мууздайт" дейт. Туртанын мойнунан кучактайт. Турта ниетинен ооп, жаны эрип кетип, "макул Ношатты ээрчитип барайын» дейт. Ал Разы келип, Оторго Турта менен сүйлөшкөнүнүн баарын айтат. Отор Сарыбайдын үйдөн чыкканда бир ишти кыларын байкаган, колуна көңүлдөгү кишиси тийсе. Турта эмес, ошол жакы угуз, ерени менен биригип келсе да, качпай согушарын таныган (?) болчу. Отор, «атама айталыбы?» дептир. [Разы] «Атама айтып келдим, рас кылыпсың деди. Жүр атама барабыз, экөөбүзгө акыл көрсөтөт» дептир. Отор экөө Сарыбайга келген экен. Сарыбай, «Отор сен бер жакта тур. Разы жалгыз барып, аракка мас кылып койдум, дароо жүргүлө, атам билип коет де, көөп турган немелер келе берет. Отор сен саадагыңды алып, акырын мас болгон киши болуп жата бер. Разы, сен Отордун жанына келгенде, Туртаны тим коюп, жанагы Ношатты атып ташта. Отор сен кыйкыр, жаныңа келгенин. Мейли Турта болсун, ата бер. Ошо убакта өзүм даяр болом. Айтор Туртаны тирүү түшүрүш керек» деген экен.

Разы Туртага көрсөткөн жерине Отордү коюп, өзү убада кылган жерине барган экен. «Бол бат. Атам билип коет, кур кыргын чыгат. Ношат бегим эрте, Отор мас болуп калды, эс алып калат. Эки кишиге кайтартып койдум. Эрте алып, сиздин шаарга барабыз, болгула Турта бегим» деп, мойнунан кучактап, бетинен өптүрүп, алып жөнөгөн экен, колу менен Ношат. Турта келсе, эки киши [менен] Отор жатыр үстөмөнүнөн. «Ал, түшкүлө» дегенде, «карма» дегенде, Отор саадак менен тартып жиберип, кыйкырган экен. Разы алдан [качан] убак эле Ношатты атып таштаган экен[1]. Турта менен салышып, оодарышып туру, карма деген атасынын сөзүн [угуп] кармап атса, мурун эле атып таштамак экен ошентип, Турта[ны]. Разы, бала эмеспи, жең деп турган кезде Отор Туртаны ыргыта сайган экен. Сарыбай Отордун үнү чыкканда, «угуз»[2] деп ураандап келип калган экен.

---

[1] Нух ибн-Асад 840–41-жылдары Исфиджаб шаарында жергиликтүү калк тарабынан өлтүрүлгөн (кара: *Негматов Н. Н.* Аталган эмгек). Бирок, бул жылдар Отор хандын тушу болушу мүмкүн эмес.

[2] Огуздун тарыхый адам болгонунда шек жок. Орто азиялык уруулар ураанды негизинен согуш учурунда, кандайдыр бир белгилүү, баатыр ата-бабаларынын биринин атын чакырып колдонгон. Мис., «Түрктүн жетинчи муунунда эгиз балдар – Татар менен Моңгол төрөлүп, атасы Илли-хан аларга Түркстанды бөлүп, биринчисине чыгышын, экинчисине батышын берген. Моңголдун үчүнчү уулу – Орто Азияны биринчилерден болуп басып алган байыркы кол башчылардын бири Огуз-хан – анын атасы Кара-хан, анын атасы Моңгол. Муну перс тарыхчысы Хондемир да эскерткен» (кененирээк кара: *Бичурин Н. Я.* Аталган эмгек. *224–231-б.*). Тыбышы боюнча «Модэ» Моа-Тунь деген мааниде. Ф. Хирт боюнча Мао-Тунь кытай транскрипциясында «баатыр« деген түшүнүк берет. ...Гун (хун) уруулар бирикмесин негиздеген Тумынь менен Модэ гундардын ак сөөк урууларынан чыккан. Гундардын бул белгилүү уруусу кытай хроникаларында көп жолу эскерилет жана ал Хуянь деген ат алып жүргөн. Ху деген биринчи иероглиф байыркы мезгилде хио болуп айтылып, Б. Калгрен эскерткендей Х – үнсүз тыбыш. ... Биз «усунь» деген термин ошол эле кытай транскрипциясындагы *хюсюнь* формасында жолукканын, ал мыйзам ченемдүү кусан = кушанга өткөнүн далилдөөгө аракет жасаганбыз. ...Кызык жери К. К. Юдахин бизге ферганалык өзбектерде өгүз (бык) *хюкюз* деп айтыларын эскертти. Иш жүзүндө гун урууларынын бирикмесин негиздеген кишинин аты Модэ, атасынын аты Огуз болгон. Булардын ойдон чыгарылбаган нерсе экенин башка фактылар да далилдейт. Батыш гун урууларынын кабарында «Хуянь князь» эскерилет. (кара: *Бернштам А. Н.* Аталган эмгек. 478–480-б.).

Түрктөн Түтүк, андан – Элче хан, андан Бакай хан, андан – Күйүк хан, андан Алынча хан, андан – Татар, Могул – эки уул. Могулдан – Кара хан, Кара хандан Угуз. Угуз хандан 10 уул болгон. Алтоо – улуу катындан. 4 уул экинчи катындан. Бүтүн Азия, Кытай..., Мисир, Орустарга чейин каратты. Кол алдындагыларды мусулман кылып, тек

Ношат менен Туртанын колу – Ношатты атып таштаган Разыны көздөй – Турта качырып калган экен. Отор келгенин саадагы менен жайлап, дароо атын минген экен. Минип, Разыны издеп, үнүнөн билип, Туртаны ыргыта сайган экен. Сарыбайдын үнүн уккандан кийин бары эле качып жүрүп берген экен. Сарыбай, «болду эми, Турта тирүүбү?» деген экен. «Отор, сен түшүп байлабасаң, мен аттан түшө ала турган эмесмин» деп, Разы, «менин саныма найза тийип калды» деген экен. Отор аттан түшө калып, саадагын колуна алып, качпа деп, карап турган экен. Үн менен Сарыбай келип; «айланайындар, тирүүсүңөрбү?» деген экен. «Тирүүбүз, Разыга найза тийип калды» деген экен Отор. «Каерге?» «Саныма». «Балам душманды өлтүргөндө кишинин чылый соо калганы жакшы болбойт, Отор сени (?)». Отор күлгөн экен, «мени менен беттешкен киши жок» деп. «Ал, жүргүлө» деп, колунун баары дайын Сарыбай Туртаны байлап алып жөнөгөн экен. Разыга аттан түшүрүп караса, санынын этин эшип кеткен экен. Балбан кыз аттан жыгылбай, Турта менен жакалашып, оодарышып турган ошол экен. Разынын жарасына кытайдын кырма кызыл дарысын кырып, сүртүп, бекем таңып, аты үстү жеңилбей, байбичесинин жаткан жерине келип, мин атка деп, миндирип алып жүрө берген экен. Кайындары бирөө да унчуга алган эмес экен. Анткени Сарыбайдын сырын билет – эгер бирдеме деп айтса, же бул эмне кылганың деп айтса, бирин калтырбай кырып кетерин билет.

Бу, баягысы кармап калыптыр, унчукпай жатып калган бир балээнин болгонун билип, ал эми Ороз бир айча болгон кезде, Отордон эч кабар жок, жүрөгү токтоно албай, Парманга киши жиберген экен, Токторго барам деп кетти эле деп. Кечикти, эмне үчүн келбеди деп. Ооруп калдыбы деп, жибердим эле деп. Келген Ороздун кишиси Парманга Токтор атасына 7 баштуу Желдеңдин айылына кеткен деп, бар болгон сөздү айтат. «Жүр балам, байкуш Ороз чыдабай жаткан турбайбы» деп, баласын ээрчитип, өзүнүн керектүү кишисин алып, Ороздун айылына келген экен. Келип, өзүнүн жөнүн айтып, эмне кылабыз дешкен экен. Ары акылдашып, бери акылдашып, казактан Таракты[1] алып, маңгыттан Жолонду алып, жарак-жабдык менен көп кол болбосо да, орточо кол менен жүрүп калган. Ал Желдең көчүп келип конуп, кызынын жайын кемпиринен сураптыр, кече келген бала Ороздун баласы экен, мыкты бала дечү эле. Алда жакпаптырбы, сурачы деген экен. Кызы, «Ороздун баласы экени анык экен, аты Отор экен. Ал кетип калды. Үйүмө барып, атама акылдашып, киши жибертем деп кетти. Мен макул болдум» дептир Арлан кыз. Келип, кемпири[не] айткан; «ата балам, бекер кылыптыр, ал баланы убара кылбай, ушул жерден чоң той кылып, Ороздү чакыртып албайт белем» деген экен.

Арлан кыз жууркан-төшөк көтөрүп барып караса, Отор жок. Нары чуркап, бери чуркап караса, ың деген дайын жок. Күздүн баш кези мезгили экен. Арлан кыз колунан алдырган бөрүдөй болуп, эмне кыларын билбей, түшүндө көрүп, ашык болгон эмеси чанып, таштап кеткенин билбей, бир ыза болуп ыйлап, атама айтпай кудай урсачы деп, эми кантем деп үшкүрүп, эртең менен байкаармын деп, үйүнө келип, бир нары, бир бери кайгырып жатып, таң атары менен баягы таштын түбүнө келсе, жердин баары кишинин изи, уйпаланып жаткан чөп. Мени таштап кетмек эмес эле, бир балээ киши колдуу болгон экен, бир эрегишкен киши алып кеткен экен, өлтүрбөсө болду. Кой, муну атама айтайын деп, чуркап келип, болгон ишти апасына айткан. Апасы Желдеңди ойготуп, болгон иштин баарын айткан экен. Желдең тура калып; «куу бала айтпай, бизди бирөөдүн жалгыз баласынын доосуна калтырган экен» деп, чуркап келип караса, бир топ киши алып кеткенин байкап, атын алдырып минип, балдарына кабар берип, өзү кыраакы менен из чалып, түшкө чейин жаңылбай келип, андан мал басып изден адашып, үйүнө кайтып

---

турбастан өмүр сүрдү. Ошондуктан «Тек турбас ата» деген атка конду (кара: *Сыдыков О.* Кыргыз санжырасы. Фр. 1990).

[1] ...Майкыдан Бактияр, андан – уйсун, андан Аксакал (абак), Жансакал (тарак), Аксакал. Тарактан Жалайыр. Аксакалдан Карача бий (*Байзак Кожабек уулу Албани.* Тарихи таним. А., 1994. 94-б.). Улуу жүз казактары Арслан бийдин эң улуу уулу Байчородон. Байчоронун эки уулу болгон. Уйсун, Уйсул деген. Уйсундан Абак туулган. Уйсулдан Тарак туулат. Тарактан жалайыр, шергели казактары тарайт (кара: М. Кыпчаков. «Кыргыз атындагы китеп» (Аз китаб кыргыз намэ) КР УИА Инв. № 139. 88 – 89-б.).

келип, эки жакка өз балдарын чаптырып, издетип, Дорон деген эң кичүү уулун «Айтакка – түрүкменге[1] чейин барып кайт. Кудай билет, Аму дарыяга чейин издеп кел. Ерен жакка алып кетпесе болду. Жайын айт» деп, «Орозго болгон иштин өзүбүздүн эки жакка издетип, убара болуп жатканыбызды билдир. Алдагы жалгыз баласы[нан] чыдап жаткан эместир» деп, бир уулун чаптырды. Желдеңдин баласы жолдон жолугуп, маанисин Орозго айтып, айылга жүрүңүздөр, бир кабар болуп калгандыр деп, колду алып жөнөгөн экен. Жети баштуу Желдеңдин айылына келип, Желдең кылмыштуу кишидей болуп, Орозго иш кылып, өзүнүн айыптуу экенин айтып, кандай болсо да Оторду издеп таап, кимдин колуна түшсө да ошону менен бири калганча кармашарын айтып, жоопту экенин билдирди. Эми эки жакка жиберген кишилерин айтып, жата бергиле деген. Ошону менен Ороз шашпаган адам экен, «кудай каалаcа эч кимге жазыгым жок эле, балам аман болор, бир жерде багылып жаткандыр. Желдеңдин кылып жаткан ишинин аягын күтөлү» деген жолдошторуна. Жолдоштору да, ошол өзүңкү макул, артын көрөрбүз, сабыр кылуу керек дешкен, конок болуп жата беришкен.

Эки жакка жиберген кишилери кабар жок деп, келе берген. Акырында Доорон келип, кабарын айтып келген. «Айтакка бардым, Айтак угуп алып, эмине [болуп жатканын] билбей отурган экен. Менден жайын уккандан кийин, бир бала[ны] Желдеңдин айылынан кармап келип, Турта Сарыбайга берип, кызы Разыны Сарыбай бермей болуптур. Сарыбайга барамбы, же силерге кабар жибереmби деп отур элем. Ал бала кимдин баласы, Желдеңдин өз балдарыбы, же башкабы деп, билейин деп отур элем. Ой Сарыбай, оңбогон кандай иш менен ойлоп кылды экен деп, мени кайта-кайта жөнөттү. Бар атаңа. Орозго кабар берсин. Камынып келе берсин. Кабар бергендир. Катагандар Ержандын ашына барабыз деп, ушуну айтып, Айтак, Турта ерендерге ишенген акмак, кыз алам деп да, бирөөнүн жалгыз баласын кармап келгенин карачы. Башына ал балээ болорун билбейт акмак. Сарыбай тирүү жандын куусу. Кылган ишин карачы, өзүнө жолдош таап алмак үчүн. Сарыбайдын сырын мен абдан билемин, ал ерендерге сатылбайт. Мунун аягынан бир чоң иш чыгат. Сарыбай ушу күндө эле кыларын баштап койгондур, мен билген Сарыбай болсо. Сен кайт. Мен Сарыбайга жашыруун барып, сырын билейин деди» деп, «Айтак» деп, Доорон ушул сөздү айтып келген экен.

Эми Ороз, Желдең, Парман, Жолон, Тарак акылдашып, Желдең, «кол жыйнап барып, Туртаны байлап алам» деген. Ага Ороз, «Айтак эмнени билер экен, ошого жараша бололу жана бала аман болсо болду. Көп кол албасак да, камсыз барбайлы. Биздин ушу кишибиз жетет. Төрт уруктун өңчөй – келе бакан баатырлары жана чатагы жок бере салса чатактын эмне кереги бар, угуз элин бүлдүрүп. Мен Жайыкты жакшы көрөрүмдү билесиңер. Көп кол алып барсак коңурат, тайчык, катаган, кытай чочуп кетип, биз менен өлгөнчө кармашат, ерендерге кошулуп алып. Башыбыз жаңы кутулайын дегенде, еренди дагы кач (күч ) алдырып, дагы букара болуп калып жүрбөйлү» деген экен. Парман кудасы Айттын (? Айтактын) Сарыбайга ишенгенин айтып жана «Сарыбай еренге сатылбайт деген сөзүнө Айтактын ишенемин. Айтак билбей айтчу эмес эле жана Сарыбайды мактачу эле. Сарыбайдын колуна эл бүт тийсе, эмне иштесе да жарай турган киши. Кече искиптерге Желдең үчөөбүз барганда, башчылыкты ошол Сарыбай кылган. Өзү сабырлуу баатыр жана абдан уруштун адисин билген куу, акылы көп киши жана ушу жүргөн баарыбыздан өнөрү артык. Мен ошол кудамдын сөзүнө карап, Ороздун акылын туура көрөм» деген Парман. Желдең, «Айтактын ошол айтканы рас. Сарыбай мактаганындай эле киши, өзү кыла берет ишти, кишиге айттырбайт. Ошол жакка барганда билбеген жолу да жок экен, жана элине айтса да уга берет, жана өзүнүн мезгеген ишинен кайтпайт, чыдамдуу. Ойлоп иш кылат. Сен колума тийсең, ушу жакы угуздун жарымы колума тийсе, еренди бир эле күндө кубар элем дечү эле. Аманчылык болсо, иштин бир кырдаалы келсе, баштабай койбоймун дечү эле. Самаркандды бир бошотсок болор эле деп, арман кылчу эле Сарыбай. Мен Туртаны байлап алам деген мааниси, Турта менин айлыма келип,

---

[1] Түркмөн

Ороздун баласын байлап алып кетиш, Ороз менен жоо кылып, же Турта менен ортодо бир иш өтсө экен. Ушуну ыза болуп, колум жеткен 7 урууну жыйнап Сарыбай, Туртадан келгенди көрөйүн дедим эле. Мейли ерени менен баары бир көрүшөйүн дедим эле. Эми силерге макул болбоду. Кана, ылайыктуу колду алып, тынчтык болсо аржагындагы Ержандын ашына чогуу барып кайталы» деп, Желдең ушуну айткан. Макул болушуп, угуздун бир кишиси 100 кишиге татый турган келе бакан баатырлары жана [эл] башкарган башчылары, өңчөй савөгөй саңлактары (?), ырчы, кернейчи, сурнайчы[лары] угуздун согуш ураанын салып жөнөшкөн экен. Ал Айтак билдирбей барып, жансыз киши жиберип, Сарыбай менен сүйлөшкөн, түндө барып. Сарыбай болгон иштин баарын айтып, кызын Туртага бербей турганын айтып, кызын Оторго берип, ошол угуз колуна ерен менен кармашып, Самаркандды бошотуп алып, Оторду кан кылып, бир өзүнчө мамлекет болуп, Ороздун Ордосун ортолук кылып[1], Сарыбай, «Самарканддан бери карай, еренге жакын, ошол Сырдын боюн кан тура турган калаа кылып жана Ороздун ордосун эл бара турган Меке сыяктуу турак кылсак»[2] деп, «антпесек көчмөндүү элибиз ошондон ар кайсы

---

[1] Эскертүү: «Ороздун ордосун ортолук кылып, өзүнчө мамлекет болуп», Отор хандын тушу жазылган дептерлер ордунда жок (78-беттен 125-бетке чейин). Бирок, араларында айтылган кээ бир сөздөрдөн улам Отор хандын тушунда күчтүү хандык түзүлгөн деп түшүнүүгө болот. «VII-к. орто чениндеги түрктөрдүн Ферганаты басып алышы менен аны түрктөштүрүү башталган. Талас өрөөнүндөгү, демек Чаткалдагы «борборлорго» таянган түрктөр Жети-Сууга да, Ташкентке да, Ферганага да үстөмдүк кылууга жетишкен. Бул аймактын баары мурунтан эле көчмөндөр менен чектешип турган. Кытайлыктар Ферганаты усундардын жери экенин жана жер иштетүү менен кошо жылкы, кой өстүрөөрүн бекер белгилешкен эмес. Шаш дагы ошондой эле буфердик өлкө болгон. Фергана, Жети-Суунун батышы жана Ташкенттин жашыл талааларына таянган түрктөр Талас менен Чаткал өрөөнү аркылуу Орто Азиянын жер иштетүүгө жараган жерлерине катуу кысым көрсөтүп – көлөкө сымал Фергана аркылуу Усрушан жана Тохарстанды, Ташкент оазиси аркылуу Согдияны, Таластын этеги Арыс, Чүй (иш жүзүндө Сыр-Дарыянын ортоңку агымы) аркылуу Хорезмди «үстүдөн» көзөмөлдөп турган» (кара: *Бернштам А. Н.* Аталган эмгек. 111-б.).

[2] Башкача айтканда кыргыздар ж. б. аталган уруулар, анын ичинде Ороздун ордосу (Отор шаары) да Сыр дарыянын жээгинде турган. Көптөгөн окумуштуулар караханиддердин дооруна чейин кыргыздардын Сыр-Дарыя эмес, Түндүк Тянь-Шанда турганына да макул болушпайт. Буга негизинен кытай хроникаларындагы кыргыздардын динлиндер менен аралашып кетиши тууралуу маалымат (кара*: Бичурин. Т. 1.* 358-б.) себеп болгон. Бирок, б. з. III-к. редакцияланган Үч династиянын хроникасында («**Сань го чжи», 30-глава)** «...Цзянькундун (Кыргыз) ээлиги сюндун (хун) ханы (шаньюй) турган Аньсишуй суусундагы ордодон алыс, түштүгүндөгү Чэшыдан 5 миң ли алыс... **Кээ бирөөлөр бул динлиндерди сюнндардын түндүгүндө турган динлиндер деп ойлошот, бирок Усундун батышында турушкан түндүк динлиндер алардын башка тукуму болушу мүмкүн** (атайы белгиледик). Булардан тышкары сюнндардын түндүгүндө Хуньюй, Кюеше, Динлин, Гэгунь (Кыргыз), Синьли деген өлкөлөр бар» (кара: *Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 2003.* С. 15.). Демек, динлиндер хундардын түндүгүндө жана усундардын батышында да турган (кара: Пьянков И. В. Жуны и ди, аримаспы и амазонки //Записки вост. отделения Российского археологического общества. СПб, 2006а. Т. II (XXVII). С. 215-238; Ошонуку эле. Западные динлины – первый тюркоязычный народ на территории Казахстана, //Арало-Каспийский регион в истории и культуре Евразии. Актобе, 2006. Ч. II. С. 13-17; Ошонуку эле. Проблема динлинов. //Вопросы археологии Казахстана. Вып. 3. А., 2011. С. 411–418; Кюнер Н. В. Аталган эмгек. С. 281. «Сягэсы (кыргыз) – бул байыркы Цзяньгунь (бул иероглиф да кыргызга тиешелүү экени аныкталган – Т. Э.) мамлекети. Анын орду Иунун (азыркы Хами) батышына, Яньцинин (азыркы Карашаар) түндүгүнө, Ак-Тоонун (Байшань, Бошань – Ала-

туруктуу жерге мекен кылбасак, бу калып менен эл болуп баш кошо албайбыз. Самаркандды жалгыз күтүп туруу кыйын» деген Сарыбай Айтакка. «Ушуга макул де, өлүмдө жолдош болгон киши эмес белек, алыс жерлерге барып, бир наам калсын» деген экен. Айтак унчукпай макул болгон экен. Сарыбай сөз баштап, «Отор, Разы экөө[н] тамаша кылып, ойноп, 19 урулуу коңуратты аралап жүр, баласын, мен бала окундум (?), аны көңүлүнө албасын. Ороздун баласын кан кылам жана Желдең да көңүлүнө албасын, менин кызым тиймей болгон күйөөсүн Сарыбай карматып алып, кызын бериптир деген майда сөздү көңүлүнө албай турган болуп. Желдең өзү деле андай ишти ойлобой турган киши, мен көргөн Желдең болсо. Оторду Желдеңдин кызын ал деп айтам жана менин кызым ат[ын] чыгарганы жүргөн баатыр кыз. Ал дагы Желдеңдин кызын алса жок дебейт. Мен кызымды ушу Ороздун уулу Оторго башынан берем деп жүргөн оюм бар болчу. Турта акмак Оторду кармап кел деп айтсам эле макул дебедиби. Көпкөн ал акмак ерен менен биргелешип алып, ал акмак мени корkконунан берем деп айтты деп ойлоп жүр. Сарыбай эмне ой менен айтканын ал ит билген жок. Эми билип жүр деп угам, Сарыбай мени алдаган экен деп жана Туртаны мен Оторду кармап алып келип бер деем (дегеним ) ал макул деп айтпайт деп ойлогон эмесмин. Макул деп барса, Отор ага кармата коет деп ойлогон эмесмин. Эгер кармап келсе эл мактайт [турган] болсо, өзүмө жакса Разыны берип, өзүмө жолдош кылып алам дедим жана кара баскан Турта кара басып, Желдеңдин айылынан кармап келгенин карачы, бир оңбогон акмак да. Эми Сакеңдин Отор колго тийгенден кийин жана кулду (?) угузка бейбаш болорун билбеген Туртага кантип кыз берсин, Сарыбай эми катаган, кытай, тайчык болбосо баары угуз колума тийди [деп] айтмак. Желдең экөөңөргө айткан сөздүн орду келбедиби, эми куда кааласа еренди кууп, Самаркандды бошотуш керек. Айтак ушуну бекем карма, же эмне дейсиң»? деген экен Сарыбай. Айтак, «тынч жаткан элди бүлдүрүп, өзүнө душман таап, ерендин тилин алып, бүлдүрүп отурганын карачы. Бирөөнүн баласын калыңга кармап келип, ошол сенин кызыңды тынчтык менен алам дегенин карачы, келесоо Туртаны. Ал эми мен [мага] Желдеңдин Дороон деген баласы келиптир. Ага айттым, Орозко кабар берсин, жетиштүү кол менен келсин, Ержандын ашына барам деп. Көп баатырлык сөздү айтпай, Сарыбайдын колуна барыптыр. Мен силер келгиче жашынып барып, билип турайын дедим. Мына ушул иш үчүн келип отурмун. Эми сенин ойлогон ишиң[дин] орду келе турган болду. Мен макулмун. Бирөөдүн четине (бетине ?) камчы тийбей, жолдош болобу. Экөөбүздөй күндө ерен менен салышпай, алыста тынч жаткан немелер өзү кошулмай болду. Чек арада жатып, канча азап көрүп жүрөбүз» деген Айтак. «Ал кыздардын жайын өзүм бүтүрөмүн. Желдеңдин сырын өзүң билесиң, кыйык киши эмес экенин, аны ойлобой эле кой. Кыла турган ишиңден калба. Мен жолдошмун жана Турта сага ишенбей еренди баштап алып, колуна тийген катаган, кытай, тайчыкты ээрчитип алып бир ишти баштаары анык, Ержандын ашында» деген экен Айтак.

Сарыбай, «азыр эле ерен менен сөзүм бир деп мактаныптыр Разыга. Разы азыр мунабу Оторду атасына тапшыргандан кийин берем деп жатырго деп, алдап айтыптыр. Сыр боюндагы угуздар жана 7 уруу угуздары Желдең, Ороз баш болуп келатыр деп уктум, деп айтыптыр Турта Разыга. Ал да билдирбей камданып жатса керек. Мага ишенбейт, азыр Разыга ишенип тур. Разы айтыптыр Туртага. Баласын берсе эмнеси бар, ага болбой

---

Тоо ?) жанына (капталына) туура келет» (кара: *Кюнер Н. В. Аталган эмгек.* С. 281.). Эскертүү; Н. Кюнер бул окуяларды X-к. Сун династиясынын «Обозрение Танской истории» деген Ван Гонун эмгегинен которгон, бирок анда кыргыздар жөнүндөгү жогорудагы маалымат жок. Бирок, Н. Аристов моңгол чапкынына чейин эле Тянь-Шанда кыргыздарн жашап келгенине бекем ишенген (кара: *Аристов Н. А.* Аталган эмгек. С. 219–20).

тийсе, кудайдын салганын көрөрбүз, же кудай ага берер, же бизге берер дептир Разыга. Турта Желдең менин айылымдан байлап кеткен немелерди Сарыбай, Турта экөөнү тең байлап алам деп айтып атат уктум дептир. Эми мен өз ишимди кыла берем, жайды өзүң билесиң» деп, Кутуну көкүрөктөрүнө үч уруп, Айтакты түндө Сарыбай кайтарган экен. Бул Айтакка жолукканын Оторго, Разыга айткан эмес экен. Оторго, ошолорго ишенип иш кыларынын чекесин айткан экен Сарыбай. «Сенин атаң Ороз жана Желдең ошол жакы угузду жасак кылып, алып келатыр деп уктум» деп айткан. Ал Ороз 7 баштуу Желдең балдары менен Парман, Токтор, Тарак, Жолон колу менен нече күн жүрүп, Айтактын айлына келген экен, түркмендер келе турган конокко. Айтактан угушкан чак болуп, дайын болушуп турган экен. Анан тосуп чыгып, бөлүп кондурушуп, үйдү бир тигишкен. Күтүшүп, 1, 2, 3 күн жатышып, тыңданып 19 урулуу коңуратты көздөй жөнөшкөн. Сарыбайга кабар беришкен экен.

Сарыбай Туртаны байлап алып, Ношатты өлтүрүп, үйүнө келген кези экен. Өзү кандай көпчүлүк болсо да дайыма камданып, бар ишинин бар чак окат (? оокат) ар түрлүү мейман күтө турган сарамжалын дайын[дап] отурчу экен. Сарыбайдын жана – 19 урулуу коңурат – кызы Разынын эмне айтса макул болуп турушчу. Меймандар айлына келип жатып калган экен. Сарыбай эң чоң аксакалдарын бир үйгө кийирген. Сарыбай өзү келип учурашып, амандык айтышып, Желдең менен тамашалашып, картайбапсың деп, башкаларына көрүшпөгөндүгүн айтып, Ороз менен бир жолу көрүшкөн экен. Желдең өзүнө жараша сөз айтып, Сарыбай экөө калжыңдашып турган. Ошону менен төшөктөрүн салдырып, кош айтып чыгып кеткен. Айтакты чакырып, экөөбүз бир жаталы деп, башкалары Сарыбайга баа беришип: «берен экенго» дешип, «анык Сарыбай дегендей эле бар экен» дешип, «капырай, биздин чогуубуз үчүн эштеме айтбайт ко» дешип, ар кимиси ар кайсыны Сарыбайдын айлында тре (?) этип, үн жок, маңк-маңк эткен дөбөттөрдүн үргөн үнү гана бар, ошончо калың киши келип консо да, эч бир каңылдаган добуш жок жана 19 урулуу коңураттын үй жасалгасы, кийимдери, адептүүлүгү, сыныктыгы (? сылыктыгы) өзүлөрүнөн ашык экенин моюндарына алып жатышкан. Сарыбай Айтакка болгон иштин баарын айтып, Айтак өзү сүйлөшүп кеткенден кийин өзүнө тоодой кайрат бүтүп, баштан-аяк баарын айтып, Ношатты өлтүрүп, Туртаны тирүү байлап алганын айтып, Разынын жарадар болуп жатканын айтып, Оторду, Разыны эртең жолугуштурарын айтып, өз сөзүн эмне болду деген экен Сарыбай.

Айтак, «үмүтүм сенден ушул эле, мен бул келген аксакалдардын баарын баягы сени менен убада кылган ишке көндүрдүм. Оторду, Разыны, Арланды баш коштурууга макул болушту жана Оторду кан кылууга да макул болушту. Ороз айтты, Оторду кан болуш тууралуу [адегенде] мен келиндерди алайын, [анан] бир чоң той берейин. Бүтүн угузду чакырамын. Анан ошондо [кан] кыларсыңар жана Отор жаман-жакшыны эми жаңы көрдү. Сан (?) Ержандын ашында жана бүтүн угузду көрөт жана ерендер тынч болот дейсиңби, Отор ошондой жерде бир көрүнсүн. Турта карап жатат дейсиңби? Айтак, сенин сөзүңө караганда Сарыбай [да] тынч жатат дейсиңби деди Ороз. Иштен сүйлөшө бергиле деп, Ороз жана тайчык бар, кытай бар, жедигер бар, калча бар, катаган бар – алар эмне дейт Ерендер. Бир кудай берсе, бир сыйра салгылашып алып, анан кан кылгыла. Отор да ысык-суукту, жакшы-жаманды көрүп, бышып алсын. Менин силерге айтар сөзүм ушул деди Ороз деп», Айтак айткан экен. Сарыбай, «табылган сөз» деген. «Ороз ошондой кытмыр ойчон киши экен го» деген Сарыбай. Эртесинде турушуп, Сарыбай тарап конгон элди чогултуп туруп, сөздү башынан, болгон иштин аягына чейин, ийнесинен жибине чейин калтырбай, түгөл келген конокторго айтып, «мына, Желдең сени бүлүккө салган айыптуу Туртаң деп, алдырып келген Туртаны жана Орозго, жалгыз баламды карматып, Сарыбайды[н] кордугу ай. Сени, сенден келгенди көрөм деп ачууланып, кулду (күлдү ?) угузка ишим ак деп, чаап алам деп, же болбосо бара көрөрмүн деп, келгендирсиң, мына балаң» деген экен Сарыбай.

Ал, эл көргөнү да, көрбөгөнү да, Оторду көрөбүз деп, кандай Отор болду экен дешип, таң калып карап турган. Ырчылары камданып, ал, Разы атка мингенге дарынын

себебинен жарап калган. Экөө алдында, согуш кийим кийип, чоролору артында, Көгүчкөн Көгаланы Отор минип, Сагызкан Караланы Разы минип келишкен. Шаан-шөкөт менен элге салам берип, тартип менен бирден көрүшүп, Токторго, «пайда (? кайда болсо бирге) жүрчү элек, сен жалгыз бар деп, сага жолукпай, сени кошо ала кетпегениме армандуумун. Жолдо жүргөндө жалгыздыктын азабын көп тарттым» деп, мойнунан Токторду кучактап калган экен Отор. Токтор «ошо мага жолукпаганың жакшы болгон экен, мен кошулсам мындай болот беле? Мына сенин жоругуң үчүн бүткүл угуз чогулуп отур. Өзүң да бүтүн маалим болуп алдың. Угуздун бешиктеги баласы да билди, еренге бүт угулдуң» деп, досун кучактап, биринен-бири ажырашпай койгон экен, эл ажыраткан экен.

Турган эл Отор менен Разынын экөөнүн келбети бирине бири жарашып, эч айырмасы жок экенин жана экөөнүн баатырлыгына кайраты бирдей келгенине таң калышкан экен. Ислам дини арап, эран маданияты, адабияты кошо кирип, мунун ыры бар экен. Келе-келе дини башка болгондон кийин жоголуп, Мансук (?) болуп калган. Анын жайын ислам динин, арап, ерен [жайын] жазганда түшүнүктүү болор. Ал турган элге Ороз, Желдең, Парман, Тарак, Жолон, Айтак өзүлөрүнүн оюндагы сөздөрүн айтып кубанышып, «Туртаны эмне кылабыз?» дешкен. Көпчүлүгү муну Желдең менен Отор, Сарыбай билсин дешкен.

Ошондо Отор аксакалдарга, «макул болсо[ңор] Туртаны бошоткондо макул көрөм. Турта да көптөн чыга коет дейсиңби? Бир четин мактык (?) жолдо келатканда керек киши экенин билдим эле жана экөөбүз убада кылыштык эле. Бул ишин эч кимден көрөр жөнү жок, өз[ү] кылган ишин» деген Отор. Ошону менен аксакалдар, чечендер, берендер, кыраандар, нойон баатырлар Туртага бир топ кеп айтып, мейли өзүң бил, еренге барсаң мейли, бизде турсаң баягы өзүбүздүн Туртасың дешкен. Ошентип кое берген экен.

Турта, «өз айыбым өзүмдө. Мен Оторго кылган убадамдан кайтпаймын. Мен угуз элине айыптуу болгонумду жаңы билдим. Эми угуз элинен чыкпаймын. Еренге барбаймын» деп, Турта элди караган. Катаган, кытай, жедигер, калча, тайчык – булардын баш адамдары да келген Туртаны сурап. Анан Турта Кутуну көкүрөгүнө үч уруп бата кылышып, жарашып, бүтүн угуз Ержандын [ашын] көздөй, катаганды карап жөнөшкөн экен.

Менин атам Алымбек айтчу эле, «мурунку аталардан укчу элем, Сарыбайдын Оторду алып, кайындары – тайчыкты көздөй жөнөгөнү: Ороз, жети баштуу Желдең болуп, Парман, Тарак, Жолон 7 уруудан чыгып, Айтакка – түркмөнгө келип, анан 19 уруулуу коңуратка келип, Сарыбай тосуп алып, күтүп, эртесинде Сарыбай сөз сүйлөп, Отор менен Разынын элге келип амандашып, ошондогу көрүнүшүн – экөөнүн жана сүйлөгүчтөр сүйлөп, Отор, Туртаны көп макул болсо бошоткула деп айткан сөзүн, Турта айыбым мойнумда деп, Оторго кылган убадада турамын, угуз элине эми шерменде болгоймун деп, кутуну көкүрөгүнө уруп, бата алып жана кулду (?) угуз эли бир жыл болуп бир жеңден кол чыгарып, Ержандын ашын көздөй жөнөгөнүн айтчу экен, мурунку ырчылар. Бул тарыхый жомоктор-ырлар арап-ерен адабиятына каршы келе турган болгондон кийин, же китеп болбой, же ыр болбой, тимеле жөө жомок болуп, ооздон оозго кала берген" дечү эле жана жогорку атам Алымбек айткан жерлер эң кызык болуп айтылчу экен, ырлары дечү эле. [Атам] ошондон калган ырлар деп, үн салып, «»Балык айтканын уктум 10 жашымда, атам Акылбектикине келди, Балык ырдаганы. Кайсыны айтайын?» дейт экен. Менин атам Акылбек, «ой байке, угуз элин куткарган Оторкандан бир аз баштап коюңуз» деди. Балык, «ой Акылбегим, ал [эскиден] калган жомок турбайбы. Мурунку аталарыбыз бутпарас турбайбы, бир даар ырдап келип – койгула, муну айткан киши күнөөкөр болуп калат турбайбы, андан көрө атабыз Манастан баштайын деди эле Балык, ошол эсимде бар» дечү эле атам Алымбек жана казакка сиңип кеткен кушчу – кушчу ичинде сабатар экен, кийин көчүп келген экен кыргызка – Жаныш акын, [ошол] айтчу экен анча-мунчалап жана түбү саруу экен, эки көзү сокур акын Чөжө акын, кыргызка көрөмүн деп келген экен. Ал дагы казакка сиңген экен. Байтикке келип өлөң айтып, сарууга Таласка барып кайткан экен. Ошо киши да айтчу экен дечү эле менин атам Алымбек жана муну кече чыгатай (?

чагатай) үлүшүндө (? улусунан) чыккан Абыл-Казынын жазмасынан көрдүм[1]» дээр эле атам Алымбек. Муну кийинки Ата-Мекен согушта каза болуп кетти, менин Жамалбек деген балама окуп жүргөндө айтчу эле, «балам, окуп жүрөсүң, ушуну жазып китеп кыл, боштончулук заманга, кандай сөзгө болсо да» дечү эле. Ошондо Балык раматылык баштаганда да моминтип баштачу эле. Бирине-бирин улаштырып отуруп Манаска алып баруучу эле. Ошондо оюмда калганы деп айтуучу эле.
Атам Алымбек, «Жоо ерендер, жоону жеңип кыугандар, алгыр куштай кыраандар,
Угуздан чыккан берендер, кол баштаган нойондор,
Ал берендин жайын айтайын,
Самарканды куткарып, Отор шаарын[2] салгандар,
Угуз элин куткарган[3], Оторкандай берендер,
(Оторкандай берендер деп эки айтат экен),
Атасы Сарыбайдан үлгү алган, аялдан чыккан эр экен.
Саадагын колго алганда, ирмегенин жазбаган,
Паашасын алдап жайлаган, Туртаны алдап байлаган,
Оторкандын айымы, Сарыбайдын кызы экен.
Ал кыраандын ичинде Разыдай мерген бар.
Керейги (кереги ?) элге белгилүү, кылган иши үлгүлүү,
Аялдардын ишмери, айтканы ката кетпеген.
Оторкандын айымы, ал кыраандын ичинде,
Желдеңдин кызы Арлан бар.
Сырдын боюн жайлаган, сыдыра бээ байлаган,
Үйү сайын бозо бар, чогулушкан жоро бар,
Жоро сайын бийи бар, чоко (ортосу ?) салган ордо[4] бар,
Кыргыз, кыпчак, курама, маңгыт [деген] эли бар.
Кыргыздан чыккан Ороз деген беги бар,
Сырдын боюн гүлдөткөн, ордо салып түрдөткөн,
Үйдө жатып тилеген, тилеги ката кетпеген,
Оторкандын атасы, батагөйү Ороз бар.
Караңгыда жол тапкан, жолго көсөм эр экен,
Ороз бийдин достусу, ал кыраандын ичинде,
Кыпчактардан Парман бар,
Көпөлөк кууса бир кууган, көйнөк кийсе бир кийген,
Атыр төшөктө жатышкан,
Талашып эмчек эмишкен,
атасы менен атасы (апасы ?), туубай жатып дос кылган,
Оторкандын достусу, ал кыраандын ичинде Токтор деген нойон бар,
Ичкенин шекер-чай кылган, кийгенин макмал-шай кылган,
Жийделүүбайсын жайлаган,
19 уруулуу коңураттын көңүлдөрүн жай кылган,
Масакыт менен искипке,
Айтак, Желдең үчөөбү, аттанышкан бир болуп, айтканынан кайтпаган,
Кайра тартып качпаган, келбети жуттан (журттан ) бир башка,
Ал кыраан нойон башчысы, Сарыбай деген берен бар.

---

[1] Чыңгыз хандын тукуму, Араб Мухаммед хандын уулу *Абул Газы Бахадур хандын* (1605–1665) «Родословное древо тюрков» деген кол жазмасын айтып жатат. Балким 1906-ж. Казан шаарында чыккан нускасын көргөн болушу керек.
[2] Бул жерде сөз Отор (Отрар) шаары жөнүндө болуп жатат. Кийин кененирээк кайрылабыз.
[3] Балким эфталиттерден, же ирандык саманиддерден куткарганын айтып жатат
[4] Ордо, Отор шаары деп, бирдей айтыла берет.

Күндө ерен менен салышкан, ыгын абдан алышкан аярлыгы бар экен.
Сарыбайдын дотусу (? достусу),
Ал кыраандын ичинде түркмөндөн Айтак аттуу нойон бар.
7 уулу бар экен, жетөө тең эр экен,
7 баштуу Желдең дээр экен, 7 урууга ээ экен.
Арлан кыздын атасы, ал кыраандын ичинде 7 баштуу Желдең бар.
Желдеңден тууган ал кыраандын ичинде Доорон аттуу нойон бар.
Ерендерге жээлигип, башынан чоң иш кылып, айтканымды кылам деп.
Өз ишине тутулуп, айыпкер болуп угузка, кылган ишин кечир деп.
Оторкандай адил кан, көпчүлүккө кеп айтып, көбүң бил деп, деп айтып,
Кечиргиле деп айтып, кечирген экен Туртаны.
Мыкты жолдош болуптур, Оторкандай беренге.
Ал кыраандын ичинде Турта деген нойон бар, казактардан Тарак бар,
Маңгыттардан Жолон бар, катагандан балан бар, жедигерден түлөн бар…
Булардын атын унутуп коюптурмун,
Ана калча, кытай, курама, буларды айтып келип көшүтүп»….

*Ал Карча (Карача ?) бийдин адамы Отордо[1] турган Күнтуумага барган экен. Кабарга келдим чакырып. Сарман келиптир жуучу болуп, Баласагындын баласы Ташыны ээрчитип дептир. Күнтуума, «жакшы болуптур, сен бара бер, биз да уктук. Биздин катын барат. Мен эртең барам. Мында, ордодо жумушум бар. Ой, катын Мактым, эмне үчүн тийбей жүр[өсүң] Кочкорканга десем, өзүбүздүн Ташы жээнди таап алган турбайбы. Агыш бала кой (?) келип жүрчү эле. Ошол экөөнүн ордунда жүрүп баш коштурмак турбайбы. Сен барып кызматын кылыш. Мен эртең барам. Сен эмне үчүн эртең барасың? Сенин бир балээң бар. Кочкорго убадага байланып жүргөн» дейт экен, катыны Эренче. Күнтуума катынынын сырын билчү экен. Мактымды Кочкорканга тиесиңби деп сүйлөшүп жүргөнүн аялы Эренче жактырбай жүргөнү өзүнө маалым. Ошону үчүн Эренчеден «Кочкордун атасынын көрү, Ташыга эле беремин. Кочкор да менин сырымды билет. Эгер болбой, мага бер десе, колуңдан келгенди кыл десем, мен Ташыны кошуп алып, бүтүн 10 сан Парканды (? Барак хан) кошуп алып, бүлүк саларымды [саларммын]» деп катыны Эренчени жөнөткөн экен.

Өзү Кочкорго баратып, ой ойлогон экен, «кысталак, Кочкор бирге өскөн неме эле. Ушул Отордун кандыгын ал билбейт, мен билемин, экөөбүз түпкүлүктүү дос элек. Намыс кылып Мактымды чанып, Ташыга тийгенине ыза болуп, Ташыны бирдеме кылып бер десе эмне кылалам. Анан, Ташыны кармап берсем, Мактым Кочкорго тиет дейсиңби? Экинчи[ден], Карача өлсө бул иштен кайтпайт, картайганда ыйлатып. Аны боздотуп маскара болгонум кандай жана Ташыны кармап берсем, бул Кочкор өзү өлтүрө албайт. Адолот [? Адөөлөт] кандан[2] руксат тийбей, эгер Адолоткан өлтүрбөй, кое берсе, мен эмне

---

* Жогоруда эскертилгендей 78-беттен кийин эле 125-бет, же Отор хандын тукуму Ташы (Калы бийдин уулу), Кочкор ханга тиешелүү учур менен уланат. Айтылып жаткан маалыматтарды салыштырганда Баласагын хан Отор (Ордо) шаарын Кочкор ханга калтырып, өзү башка жерге шаар салдырып жаткан. Окуя Ташы барып Отор шаарын көрүп, аны кайра өзүнөө алууга аракет кылып жаткан жер менен башталат.

[1] Ошол эле шаар.

[2] Адолот (Адөөлөт) мааниси боюнча башка тилге которулбай турган ат, ошондуктан муну кытай хроникасында эскерилген бир нече Адо Пэйлого салыштырууга болот. «...Бул өзөндө (Лоша, Леша, азыркы Талас – Т. Э.) Исин уруулары (усун – Т. Э.) туруп, Исиндердин туцзюэси (же, усундардын бир бутагы) бар. Чжидэнин бийлигинен кийин (756–758) туцишилер (түргөштөр) бытыранды болушту. Сары жана каралардын тукумдарынын баары өзүлөрүн хан кылышты. Бир-бирин чаап баштагандыктан, Кытай көп жолу кийлигишип, бирок аларды жеткиликтүү түрдө жөнгө салууга убакыт болгон

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

болом? Үчүнчү[дөн], Карачаны Адолоткан жакшы көрөт. Карача так Адолотканга барса эмне кылам? Анык тилин алат. Баарын кое турайын. Баласагын кыргыз, казак, маңгытты ээрчитип алып келип, уруш салса анда кантем? Жолу болуп турган неме быяктан Тайча кан чыкса, Оторду алып койсо, мен шерменде болбогондо ким болот? Арбакка чет (?) болом. Мүмкүн Ташы[ны] менин айтканымдай болуп, [колго] түшүрүп алсам жакшы. Колго түшүрө албай калсам менин атым ким болот, жана Мактымды эптеп көндүрүп беремин деп, ушу күнгө чейин айтып келдим. Буга эмне жооп айтамын жана курч ит эле, тарпа-турпа баш салып, зынданга салып, барып, колу дайын неме Ташыны Сарман-сурманы [менен] өлтүрүп, Мактымды олжого түшүрүп, кичинекей Көкчөнү[1] чаап алып, анча-мынча элди кан талоон кылса кантем?» деп, Күнтуума бир жагына оой албай, «эмне болсо да Ташыны көрөйүн, сыныма жакса элден-журттан калбайын. Ташы сыныма жакпаса ага окшогон бала, Мактымга окшогон кыз кайда калбаган. Карача ыйлап калар. Кочкор менен дос элем, достугуна жараган болом. Эми Кочкордун түрүн көрөйүн» [деп] оюн бүтүргөн экен.

Эми Кочкор Мактым чанып кеткенин угуп, ыза болуп, «Күнтууманы өлтүрүп, карпа-курпа барып, Карачаны чаап алып, Мактымды олжо кылып, зордук кылып, аял кылып алсамбы, Ташыны жолдош-жоросу менен кырып, Адолотканга кабар берсемби» деп, «Адолоткан өзүмдү орундан калтырып, тигилердин баарын бошотуп, Баласагындан коркуп уруш салып, Оторду алып, өзүмдү жыгып алып (? алам) дейби? Ким билет, Баласагындын даңкы кыйын угулуп жатыр, кандай кылсам» деп, өзүнүн аталарынан келаткан аяры Байзак куу деген бар экен, ошону менен акылдашайын деп, Байзакты чакырып алып, болгон иштин баарын айтып, эмне кылам деген оюн айткан экен.

«Мактым үчүн ашык болуп, ичим күйүп, өлүп баратам Байзак» деген экен. Бирге өскөн кече аярды – «Баракан болгондо, сенин атаң менин атам Көкчө менен болгон экен. Кан ичме Карачты өлтүргөндө батабыз Алоокекан сенин аталарың жараган экен (?). Эми амалын таап Мактымды алып бербейсиңби?» деген экен Кочкоркан. Куу Байзак, «өзүң менен бирге өстүм эле. Мына экөөбүз тең жигитчиликтен өтүп, 40ка чамалап калдык. Атың чыкпаса жер өрттө деген, менин акылыма көнсөң, Мактымды колуңа бир тийгизем» деген экен куу Байзак Кочкорканга.

Ал Кочкоркан, «кандай кыласың?» деген экен. Куу Байзак, «сенин казыр Күнтууманы өлтүрүп, барып чаап алам дегениң менимче макул эмес. Сарман, Карача, Ташыны[н], Агышты[н] кандай баатыр экенин деги угуп жатырбыз. Мактым да оңой эмес, өңчөй баатырлар. Күнтууманы өлтүрүп, барып аларды чаап алыш оңой эмес, тирүү сенин

---

жок. Цяньюандын тушунда (758–780) Хэйсилердин (?) каганы Адо Пэйло (туцзюэлердин Кара уруусунун каганы) кытайлардын сарайына элчи жибереүүгө мүмкүнчүлүгү болсо» (кара: *Кюнер Н. В.* Аталган эмгек, 97-б.), Кара уруусунун ханы Адопэйло Юнын 758-ж. сарайга кабарчы аткарган. Да-ли башкарган мезгилде, 766-ж., гэлолулар күч алып, конушун Суййе суусуна көчүрүп кетет» (кара: *Бичурин Н. Я.* Аталган эмгек Т.1, 306 – 307-б.).

[1] Кийин жагында Көкчө Отор хандын Арландан туулган уулу экени айтылат. Кийин өзүнчө шаар салдырса керек. Негизинен караганда орто кылымдагы шаарлардын көбү аны салдырган адамдардын атынан аталышы мүмкүн экенин эстен чыгарбайлы (Талас аймагындагы шаарлар тууралуу **63-түшүндүрмөдө** кененирээк маалымат берилди). Көкчө шаары жөнүндө так маалымат жок, бирок Мухаммед Хайдар Дулатинин «Тарих-и Рашиди» деген белгилүү эмгегиндеги (мис., А., 1999, 460-б.) Балхаш көлү мурун Көкчө деңиз (Кукча-Теңгиз) жана азыркыга чейин Көкчө-Тоо болуп аталган тоонун аталышы жөн жерден болбой, булардын кандайдыр бир байланышы бар болушу мүмкүндүгүн көрсөтөт. Бирок, Балыкооздун айтканы боюнча бул шаар Сыр-Дарыя эмес, андан алысыраак жерде жайгашкан. Араб-перс тарыхый-географиялык адабияттарында орто кылымда Сыр-Дарыяга жакын Сүткент, Сыгнак (М. Кашкари боюнча бул экөө огуздардын шаары) Көк-Кесене шаарлары кезигет.

колуңа оңой менен түшпөйт, же сени өлтүрүп, жолу болсо Оторду алып, мындагы ногойду кырып, ал түгүл Адолотканга баш салат, атасы Карачтын өчүн алам деп. Мен уккан Ташы болсо, жолу болбогон күндө да далайыбызды кырат. Андан көрө Күнтууманы алдап, Ташыны колго түшүрүү керек. Адолотканды да алдоо керек, же болбосо ал киши бул иштерди жактырбайт. Ташыны, Күнтууманы, Агышты колго түшүрүп алсак Баласагын Адолотканга барып, алдына жүгүнөт» деген куу Байзак. «Мактымды ага чейин көндүрүп албаппызбы?» деген экен куу Байзак Кочкорканга. Ал Кочкоркан, «кана, кандай кылуу керек?» деген. Куу Байзак, «Күнтуума келгенде сыр бербе. Күнтуумага тийбеген Мактымга оюна кетпесин» деп, «Күнтууманы бизден жакшы билесиң. Ошонун көзүнчө мени [менен] акылдашкан болуп, Адолотканга жибер. Мен барып, Адолотканды калп айтып, бузуп келейин. Күнтууманы колго түшүрүп, алдап алсаң Ташыны, Агышты колго түшүрүп алыш оңой. Себеби, Ташынын атасын [ын] ордосун мурдосун (?) сүрөттөрүн көрсүн деп келип, конок болсун. Баарыбыз бир Ороз, Оторкандын тукумубуз, тиги Адолоткан менен Тайчакан деле акылдашып бир жүрбөйбү. Экөөбүз деле ошондойбузбу (?). Күнтууманы өзүң ишендир» деген экен куу Байзак Кочкорканга. Кочкор макул деп, Күнтуума келип, салам берген экен Кочкорканга.

Кочкоркан күндөгүсүндөй эле Күнтуумага «кандай, Сарман, Ташы келиптирби?» деген экен. «Ташы келиптир. Мен уккан сөздү сен деле уккандырсың. Мактымды алам деп келиптир. Агыш куу, өзүнө деле айтып жүрчү эмес белем. Мактымды бузуп жүрөт деп айтканым келди. Ташыга карындашыңды бербе десең, кайтарайын кет деп, эмне айтасың» деген экен Күнтуума. Кочкоркан, «мага тийбей, Ташыга тийип алган немени мен кантем Ташыны кетир деп эмне кылам. Өзүң деле Мактым Ташыга эмне мамиле кылып жатканын билгендирсиң. Көңүлү Ташыда экен. Экөөбүз канча имерген менен болгон жок Мактым. Мен койдум, Ташыга бере бер» деген экен Кочкоркан. «Андай болсо өзүң айтканыңдын бары – Мактым[ды] Карача бийдин өзү деле Ташыга берүүгө макул көрүнөт. Мен тимеле амал жогунан гана, картайып калып гана чыкыртып отур[мун]. Ал өзүнө маалым Карачанын сыры. Ал Адолотканга гана карап жүр. Ал болбосо тигил көп маңгытка бая эле кетип калмак болучу. Мактымды басып деле, сага берет болчумун» деген экен Күнтуума Кочкорканга.

Кочкоркан, «Күнтуума, сен мага кылмыштуу кишидей болбо. Сенин сырың мага маалым. Акыры баарыбыз бир кишинин тукумубуз, Ташы экөөбүз [да]. Ташынын сырын бил. Тайчакан менен Адолоткан экөө деле мурунку кекти ташташып, экөө эки чоң кан болуп жатпайбы. Ушул 10 сан Бараккан, 10 сан ногойдогу майда кандык, баары эле ошол экөөнөн коркот. Ошол ынтымагынын себеби эмеспи. Күнтуумам, сага макул болсоң, Ташыга ишенсең, экөөбүздү аралаштырып, бирибиздин сөзүбүздү бирибиз уга турган кыл. Анын атасы да кан болуп, Баласагын деген калаа[1] салып жаптайбы. Эми менин сырымды билдиң. Мына Байзак дагы ошону макул көрүп отур» деген экен Кочкоркан Күнтуумага.

Күнтуума, «андай болсо Ташынын сырын билип, анан жообун айтайын» деген экен – Күнтуума Кочкорканга. «Узабай эле айтасың [кайтасың] го» деген. «Макул» деп Күнтуума жүрүп кеткен экен.

Кочкоркан Байзакка, «сен барбай эле кой Адолотканга. Ал киши бизге алдатпайт жана кечигип кетет. Эң бат барып келгенде токтобой 2 айда келесиң, же болбосо 3 айда келесиң. Күнтуума мага ишенип кетти жана Ташы бат эле кетем дейт. Жана бул ишин бат бүтүүбүз керек. Мактымды зордук менен эрте алуу керек. Болбосо өлтүрүү керек. Колго түшүрсөк Ташыны да өлтүрүү керек. Анан Баласагын, Адолоткан, Тайчакан – бул иш бүткөндөн кийин көрөбүз аларды. Андан көрү, сен кайсы [жерден колго] түшүрө турган [жериңдин] кана жөнүн айт» деген экен Кочкоркан Байзакка. «Сен конок кыласың, мас кылып. Анда түшүрөбүз. Анда түшпөсө ордого киргенде, эшигин бекитип коюп, анда түшүрөбүз» деген экен куу Байзак.

---

[1] **45-түшүндүрмөнү караңыз**.

Кочкоркан, «макул, ал ордону зыярат кылып жүргөндө, Ташылар өзү болбойт ко, анын жанында киши болуу керек ко» деген. «Рас, сен болбойсуң, сен ооруп каласың. Мен боломун бизден» деген Байзак Кочкорканга.

Кочкоркан, «ал жарак-жабдыгы менен кирет. Сени жана ордону башкарып турган 3 төрө бар. Алар анык болот. Анан силерди өлтүрөт жана 40 жигити [бар] – Ташы, Күнтуума, Агыш – үчөө оңой менен колго түшпөйт ко?» деген экен Байзакка.

Байзак, «төрөлөр өлсө өлөт да. Мен сага кызмат кылгандан кийин башымды сайдым да. Ата-бабам силердин жолуңарда өлүп да келатат, тирүү болуп келатат. Иши кылып силерден оокат кылып, бергениңерди ичип келатырбыз жана бийликтин бири биздин колубузда. Анан силердин мындай ишиңерге жарабасак, силерге кылып жүргөн кызматыбыз арам да» деген экен куу Байзак. «Жана алар ордого камалгандан кийин бат эле колго түшөт, себеби алардын тышынан кайтарып туруу керек. 3-4 күндө курсагы ачып, суусап, чарчап, өзү жарак-жабдыгын таштап колго түшүп берет. Мени өлтүрсө мейли» деген экен Байзак.

«Айланайын Байзагым, жарайсың» деп, казынадан өзү көтөргөндөй алтын дилде берген экен Кочкоркан Байзакка. Байзак алтынды көтөрүп алып, кубанып үйүнө келген. «Менин тукумум ушундай иш болбосо, качан жарыган элек. Кочкордун өлгөнү, Ташынын өлгөнү мага не керек. Кагыштырып, ушинтип алтын табуу керек. Ташы менен ордого камалганда же өлтүрөр, аны да көрөбүз убактысында» деп, Байзак жата берген экен.

Күнтуума келип, Карача, Сарманга жолугуп – «мына келдим мен» деген. Карача, «Сарман, агаң (?) Калы бийдин баласы Ташыны ээрчитип, карындашың Мактымга жуучу болуп келиптир. Кана, буга эмне жооп айтабыз Күнтуумага» [дейт].

Күнтуума, «биздин кыз болгон менен бир чети Сарман аке өзүң кошо биле турган иш, Сарман аке. Мактымды Кочкоркан мага бер деп сурап жүргөн болчу. Мен Мактым тийсе берейин дегеним рас болчу. Бирок Мактым болбой койду. Кочкор басып бер деп да айтты. Мен ага Карача бий Адолотканга барса, экөөбүз да эмне болобуз, ит болобуз да деп жооп айтып жана Мактым абдан чоңойсун, анан өзүң да, мен [да] бир жагынан болуп, аласың да деп, ушу күнгө келдим. Мактым мага сырын айткан деле жок. Мен өзүм деле билип жүрдүм – Агыш мырзанын келип-кетип жүргөнүнөн. Мына, Ташыны алып келип калыпсыз Сарман аке. Мен жок дейт белем, өзүңүз билиңиз», деген Күнтуума. «Болду, сөз бүттү! Күнтуума коногуңду качан жөнөтөсүң, өзүң кыла бер. Сарман экөөбүз өзүбүздүн аңгемебиз менен жата берели» деген экен Карача бий.

Сарман, «иним, мени сыйласаң сени кудай сыйласын. Канында сөзүң болсо, эмне болуп жатканын өзүң байкап келгендирсиң, аны жай сүйлөшөбүз. Ташы жээниңди көрөрсүң. Мына Агыш иниң. Өзүңөр биле бергиле. Силерди баш коштурайын деп гана жүргөн кишимин. Калмакты кууп, казак-кыргыз минтип өчөөбүз (?) ортобуздан Сагынды кан көтөрдүк, 7суу кандыгы кылып. Сагын шаар салды. Шаардын атын Баласагын[1]

[1] Баласагын (Баласагун) шаары. Алгач селжуктардын вазири Низам ал-Мүлктүн эскерүүсүндө жолугат. Анда каапыр-түрктөр (караханиддер) 943-ж. бул шаарды басып алып, кийин исламды кабыл алганы тууралуу айтылат. Демек, этимологиялык жактан 1218-ж. моңголдорго каршылыксыз багынып бергени үчүн «Гобалык» («Жакшы шаар») деген аталышка эч кандай тиешеси жок. Макдиси боюнча «берекеси төгүлгөн, көп элдүү чоң кыштак (населенный пункт)». М. Кашкариде «Күз-Улуш», «Күз-Ордо» деп да атап, «Баласагунда жашаган эл – сугдак» деп аталып, **Баласагын** тоолорунда Кулбак деген такыба адам (дербиш) жашап, ал бир ташка «кудайдын кулу Кулбак» деп жазып койгону эскерилет (кара: *Чоротегин Т. К.* Махмуд Кашгари (Барскани) жана анын «Дивану лугати т-түрк» сөз жыйнагы (1072–1077). Б., 1997, 131-б.). Ал кийин Талас өрөөнүндөгү Кулан-Сай, Терек-Сай капчыгайынан табылган (кара: *Джумагулов Ч. Эпиграфика Киргизии Выпуск 3.* Фр., 1987. С. 5-6). 1130-жылдар аралыгында Баласагунду кара-кытайлар алып, 1210-ж. хорезм шахы Мухаммед Текеш тарабынан таланган. Андан кийин *Махмуд ибн Вали* (16-к.) «Бахр ал-асрар» («Море тайн») деген эмгегинде шаарда 40тан ашык чоң

койдук. Шаар кооз шаар болду. Сагынды кан шайлаган жылында Карача экөөңөр жана калмак менен болгон урушта болбой калды деп, кысталак ногойлордун кээри деп, көп кайгырдым. Эми да болсо далай иш оюмда бар. Жай жата сүйлөшөрбүз» деген экен Сарман Күнтуумага.

Күнтуума, «рас айтасыз. Менин үстүмдөн бир топ – Мактым эмес – далай ушак угуп жаткандырсыз. Иштен көрөрбүз. Мына Карача бийге эки-үч айттым. Кел ата, Көкчөнү таштап, кетели тууганга деп. Бий эч иштин (иштен) кабары жок. Адолоткан болсо мен эмне айтсам макул дейт. Сен Отորду өзүң билесиң. Көкчөнү таштап анча-мынча маңгыт бар, ошолорду коргоп отура берели, бир иштин кезеги келер деген Карача акем. Ар иш ойдо бар дедиңиз. Ушакка ишенбей эле коюңуз. Мен ичинде болом. Ичинде эмес, мерчеми болсо башында болом» деген Күнтуума Сарман баатырга.

Сарман баатыр, «болду айланайын, мен раазымын. Бар, ишиңди кыла бер» деген экен. Күнтууманын эки үйү бар эле. Бири Отордо, бирөө Көкчөдө. Өзүнүн жери Көкчө. Күнтуума келгенде Агыш да келди эле, чалдардын үстүнө – Күнтуумага учурашам деп. Күнтуума Баласагын катар киши эле. Агыш Ташы катар эле. Күнтуума Кочкоркандын айткан сөзүнө[нүн] учу-кыйырына жетпей, «бул эмне деп айткан сөзү. Мага ишенбей айттыбы, же өзү айткандай Мактым Ташы менен бирге жатып алыптыр деп, көңүлү айнып айттыбы? Же Тайчаканды, Адолотканды айтып, мисал кылып отурат, бир жакшылык ойго түштүбү? Же куу Байзак бир өзөнгө (? оюнга) салып отурбу?» деп. «Мени кыскан жок.

---

собордук мунара жана 200дөй кадимки мечиттердин болгонун эскерет (кара: Материалы по истории Средней и Центральной Азии X-XIX вв. Таш., 1988. С. 241-242). Ак-Бешимде жүргөн кийинки археологиялык казууларда мынча мечиттин болгону аныкталган жок. «А. Н. Бернштамдын пикирине таянган Л. Р. Кызласов Чүй отряды адеп иштей баштаган жылы Баласагун шаары Ак-Бешим болуш керек деп эсептеген. Бирок, 1953–54-ж. казуулардын жыйынтыгы жана 1938–40-ж. А.Н. Бернштам чогулткан материалдарды салыштырып көрүүнүн негизинде Ак-Бешим калк жашаган шаар катары 6–10-к. (мындан кийин эмес) тиешелүү экени аныкталды, демек анын 11–12-к. караханиддердин борбору болгон жана жазма даректер боюнча 14-к. чейин белгилүү болгон тарыхый Баласагун шаары болушу эч мүмкүн эмес» (кара: *Кожемяко П. Н.* Раннесредневековые города и поселения Чуйской долины. Фр. 1959. С. 18-б; *Кызласов Л. Р.* Работы Чуйского археологического отряда в 1953–1954 гг. //*Краткие сообщения Института этнографии. Вып. XXVI,* М.–Л., 1957; *Ошонуку эле.* Раскопки древнего Баласагуна. //*Вестник МГУ.* 1953, № 11. 159–160-б.). Негизинен Баласагун шаары бөлөкчө аталуулар менен орто кылымдын авторлору аркылуу 8-к. бери тааныла баштаган. Анын биринде түркчө «Беклиг» («Беклелиг») (жөн гана чеп, же шаар, согду тилинде «Семекна») аталган шаар кезигет түшүндүрүшкөн (кара: *Кляшторный С. Г.* Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. М., 1964). Ибн Хаукалдын «Канун ал-Масуди» жана Абу Бирунинин «Китаб аль-Атваль» деген эмгектерине таянган Абу-л-Феда Баласагун шаарын 91° 35′ (Канун) – 91°50′ (Атваль) узундук, 47° 40′ кеңдикке жайгаштырган (кара: Аристов, Аталган эмгек. С. 314-315]. Тараз 89°50′ же Атваль боюнча 44°25′ узундук, 43°35′ (Канун) кеңдикте; Исбиджаб (Сайрам) 89°50′ (Атваль) - 89°20′ (Канун) же 43°35′ (Атваль) узундук, 43° 30′ (Канун) кеңдикте жайгашкан (кара: Хрестоматия по древней и средневековой истории Кыргызстана. 2007. С. 420-421). Азыркы система боюнча Отрар шаары калдыгы 68°18′10″ узундук, 42°51′08″ кеңдик; Тараз – 71°22′00″ узундук, 42°53′00″ кеңдик; Сайрам – 69°46′13″ узундук, 42°18′07″ кеңдик; Токмок – 75°15′00″ узундук, 42°44′00″ кеңдикте. Айырмасы анча эмес (болжол менен 18-20° узундук, 5° кеңдик), демек Абу-л-Феданын бир гана Баласагун шаарын жаңылыш бериши мүмкүн эмес. Жогоруда эскертилгендей Балыкооздун сөзүнө караганда бул шаар Сыр-Дарыя менен Талас сууларына жакын жерде жайгашкан деп түшүнүүгө болот.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Мага оңуту келди. Ташыны көрөйүн дедим эле, сынайын дедим эле. Мынабу Сарман баатырдын сөзү шумдукко? Ташы сыныма туура келсе Мактымды эрте жөнөтүү керек. Жакпаса Мактым деги эле болбойт. Иши кылып жөнөтүү керек. Кочкоркан калп эле айтып жатыр. Тигине Ташың, мен болушпайм. Бар, билгениңди кыла бер дейин» деп, эки чалдын үстүнөн чыкканда, оюн ушул сөзгө бекитип чыккан Күнтуума.

Агыш Күнтууманын калың ойго түшүп жатканын байкап, Ташынын үстүнө келген. Агыш келсе Ташы, Мактым, 40 жигит, 40 кыз менен шапар тээп, ойноп жаткан экен. Күнтуума келди, бардым. Чалдар менен болгон сөзүн баарын айтты түгөл. Мактым, «Күнтууманын түрү кандай? Байкадыңбы?» дептир Агышка.

Мактымга Агыш, «Күнтуума калың ойго түшкөн киши. Мага кандай жакшылыкты кылып жатырсыңарбы, Ташы экөөңөр. Ташыга мен барамбы? Эмне кылам?» – деп, эстүү, куу неме кичи пейилдик кылды. «Жок агай. Ал эмне дегениңиз. Биз барабыз, сиз жок деле. Эренче жеңем менен үйүңүзгө барып, кече эле Ташыны тааныштырып, жеңе-күйөө кылып койгомун дедим. Ал ит шашып кетерин деле, мени менен урушуп, сен кызды Кочкорканга берем [деп] жүрсүн (?) аныңды кой. Кыз өзү каалаган, ошол жээнге тиет деп, кече эле урушуп кеткен деп күлдү, Күнтуума» деди Агыш.

Ташы, «андай болсо камынгыла жигиттер! Таякеге барып, салам берели, аттарды алып келгиле», деп пормолонуп, урушка кийчү кийимдерин кийип, оңдонуп, жигиттерин да пормолонтуп, Оторду басып ала турган кишидей болуп жөнөгөн экен. Агыш да, «рас кылдың. Бул жердеги эл[ди] Кочкоркан, башкалар да көрүп жүргөн. Таң калсын, жөнү башка турбайбы деп, Оторкан, Бараккан тирилип калганбы деп таң калсын» [деген]. Агыш баш баштап алып жөнөгөн экен. Күнтууманын бормосу шаар бормо (? шаардын формасы), кандардын ордосундай эле. Ушу Отор калаасындагы үйү да, Көкчөдөгү үйү да, салтанаты да келген киши эле, үй жагы да, ирет жагы да.

Мактым Ташы менен Агышка, «абдан байкагыла, Күнтууманы сырын. Абдан ойчон, куу киши. Бир кармаса чыкпайт убададан. Эренче жеңемдин сөзүнө караганда жаман эмес Күнтуума. Мен сүйлөшсөм кандай кууланып жатканын байкаар элем. Силер да билесиңер. Бирок мурун көрүшүп, иштеш болбогон кишисиңер» деген экен Мактым Ташы менен Агышка.

Ташы, «артыгырак мактадың, агаңды көрөрбүз?» деген экен, тамаша кылып. «Менин айтканым рас. Күнтууманы колго түшүрбөсөңөр иш кыйын болот» деген экен Мактым Ташыга. Агыш күлгөн экен, «бизге адам түгүл пери-жин деле колго түшөр» деп. Ошону менен Күнтууманын үйүнө келген. Келип, салам берип (? берет) Ташы, Агыш. Ташы караса, үй бормосу, ирээти, салтанаты – өзүлөрү көчмөн болуп жүргөн немелер таң калган.

Ташы, «кудаа кааласа, атам Баласагындын салып жаткан шаары, үйлөрү ушундай сонун болотко» деген Ташы. Күнтууманын куу киши жана бийликке ылайык экенин байкаган экен Ташы. Күнтуума Ташыны көргөндө, сүрөтүн көрүп жүргөн Оторкан, Бараккандай эле көрүндү. «Ай, бул чындаса Отор эмес, 10 сан ногой, 10 сан Парканды (? Баракканды) бир заматта эле алатко?[1] Андан көрө мунун акылын көрөйүн?» деп, ар

---

[1] Б. а. мурунку огуздарды кайра чогултат ко деген мааниде айтылып жатат. 10 сан ногой, 10 сан Барак хандыктары 6-кылымда Түрк империясы, же андан кийинки Батыш жана Чыгыш Түрк каганатынын таасири менен жоюлган деп түшүнүүгө болот. Бирок, Балыкооз түрктөрдү өзүнчө, бөлөк эл катары атабай (же уруулардын бири дагы «түрк» экени айтылбайт), жалпысынан огуздар деп санайт. В. Бартольддун жоромолуна таянсак түрктөрдүн өзү огуздун бир бутагы болушу мүмкүн (кара: *Бартольд В. В.* Аталган эмгек. 184-б.). Ошондуктан, азыркы учурдагы казак, кыргыз, кыпчак, уйгур, ж.б.у.с. түрк тилдүү этностордун түпкү теги байыркы заманда бир болуп (м., огуз, угуз), кылым өткөн сайын алардын ичинен жаңы уруулар жаралып, алар дагы улам көбөйүп, күчкө толгондо берки уруулардан бөлүнө баштаган дешке болот. Анан, аларды кайра бириктирүү үчүн бири-бири менен союздар түзүлүп, бир-бирине кол салуулар жана бир хандыкка баш

түрлүү сөзгө салып, Ташыны сынап отурганын, Ташы байкап отурган экен. Күнтуума – Ташы өзү көргөн не бир атактуу адамдардын ичинен – эң эски сөзгө – Отор кан, Тараккан, Аланча, Боорукекан, Атылакан, 10 сан Паркан, 10 сан ногой, булардын ортосундагы өткөн иштерди абдан биле турган. Күнтуумадан артык киши жок экенин билди Ташы. Күнтуума арак алып келип, ичип, сүйлөдү. Эң аягы Ташыга, «эми калган сөздү эртең сүйлөшөрбүз. Ал сөзгө чалдар да керек. Сен аралап күйөөсүнбөй, Мактымды кошуп алып жүрө бер. Мына жеңең, мурунтан эле сенин кылычыңды чаап жүргөн болчу» деп, кайтарган экен, Күнтуума Ташыны. Күнтуума Ташынын Отордо алып, мурунку аталарынын чоң кандыгын ордун иштей турганын сүйлөшүп отуруп билди. Андан ушу жакы 10 сан Паркан, 10 сан ногой, баары бириксе да кайтпай турганын билди жана ушу жолу атасынын ордосун көрүп кетерин билди Күнтуума.

Күнтуума, «калп айтпаса болду Кочкор» деп, ар ойго түшүп жатып, эртең менен туруп, Ташы менен Агышты чакырып алып, Кочкордун айтканын бүт айтты. «Мени жообун бат бер деди, анысы кандай экенин билбедим. Эмнеден шашып турганын өзүм таң калдым» деген экен Күнтуума. Ташы, «баса, анысы эмнеси? Бирге өскөн сырдаш кишиңиз эмеспи?» деген экен Күнтуумага. Күнтуума, «же бир арамдык ойлогону, же болбосо сенден корккону. Уруш салып, Оторго бир бүлүк салабы деп, кайсынысы экенин биле албай турмун. Куу Байзак деген бар ичибизде. Ал эски аталарыңдын аярларынын тукуму. Бул кече Көкчөнү атаң Паракан 10 сан ногойго кан кылып жибергенде кошуп берген аярларынын тукумунан. Карачты өлтүргөндө, Алоокекан Оторду алганда ишке жараган аяр ушул куу Байзактын аталары болучу» деген Күнтуума.

Ташы эмне кылсын, «иш кылып ордону көрүп кетүү керек. Бул жерден Кочкоркандан коркуп Ташы Оторду көрбөй, атасынын ордосун көрбөй кетти деген сөздөн [намыс кылып] – Кочкоркан өлтүрүп койсо да кереги жок» деген Ташы Күнтуумага. Күнтуума Ташынын бекемдигин көрүп таң калган.

Күнтуума, «жүр эмесе, Ташы-Агыш, эки чалга баралы» деп Сарман, Карачага келген экен. Күнтуума Кочкоркандын сөзүнүн баарын айтты. Сарман, Карача: «жакшы болуптур. Ташы сен эмне дейсиң?» деген экен. Ташы Күнтуумага айткан сөзүн айткан жана уруш болсо уруш менен, уруш болбосо Адолоткан менен сүйлөшүп, ортого киши салып, атасы Баласагын салган шаары бүткөндөн кийин Таластагы ногойду өзүнө каратып алып, шаар саларын жана Оторду жакшылык менен болбосо кыйратып, Сарайчыкка чейин басып барарын айтты Ташы. Күнтуума [менен] Карача, «жакшы, атаң Баласагын эмне дейт? Сагын жаратпай койсо эмне дейсиң?» деген экен Ташыга.

Ташы, «ошол атам Баласагындын буланы (? планы)» деген экен. «Мына, таятам да, Агыш да, ошол үч уруктун өңчөй жакшылары, баатырлары баары биригип, кутуну ортого коюп бата кылган. Бул сөздү айткандыр өзүңүзгө?» деген экен Ташы, Карача менен Күнтуумага. «Эми андай болсо эртең менен барам. Эмне айтып барайын Кочкорканга» деген Күнтуума. Ташы, «эмне өзү айтса, макул дей бериңиз. Иши кылып Оторду аралап, ордону куруп (көрүп ?), зыярат кылсам болду. Аталардын сүрөтүн – атам Баласагын акыры өзүмдүкү болосуң го деп, сүрөттөрүн аталардыкын талкалайбы, же өрттөппү, жок кылбаса, өмүрлүк кылып салдым деди эле. Ушул жерге келип көрбөй кеткеним – Кочкордон коркуп, уят эмеспи» деген Ташы отурган Күнтуума, Карачага, Сарманга, Агышка.

---

ийдирүүлөр жүргөн. Санжырада дал ушундай окуяларга басым жасалып, алар аркылуу кыргыздардын түрктөр түзгөн хандыктан мурунку хандыгын кайра калыбына келтирүү аракети тууралуу баян жүрүүдө. Буга мисалды түрктөр биринчи жолу Тан империясынын (б. з. 618–907) тушунда жазылган Чжоу Шунун тарыхында, ал эми кыргыздар болсо эл (улут, мамлекет) катары б. з. ч. 203–201-ж. **гэгунь**, 49-ж. **цзяньгунь**; өз алдынча өлкө (владение **Цзянькунь**) катары жогорудагы Сань Го Чжинин (б. з. 220–264) тарыхында эскерилип калышы аркылуу келтирүүгө болот.

Карача, «балам Ташы. Оторго барып, сен азсың. Биз да азпыз. Кочкор алдап, окус майып кылып коюп жүрбөсүн? Шаарга бир кирсең, сырты бекем. Кайта чыга албай калып жүрбө?» деген Карача бий.

Ташы, «мен ошол шаардын ичине эптеп алдап кире албай жатпаймбы. Кочкор ылайым убадасына турбай, бир бүлүк баштаса болду жана Отордогу элдин көбү – кыргыз, казак, маңгыт деп отурбайбы, Күнтуума аке. Эгер бүлүк чыкса, ошолордун баары мага кирет, [себеби алар] ногойлордун зордугун көргөн кишилер. Себеби, алардын өзүлөрү жасаган шаар» деген экен Ташы отурган кишилерге. Отурган адамдар сөз таба албай, «өзүңө макул болсо болду» деп, Күнтууманы [Кочкор] эмне айтса макул деп айт деп жиберген экен Карача, Сарман. Күнтуума жүрүп кеткен. Кочкорканга барган.

Кочкоркан Күнтуумага «келдиңби? Кандай амансыңбы? Ташы аман-эсенби? Кана баягы сөз эмне болду?» деген Кочкоркан. Күнтуума, «Ташы макул болду. Менин деле эптешип, аралашып <u>кетмей бөлөк терс ой</u> (?)» деди дейт Күнтуума Кочкорканга.

Кочкоркан, «андай болсо, конок камын кылалы. [Ташынын] өз шаары. Келип, көңүлүн ачсын» деп кубанып, «жакшы болду, баарыбыз бир кишинин баласыбыз» деп, Күнтууманы «качан келесиңер?» деген Кочкоркан. Күнтуума, «качан келе турган болгондо кабар берем, бир киши жиберем» деген Кочкорканга. Ал Күнтуума Көкчөгө – калаасына келип, «кандай кылсам? Капырай, Кочкор сыр бербейт. Бул минтип эмне үчүн кичи пейил болуп калды? Текебер эле, же Ташыдан корктубу? Эмне макул деп, кел дейт. Бузукулук <u>кине</u> (? күнөө) өз башында калсын. Эптеп, өзүмө Кочкоркан тийсе болду. Анан мени көрүп ал» дейт. «Кимге ишенип бул ишти ойлоп, кылып жатат? Ээрчитип жүргөн кишиси деле аз. Жарагы мыкты экен, ошонусуна ишенип жатырбы? Өзү күчтүү көрүнөт, ошонусуна ишенип жатырбы? Таанымбаган Отордун ичиндеги эл меники болот деп олуялык кылат. Оторго бир кирип алсам болду дейт, жана өзүм тийбеймин дейт. Иши кылып, Кочкор тийсе деген ою турат. Ушундай жүрөгүндө кара жок немеби? Же кичинесинен калмак менен көп урушуп, камбыл болуп калган немеби? Тил алчу неме көрүнбөйт. Өжөр неме көрүнөт. Бир ооз айтайын, мен ишенбеймин, барба деп Ташыга» деп, Күнтуума сөзүн ушул жерге токтотуп, Күнтуума чалдардын [алып], Ташынын үстүнө келген.

«Күнтуума, сөз кандай болду» [дегенде, Күнтуума], «баягы эле мен айткан сөз. Ташы келсин. Экөөбүз бир Оторкандын тукумубуз. Конок болсун. Мына Отор атасынын шаары. Мына ордо. Таң-тамаша кылып жүрө берсин. Карача кызын мында жөнөтөт. Мен да барайын тоюңарга. Мына, келсин Ташы, Карача бий, Сарман баатыр. Биз дайынбыз деп какылдайт Кочкоркан. Мына Кочкордун сөзү. Өзүңүздөр сындагыла» деген Күнтуума.

Сарман баатыр, «сен өзүң эмне деп келдиң? Барабыз деп келдиңби?» [дейт]. Күнтуума, «макул деп келдим, барсаңар бармай болдук деп кабар айтам. Бирок, мен ишенбеймин Кочкорканга» деген Күнтуума. <u>Ташы себеби</u> (?) Күнтуума, «сырын билем, айтор кандай кылса да бир бүлүк баштайт» [деген]. «Анда барбайлыбы?» деген Ташы. Күнтуума, «баруунун кереги жок. Мактымды алып кете бер. Ал анык көт жагыңдан kууп чыгат. Өнөрүң болсо ошондо көрүшөсүң. Биз болсок сенин жолуң болсун деп тура бермей. Эгер сенин жолуң болбосо, Сарман акенин үстүнө качып бармай» деген Күнтуума.

Ташы, «баякүнкү айткан сөзүм сөз. Силердин убалыңа калбаймын. Эмне болсо Отордун ичинен көрөмүн» дейт экен. «Ташы коркуп качты дегенче, болду менин сөзүм» деди Ташы отургандарга. Сарман, Карача баш болуп, жасак менен бармай болушту. Күнтуума кабарга киши жиберген Кочкорканга. Ташыны Мактым «кой» дейт, «Күнтуума акемин айтканына эмне көнбөдүң?» дейт.

Ташы, «күндө эле айтып жүрбөйүмбү. Ордону, Отор шаарын көрбөй кетпеймин. Сен коркпо. <u>Азар</u> (?) болсо колго түшөсүң Мактым. Мен оңой менен колго түшөт дейсиңби? Колго түшсөм Кочкор мага жалынат да. Андан көрө сенин түшкөнүң жаман гой. Мени көрүп аларсың. Иш чатак чыкса болду. Оторду анык алам» деп, Ташы сөзүн

кыскарткан экен. Мактым [Ташынын] болбосун көрүп «сак болгула» деп, Ташынын колунан өөп жөнөткөн экен.

Ордонун жайын айтуу керек. Отор шаары сырты чоң коргон, 12 капкасы бар экен. Ар капканын темирден кылган дарбазасы [жана] мунарасы бар. Ордо ичинде Ороздун ордосу деген сөз ошол. Мурун да айтылган эле, Түркстан калкынын сыйына турган мекеси, исламдардын Мекеси сыяктуу деп, християндардын юрсалымы (храмы ?) сыяктуу[1] деп биринчи бөлүмдө жазылган эле. Ордонун сырты коргон бир түрлүү кылып, ар түрлүү сыр менен оюмдар, ар түрлүү гүлдүн сүрөтүн салган экен. Муздан жалтырап турчу бир ажайыпкана, балким музей сыяктуу эки дарбазасы бар экен. Биринчи киргенде арыслан (арстан ?), пил, жолборс – ар түрлүү тиштей турган айбандарды тирүү байлап койгон жана бир эшик ар түрлүү айбан бар экен. Андан өткөндөн кийин Ороз, Оторкан, Сарыбай, Желдең, Айтак, Парман, Токтор, Доорон, Жолон, Тарак, Турта. Разы Сагызкан караланы минип, жарак-жабдыгын, саадагын колуна алып, Көгүчкөн караланы Оторкан минип, Сарыбайдын айлындагы калың колго келип, көрүнүп, амандашып турганы салынган топурактан. Өңүн ошол адамдардын өзүнүн сүрөтүндөй кылып сырдап-боеп, алтын керек болгон жерине алтын салып, күмүш керек болгон жерине күмүш, кавхар, мерварит (?) шуру, ар түрлүү асыл таштар керектүү, ылайыктуу жерине салынган, жогорку аты бар адамдардын сүрөтүнө[2]. Булардын ачык [калган] жерде сырты булганбай турган кылып жаап койгон. Муну Оторкан өзү кылдырган экен. Андан аркысы баары там. Ороз, Оторкандын, Баракандын өзүлөрүнүн үйлөрү. Ороздун, Оторкандын жолдоштору, балдары, кыздары, аялдары, келиндери – ушулардын баарынын сүрөтү, кийимдери, жарак-жабдыктарынын баары ошол чоң үйдүн бөлмөлөрүндө экен. Мунун баарын

---

[1] ...*Хагас* – бул байыркы Гяньгун мамлекети. Ал Хаминин (Комул – Т. Э.) батышында, Харашардын түндүгүндө, Ак-Тоонун (? Ала-Тоо) жанында. Хагастардын ээлиги качандыр бир кезде хундардын батыш чеги болгон ...Ажосу Кара-Тоого (**Цин-Шань**) жакын жерде турат (Кара-Тоо Отрардын урандысынын чыгышында – Т.Э.). Эскертүү; Н. Бичурин **Цинь-Шанды** «Кара-Тоо», Н. Кюнер «Күнүрт», же «Каралжын-Тоо» [Темные горы] деп которгон (кара: *Кюнер Н. В.* Аталган эмгек. С. 190–93). Турган жери жоон мамылар менен тосулган. Үйү ...Мидичжы (? *мечеть, мусулман храмы* деп түшүндүрмө берилген, бирок б. з. 648-жылына чейин бул жерде мечит болмок эмес, жөн гана сыйынуучу жай болушу мүмкүн – Т. Э.) деп аталат» (кара: *Бичурин Н. Я.* Аталган эмгек. 360-б.). Бул жерден Балыкооздун (же Акылбеков А., Алымбеков Т.) Бичурин Н. Я. менен тааныш болушу мүмкүн эместигин эскертели. Бирок, экөө тең бирдей мечит, храм (ажайыпкана) экенин белгилеп жатат. Ал эми Земарх боюнча б. з. 568-ж. Сыр-Дарыя менен Кара-Тоонун орто ченинде, же Кара-Тоодон аккан суулардын жээгинде аты аталбаган айыл (селения), шаарча (городок) болгон (кара: *Аристов Н. А.* Аталган эмгек. С. 214). Эскертүү; Н. Аристов Земархка тартууланган кыргыз кызын енисейлик экенин күмөн санап, аны тяньшандык кыргыздардыкы деп болжолдойт.

[2] Эң кызыгы Отрар шаар калдыгынан 5 км түштүк-чыгышта жайгашкан дагы бир байыркы шаар Куйрук-Дөбөнү казууда 10,5х15 м параддык залдын дубалы табылган. Анын бети сүрөттөр жана жыгачтын бетине түшүрүлгөн фриздер (горизонталдык тилке түрүндөгү дубалдын жогорку бөлүгүндө же имараттын ички же сырткы дубалындагы сүрөттүк же орнаменттик композиция) менен коздолгон. Анын бир бөлүгү өрттө күйүп кетип, бирок 125х35 см келген бир жыгач толук сакталып калган. Анда ортодо бир эркек менен аял турган топ адамдардын рельефтүү көрүнүшү түшүрүлгөн. Эркектин бети анча сакталган эмес. Аял жалпак мурун, тегерек келген кең беттүү, бадам көз түрдө тартылып, башына таажы сыяктуу кымбат жасалга кийип турат. Окумуштуулар жар көрүү сценасы болушу мүмүн экенин божомолдошот (кара: Байпаков, *//otrarmuseum.kz/kz/.../348-drevnij_i_srednevekovyj_otrar_k_m_bajpak...*]. Окумуштуулар Куйрук-Дөбөнү орто кылымдагы Кедер шаарына салыштырат [кара: Байпаков К. М. Средневековая городская культура Южного Казахстана и Семиречья. А.-А., 1986. С. 25-26],

Баракан оңдоткон. Үйлөрдүн ичинде кымбат баа буюмдар менен асемделген. Кийинки чоң кандар – ай ааламды алган Аланчакан[1], бооркер тууган Борукекан[2], аты чуулу Атылакан[3],

---

[1] XV кылымдагы Моголстандын ханы Султан Ахмад ханды калмактар «Алача хан» («Башкесээр хан», «Каничээр хан») деп аташканын эске алсак (салыштырыңыз: «Аланча» – каракчы, «Алача» – каничээр) кытай тарыхындагы Шаболиого окшошот. «...Түркүттөрдүн державасы 558-ж. төрт, 576-ж. сегиз ээликке бөлүнүп кеткен. Алардын башкы ханын Менандр Арсила деп атайт. Анын түрктөр алып жүргөн «арстанды» билдирген Арслан деген ысымынын өзгөрүүгө учураганын оңой эле түшүнүүгө болот. Мугань хандын 552-ж. өлгөнү так, анткени жаңы кабыл алынган мыйзам боюнча такка анын бир тууганы Тобо хан ээ болду, ошондуктан Арслан деген ысым Тобо хандын өздүк (жырткычтардын атынан калган) аты деп боолголоого болот. ...581-жылдын аягында түркүттөрдүн ханы Арслан Тобо хан өлүп.., анын ордуна дарамети начар, жоош Амрак отурат. Көп өтпөй ал тагын Шетуга бошотуп берет. Шету Ил-күлүк-шад Бага Ышбара хан (элдин [ил – держава] даңктуу, Бага – улуу, Ышбара – күчтүү) деген титул алган. Кытайлыктар жакпаган адамына ылакап кылып, жаман ат коюу адатынан жазбай, аякы «ло» деген мүчөнү «лио» (каракчы) деген иероглифке айландырып жибергендиктен, ал Шаболио деп аталып, ал хан тарыхта ушундай, өзүнө жарашпаган ат менен калат». (кара: *Гумилев Л. Н.* Аталган эмгек. 58, 105–106-б.). Аланча хан тууралуу кошуна элде да көптөгөн аңыздар калган. Алардын биринде түрк тилинде сүйлөгөн 32 уруунун бир ханы ала оорулуу болуп туулган баласынын атын Алача коюп, Сыр-Дарыянын аркы өйүзүнө алып барып таштайт. Кийин бала аман калып, даңкы чыкканда эли көбөйөт (*Байзак Кожабек уулу.* Аталган эмгек. 43-44-б.). Ала ооруусуна байланыштуу аталганына карасак анда жогорудагы Кара-Чуринге да салыштырууга болот (6-түшүндүрмөнү караңыз). Кыргыз менен казактын Алаштан тараганы жөнүндөгү да маалыматтар көп (кара: *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. Б.,1993.164 б.). Казак элинин санжырасында Түрктүн үчүнчү муундагы уулу Аланча хан болгон (*Шакарим Кудайберды-улы.* Родословная тюрков, киргизов, казахов и ханских династий. – А., 1990. 12-б.). Алача тууралуу легенданы А. И. Левшин да эскерет (кара: Ошонуку эле. 146–147-б.).

[2] Тобо хан (түркчө Табак хан) 572-ж. өз ээлигин бөлүп, чыгышын жээни Шетуга, ал эми батышын бир тууганына берсе, ал өлөөр алдында аны Бөрү хан (Бөрү – карышкыр. Бул князды Менандр **Бо хан** деп атайт. 576-ж. утугурлар Босфорду алганда ал алардын башында турган. Демек, анын ордосу Кубанда болгон деп болжолдоого болот) деген титулу бар уулуна калтырган. Мугань хандын уулу Торэмендин (кытайлыктардын Долабань жана гректердин Турум деген атынан жаралган түрктөрдүн титулдук аты. Мындан тышкары ал кытайча Або, персче Абруй - Апа (улуу) деген титулду алып жүргөн) ордосу түндүктө, балким кыргыздар менен чиктердин жеринде болгон *(Гумилев Л. Н.* Аталган эмгек. 58-б.).

[3] Аты чуулу болушу (жогоруда «Отордун экинчи аты чуулу Атылакан болмогунун себеби» дегенинен улам булар бир эле киши болгон деген тыянак чыгышы да мүмкүн) жана кылган иштерине караганда биринчиден гундардын падышасы Аттилага (мисалга: *П. Панийский.* Готтордун тарыхы – Великая степь в античных и византийских источниках) азыраак, экинчиден Истеми каганга көбүрөөк окшойт. Батыш Түрк кагандыгын негиздеген Бумындын бир тууганы, 552–576-ж. хан болгон. Византия тарыхында Силзибул, Дизабул, Стембис, арабдарда Синжибу, кытай хроникаларында Шедеми, «он уруунун каганы», Түрк кагандыгынын династиясына тиешелүү эң жогорку титул *жабгу* (ябгу) каган деп да аталган. Истеми хандын ысымы түрк эмес, угордуку болушу жөн жерден болбой, ата-бабаларынын арбагынан улам калган деп эсептелет. Истеминин кол башчылыгы м-н түрк уруулары адегенде Борб. Азиянын Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Арал деңизине чейинки аймакты ээлешкен. Түркүттөр бир эле мезгилде чыгыштагы жүрүшү ийгиликтүү аяктап, батышта да жеңиштерге ээ болушкан. Тилекке каршы, мындай өтө маанилүү окуялар тарыхый даректерде кеңири чагылдырылбайт, бирок бул жүрүштү

кан ичме Карачтын сүрөтүн алып таштаган. Алоокеканды сүрөтү бар. Андан кийин кайсынысы кан болсо, ошонун сүрөтү бар. Ушундай ажайыпкана. Андан ары жана бир келишкен үй. Биринчи үйгө киргенде асемделген үй. Бир сүрөт же хайванга окшош эмес, же адамга окшош эмес көрүүгө абдан сулуу. Төркү үйдө үстүн жаап койгон куту бар, жаткырып койгон. Куну Кутуну[1] жумшап тура турган жигити билчү (?). Эмне болсо Кутуга кабар айтып деп билчү жана Куту эмне болсо өзү билип турат деп билчү, билгенин барып Кунуга айтат. Куну элге кабар айтат деп түшүнүүчү экен эл[2]. Биздин аталарыбыздын дини ушундай. Муну жазганымдын себеби Ташынын Оторду, Орозду өлсөм да көрбөй кетпеймин дегени ошол ордонун коздугу. Ордо Атылакандан кийин оңдогон эмес, ногой кандары, бөлөк уруктардын эли, кандары асемдик жагынан боло турган нерселерден жардам кылган экен. Жибектен, жүндөн кымбат баа буюмдарды алып келип берчү экен, сооп үчүн. Баласагын саякат кылып Оторго устамын деп келгенде Адолоткан Жанчарканга буйруп, бир оңдоткон экен. Андан мурун Үргөнчтүн каны эртегинин эр Шооруk деген адам бир оңдоткон экен. Мына биздин мурунку бабаларыбыздын шаары, эли, дини ушундай экен, ислам дининен, арап, ерен маданият, адабиятынан мурун. Окуучулар муну эмне тыгыштырат деп сын койбогула. Себеби, Отор кандай шаар, ордо кандай ажайып, кандай музей экенин билсин деп жазып отурмун.

---

жалпысынан көрсөтүүгө болот. Батышка жасалган жүрүшкө Бумындын иниси Истеми хан кол башчылык кылган. Истеми хан мындан мурда да Бумынга жардам берип, мүмкүн өзү менен уруулаш угорлорго тиешелүү түндүк алтайлык он чакты кол башчыга жетекчи болгон... Истеминин жүрүшү 552-жылдан кийин болгон, анткени арабдар бул кезде өз алдынча уруу катары Бумындын өлүмүнө байланыштуу көңүл айтып, белек беришкен жана 553-ж. күзүндөгү жужаңдар толук талкаланышынан кийин болушу ыктымал. Жүрүшкө чыгуунун эң ыңгайлуу учуру – жужаңдар толук талкаланган 554-жылдын жаз айы болушу мүмкүн. 555-ж. алар «Батыш деңизине» жеткен, аны Арал деңизи деп түшүнүүгө болот. ...Түкснаф башында турган түркүттөр 570-жылдан 576-жылга чейин Түндүк Кавказды багындыруу менен алектенген. Византиялыктардын жардамы аркылуу бийликте турган Гуарам Баградит алардын аркасы менен Картлинин тагына ээ болду (575-ж.) *(Гумилев Л. Н.* Аталган эмгек. 49-б.), Бирок, автор түрктөр дагы огуз урууларынын бир бутагы экенин эске алган эмес.

[1] Орто кылымдын жазма даректеринде хото (үй) жана хуту – мүйүз (кара: *Бартольд В. В.* Аталган эмгек. 122, 198 ж.б. беттер) түрүндө кездешет. Экинчиден, Худуд ал-Аламда белгиленгендей башка өлкөлөрдөн алынып келген «ажыдаардын мүйүзү» (*шахи-и аждаза*) деп аталган белгисиз жаныбардын мүйүзү болушу да мүмкүн (кара: *Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана, Т. 1. 5-б.*). Кыргыздар азыркыга чейин мааниси анча түшүнүксүз болсо да абдан баалуу нерсени «Куну Кутуга тете» деген сөзгө салыштырат. Мухаммед Бекран башкача түшүнгөн жана котормочу которо албай «Кутуну» «куттуу» деген сөз менен чаташтырып салган (кара: *Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана, т. 1.* 57-б.]. Бул түшүнүктүн чыныгы маанисине жакындата түшүндүрмөнү В. Бартольд берген. Анын ою боюнча «Баласагундан» анча алыс эмес, Чүй ө. жээгинде кара-кытайлардын гурханы турган ставка Хосун-орду (бекем, күчтүү ордо) деп аталган (*20-түшүндүрмөнү кара*). Эң негизгиси Хосун-ордо башка эч бир жерде эскерилбейт. Жергиликтүү эл Оторду (Отрар) «Кутунун ордосу» деп аташы да мүмкүн, бирок башка тыбыш менен өзгөрүлүп калган. Араб-перс, кытай тыбышында Кутунун (?«Миди-чжы») «хотого», же «хотонун» «Хосунга» өтүшүп кетиши толук мүмкүн.

[2] Эң кызыгы Куну Куту Баласагун ш. же кыргыздар менен тыкыс байланышта кезигет. «Хуту – жаныбарлардан алынган зат. Аны кытайлыктар жана чыгыш түрктөрү абдан баалашат. Алардын түшүнүгүндө уу жакындаганда эле ал тердей баштайт... мен келген элчилерден сурасам, алар аны өгүздүн (бука) чеке сөөгү экенин, ал эми бука кыргыздардын жеринде болоорун айтышты» (толугураак; Абу Райхан Бируни. Собрание сведений для познания драгоценностей. /Перевод А. М. Беленицкого. Л., 1963., С. 195].

...Ал киши барып Кочкоркан алдынан тосуп чыккан экен. Кучакташып көрүшүп, мындан барган элдер, андан келгендер аралашып жатып калган, Кочкорканга конок болуп. Эл таң калган Ташынын сүрөтүнө. «Оторканды көр, Разыны көр, Бараканды көр, Күмүшайды көр, Ташыны көр, өзү-өзү» дешип. Күмүшай менен Баракан[дын] жомок, акылга сыйгысыз сөздөрү көп, Төштүккө окшогон. Ошол себептүү аны жазган жокмун.

Үч күн конок болгон Кочкорканга. Кочкоркан өзү ээрчитип барып, ордону көрсөтүп, эми мен кызматым кыламын деп, жанына куу Байзакты кошуп, «кандай жүрсөң жүрө бер» деп Ташыга айткан. Ташыны кыргыз, казак, маңгыт, курамадан калган Отордогу эл башчылары, дин башкаруучулары жана эли конок кылат. Ордону башкарган 5 уруктан 5 киши турчу экен. Ичи үч эшик экен. 5 урук ногой, кыпчак, кыргыз, маңгыт, казак – ушул 5нөн 5 киши турчу экен башкарып. Ал бешөөн төрө дечү экен. Алардын да даражасынын улуу-кичүүсү бар экен. Ал конок болуп Ташы, жанында куу Байзак бар. Ташыны күлдүрүп, пейлине жага турган сөздү айтып, кууланып жүргөн. Бирок Ташыны куу Байзак ичинде жараткан. Ташы ошондой кишини жакшы көрчү, анча-мынча сөздү байкап, аңдуучу эмес экен, чоң иштерди байкоочу. Кочкоркандын түрү бузук экенин байкап, «эмне кылса кылсын, анан көрөрмүн» деп гана койгон Ташы. 40 жигитин, Агыштын жарак-жабдыктарын боюңардан таштабагыла деп койгон экен Ташы. 40 чоро менен Агышка, «тобуңарды жазбай, сак болуп жүргүлө» деген. Күнтуумага «сиз эмне байкап жүрсүз» деген Ташы.

Күнтуума, «жаныңдагы Байзакка ишенбе. Кочкорканга мен ишенбеймин. Камданып жүргөндөй көрүнөт. Сырттагы ногой, кыпчак жана башка өзүнө караштуу майда кандарга кабар берип жүрөт, Ташы келди, учурашып калгыла» деп. «Адолоткан кабар берди, Ташыны ушинтип сыйлап жатырмын деп. Билбеймин, ошентип [кабар] берип жатырбы, же колуңар[ды], жасагыңарды алып келгиле деп жатырбы, Ташы ыгы келсе Отордү алмак деп. Ким билет, ошентип мен ишенбеймин» деген экен Күнтуума.

«Бирок сен да камынып, жалгыздын жары кудай деп» деген Күнтуума. «Андай болсо кандай кылуу керек Сен эртең коштошуп кайтууң керек. Мен барып, Мактымды сага берип, жөнөтүүм керек. Эмесе бүгүн ордону аралап, эртең жөнөө керек» деген Ташы. Күнтуума, «андай болсо мен барып, эртең Ташы кетет деп айтайынбы, же ордого барайынбы, сени менен» деген. Ташы Күнтууманы «мени менен бол» деген. Күнтуума, «бизди ошол ордого камап коюп жүрбөсүн» деген. «Куу Байзак жана 5 төрө ордону башкарган жан. Ошол ордонун ичинде жүргөн кызматчылар, жумушчулар. Ошонун баарын камайбы?» деген экен Ташы.

Күнтуума, «арийне, баарын камайт» деген. Ташы, «анда жакшы болду. Мейли жүрөгү батынып ошону кылсын, суу барбы?» деген Күнтуумага. Ташыны «суу көрдүң го. Байлап коет го, авыздагы (?) суу бар го» деген Күнтуума. Ташы, «сиз барбай эле коюңуз» деген. Күнтуума ишенбей калат го деп ордодон чыккандан кийин барамын деген Ташыга.

Кочкор Байзакка, «ыгы келбеди кысталак. Күнтуума Мактымды жашырып жүрүп, Агыштан Ташыны чыкыртып, алып бергени аз келгенсип, Ташыны Кочкорго ишенбе деп айтып жүргөнүн карачы. Ташы сак болуп, эч ыгын келтире албадык. Күлмөскан жана башкалар – алды эртеңден баштап – асты келет Таластан. Берки ногойлор болсо алды келип калды. Эми кандай кылабыз?» деген экен Кочкоркан куу Байзакка.

Куу Байзак: «андай болсо башка айла жок, Ташыны эптеп ордого алып барайын, [ошондо] ордону сыртынан бекитүү керек» деген куу Байзак Кочкорканга. Кочкоркан, «»Күнтууманы жана дагы үч төрөнү кошо бекитүү керек. Алар сыртта болсо эл бөлүнөт анык. Ал төртөө элди бөлөт. Коңур сен эмне дейсиң?» дейт экен Кочкоркан.

Коңурдун жайын айтайын. Коңур ошол Куту Кунунун эң чоң башчысы. Ордонун сыртында чоң мекемеси бар. Коңур ошондо турат. Өзү дин башы. Мындай айтканда төрө башы. Мындай түшүнүүгө болот: Исламдардын Шайыхыл ислам дегениндей, христиандардын метрполит дегениндей сөз. Коңурдун амалы. Коңур өзү Арлан кыздан туулган. Оторкандын Көкчө деген уулунун тукуму. Кочкор дайым акылдашып тура турган кишиси жана тууганы. Өзү карып калган киши Коңур жана Кочкорду дин жагынан Куту

Куну сенин ушул кылган ишиңди жакшы көрөт деп күүлөп жүргөн эң акылгөй кишиси Кочкордун. Коңур, «абдан жакшы, мен сыртын ачпа деп коем, андан аркысын көрө жатарбыз. Ташы, Баласагын көп көч ала электе курутуу керек. Ал экөө абдан күчүнө минген күнү Оторго кол салбай койбойт жана Параканды орноткусу келет«» деген Коңур Кочкорго. Ал Кочкор «»ногойдун төрөсү, кыпчактын төрөсү эмне болот?» деген Коңурга. «Кочкоркан эй, алар эмне болсо ошо болсун. Байзак деле мейли мени өлтүрсө деп отурбайбы» деген Коңур. Байзак Ташыга келет ырдап, күлдүрүп. Ташы, «Байзак жүр. Биз эртең жүрөбүз. Барып, ордону зыярат кылып, көрүп кайталы» дейт Байзакка Ташы. «Анда жакшы болот. Мен барып, төрөлөрдү камданып тур дейин. Коңур чоң төрөгө айтайын» деп жүрүп кеткен экен куу Байзак.

Куу Байзак Кочкор, Коңур экөөнө айтып келсе, Ташы чалдарын, чоролорун, Күнтууманы алып отурган [экен], келип, аттарын байлап, ордого кирген, аттарды ордонун жигиттери карап калат. Ташылар ордого кирет, эшик бекилет. Тамаша кылып жүрө берет. Ал Кочкор ордонун тегерегин кол [менен] курчатып, өзү Көкчөнү көздөй жөнөгөн экен. Мактым [бир] балээнин болгонун билип, 40 кулач чачты бууп алып, белди бекем бууп алып, эркекче кийим кийип алып, жарак-жабдыгын колго алып Оторго келет. Чалкаркөк деген аты бар экен, минип алып, саадагын байланып алып Оторго келсе, Отордун сырты толгон эл. Мактым колго [келгенде] кимди ким байкап жатыр, аралашып караса, чуулдап жүргөн элдин сөзүн угат: «Баласагындын уулу Ташыны Кочкоркан ордого бекитип таштаптыр. Кочкоркан Көкчөгө барат дейт деп уктук. Мактымды алып, Көкчөнү чаап алат деп уктук» деп бирине бири чуулдап айтып жүргөн элди көрөт. Аттын башын кайра тартып жөнөгөн. Ойго түшүп, «Ташы колго түшүп, атам, агам баары тең ажалы болсо өлөт, ажалы жок болсо көрүшөрбүз. Бул мен үчүн болгон чатак. Кочкор мени колго түшүрүп алмакчы. Мен Кочкордун колуна түшөйүнбү, барып кармашайынбы? Жок. Ал болбойт. Көпкө топурак чачып болобу? Кочкор жекеге деги чыкпайт. Андан көрө көп маңгыт, көп кыргызка, Баласагынга кабар берейин. Мындан башка айла жок. Эми Кочкорго түшүп кор болуп жүргөнчө» деп, «күн чыгышты көздөй жүрө берсем табамын«» [деп] Көкчалкарды уруп жөнөгөндө «кайда барасың?» деп кол сурап калат. «Мен Күлмөскандын колумун» деп жөнөй берген. Кол ногойлордун колу экен, Кочкорканга, чакырганына жыйналып келаткан. Бир башчысы: «бул соо киши эмес. Муну кармоо керек. Кочкорканга алып баруу керек. Аты, түрү башка көрүнөт» деп, «токто деп, качырып калган экен. Мактым «келгениңер соо калбайсыңар» деп саадак менен тартып калган. Кол ага болбой кууп калган. Мактым «көп маңгыт, көп кыргыз, Баласагын кайдасың» деп жөнөгөн. Кочкоркан Көкчөнү көздөй жөнөп баратып, Мактымга жолуккан колго жолугат. Кочкорканга алар айтат «түрү, аты, жарак-жабдыгы келишкен бир бала жигитке жолуктук. Кармайлы десек 2-3 кишибизди саадак менен атып таштап, аты кыйын экен, көздөн кайым болуп жоголду. Куугунчулар артынан кууп кетти. Биз сизге кабар берели дедик» дейт экен, баягы Мактымга жолуккан кол Кочкорканга. Кочкоркан, «кандай ат минген, түрү-түсү кандай» дейт. Баягы кол «көк ат, мингени. Түрү-түсү мындай» деп, айтып берген. Кочкоркан, «ал Мактым турбайбы. Көкчалкар деген аты бар, ошол» [деп] бир кишисин «сен Көкчөгө барып билип кел, Күнтууманын адамы болуп» деп, өзү Мактымдын изине салат. Мактымды баягы колдун бир даар адамдары жеталбай, аттарын чарчатып, Кочкорканга жолугат. Кочкоркан деми куруп, бир далай жерге чейин барып, кайта кайтат үшкүрүп-бышкырып. Жолдон Кочкорго баягы Көкчөгө жиберген адамы жолугат. Элине «Мактым кече эле Оторго кеткен, жалгыз өзү Көкчалкарды минип алып, жарак-жабдыгын асынып алып» дейт экен, жиберген жигити Кочкорканга. Кочкор капа болуп, «бир жагынан Мактымдын күйүтү, экинчи [жагынан] Мактым колго түшпөй калды жана чоң бүлүктү баштап таштадым. Ташыны, сени Мактым жакшы көрдү деп ордого камап таштадым жана жазыгы жок Күнтууманы, Карачаны кошо камадым. Менин өзүмө анык дос кишилер эле, бул жолдошумдан айрылдым. Алардын тилин Отордун көпчүлүгү алат жана Күлмөскан башка кандарды Ташы Оторду алганы жатыр деп чыкырдым эле. Алар келип калды жана Адолотканга да калп айтып кабар жибердим» деп капа болуп, «же

Мактым колго түшпөй калды. Мендей ит киши болдубу (? болобу). Ташыны кармап өлтүрсөм жакшы. Өлтүрө албай калсам кантем жана Баласагын үч урук элди алып, анык согуш кылат. Адолоткан мени айыпкер кылып кармап берсе кантем?» деген ою менен. Ушинтип, Кочкоркан баарын ойлоп: «кой, мунун баарын баштап жүргөн Коңур, куу Байзак. Байзак болсо жок. Коңурга акылдашайын» деп, Коңурга келип, ойлогон оюнун баарын айтат, баштан-аяк айтат. Коңур: «кандай кылмакчысың» дейт Кочкорго. Кочкор, «Мактым колго тийбей кетти. Ташыны ордон чыгарып, бизден өткөн болсо кеч деп айтабыз» дейт.

Коңур, «ал болбойт. Ташы ордодон чыкса эле так Оторду алмакка баш салат. Азыр ынтымакташкан менен Мактым барат Баласагынга. Баласагын кол алып келет. Акыр согуш кылат. Андан көрө Ташыны Баласагыны менен кармап өлтүрүш керек. Ал экөө тирүү болсо тынчтык берет дейсиңби? Аларды өлтүргөндөн кийин Мактым, Карача, Күнтуума өзү эле келет. Мен бая эле күнү айтпадым беле» дейт Коңур. «Күлмөскан, башка кандар сени күтүп тур. Аларга барыш керек. Ошолорго Ташынын ордого камалганын айтуу керек» дейт Коңур Кочкорканга.

Кандар баары чогулуп, ар кайсысы ар кайсыны айтып, сөздү бир жерге коюп, «Ташыны ордодон чыгарбай кармаш керек. Баласагын кол алып келет. Мактым ошого барат, башкага барбайт» дешип башчылары, жыйылган элдин сөзү ушул болот. Отор шаарынын сырткы дарбазаларын бекитип, Кочкор баш болуп ордого келишет. Ал Ташы караса ордо бекилген. Сырты кыйкырык-чуулган кол жас[...]. «Ташы колго түштү, жарагың таштап берил» деп бакырган.

Күнтуума, «айтпадым беле Ташы» дейт. «Кайгырба агай, көрөрбүз. Кудай ага берер, же бизге берер» дейт Ташы. Ээрчиген чоролору жана Карача, Күнтууманын кишилери, баягы ээрчитип жүргөн ордонун башчылары 5 төрөнү жана куу Байзакты алып «өлтүрөбүз» деп, Ташынын алдына алып келет, баарын чогултуп. Ташы, «айып эки-үч кишиде. Күлмөскан, Коңур, Кочкор. Бул үчөөнөн башка киши айыптуу эмес» дейт отурган Карача, Сарман, Күнтуумага. Агыштын чоролору эле, Ташынын ээрчитип жүргөн чоролору. Ташынын өз кишиси аз эле. Чоролор, аксакалдар, «өлтүрүү керек, акыры бизди өлтүрөт» дешет. «Койгула» дейт Ташы. «Эң болбосо Коңурдун, Кочкордун аяры, акылдашы куу Байзакты өлтүрөбүз» дешет.

Куу Байзак алтынга кызыгып алып, кылар ишти кылып коюп, өлтүрөрдү көргөндөн кийин, этине таяк өтүп, «кудай мени урсачы, алтын жебей, таш жесемчи» деп, «эмине болмой болдум, алтын алам деп. Куруган куу напси» деп. Ташынын жылуу сөзү чыккандан кийин «оо кудай бере көр» деп, «эмкиден кийин мындай ишке жолобой койбосом» деп өзүнө-өзү карганып, Ташынын оозун караган. Куу Байзак бул сөздү ичинен шерт кылып отур ойлонуп. Ташы көпчүлүккө «коркпогула! Бүгүндүк оокат бар. Эртең Ташынын эмне кылганын көрөрсүңөр. Атам Баласагын үч-төрт күндөн калбай кол алып келет. Ал киши төлгөсү [төлгөнү] далы менен билип алып, дал ушул күндө күндөп-түндөп жүрүп келатыр. Өлөбүз деп коркпой эле кой жолдошторум. Мен өлүп туруп анан силер өлөсүңөр. Андан көрө куу Байзакты кое бергиле. Бул бечаранын кылган кесиби ошол. Ата-бабасынан калган каада. Минтпесе буга оокат кайдан табылат? Кочкор Ташыны колго түшүр, өзүң өлсөң дагы деп, бир топ алтын бергендир. Кое бергиле. А түгүл сыртка чыгып, дагы жардам (?) Кочкорканга барсын» деген Ташы.

Куу Байзак тура калып, «бир ит болдум, өзүң айткан алтын үчүн напсим бузулуп. Мен Кочкордон, Коңурдан, Күнтуумадан башка кишини көргөн эмес экенмин. Жаратылган адамдын ар түрлүүсү болот турбайбы. Мен көргөн адамдар өз башынын гана абийирин издеген кишилер турбайбы. Жаңылдым, жаздым» деген экен, «өлтүрсөңөр да ыраазымын» деп, куу Байзак сөзүн бүтүргөн экен.

Ал Ташы, «мен сенин каныңды ичем деп келген эмесмин куу Байзак. Ордого зыярат кылып, аталардын кылган иштерин жана сүрөттөрүн көрөмүн деп келгемин жана Кочкор, Коңур өзү тийишти. Эчкимдин акысы жок Ордодо. Кудай буюрса Оторду алам. Кочкор, Коңур түгүл Адолотканың тийишчү болсо, аны да аламын. Тийишпесе өзүмө

багынтып ала турган кыламын. Ушуну айта бар Коңур, Кочкор, Күлмөсканга. Ажыдаардын куйругун басты» деп куу Байзакка.

Ташы, «бар, кете бер» дептир. Берки 5 төрөнү да куу Байзак (?) 5 төрө: «бизди ишенбей өлтүрүп коюп жүрбөсүн?» дейт 5 төрө куу Байзакка. Байзак Ташыны карап: «мен эмне жардам тийгизейин» деген. «Мактымдын кабарын эрте бер, кайерде [экенин], анан башка сөзүм жок». «Сизге суу, оокат керек эмеспи» дейт куу Байзак. «Ошол келгениңде айтармын (?)».

Берки 5 төрөнүн, кыпчак, ногойдун төрөлөрүн бошотот. Үчөө келип түнкүсүн аяр эмеспи, куу Байзактын андай тамдан түшө турган, чыга турган дайын аргамжылары, илинип кала турган илгичтери дайын [болот] жанында. Куу Байзак чыгып, түшүп кетет. Сакчылар кармап алат. Кочкорканга алып барат үчөөн. Кочкор, Коңур: «кантип кутулдуң үчөөң» дейт. «Курусун Ташы. Эптеп бизди куткара көр Байзак, төрөлөр силерди алтынга тойгузайын, Коңур, Кочкорго айт деп, эси ооп калды, эмне кыларын билбей. Өлдүк деп жатыр. Эки-үч күндө эле колго түшөт. Түрү абдан жүдөп калды. Бир жагынан Күнтуума, биздин убалыбызга калдың. Карача, үч төрө бизди айта бар, кечирсин кан деп жатыр» деп, куу Байзак бир топ калпты айтат жана «Мактымды Ташыга бербейбиз деп жатыр Карачалар. Андан көрө Мактымды ала берсин деп айтты. Күнтуума Ташынын көзүнчө эле айтты. Баягы Ташы жок, баатырсынган. Коркуп, өңү заматта эле кетип калды» дейт куу Байзак Кочкор, Конурга.

Коңур, «мен айтпадым беле Ордого камалды, иш бүтөт деп. Мына, иш бүттү. Баласагын өзү алып келип берет, Мактымды сага Кочкоркан» дейт Коңур. Ошону менен Мактымдын качып кеткенин байкайт, билет куу Байзак. Эки жолдошу менен үйүнө барып жатат.

Ал Ташы эртеси туруп, «алып кел, менин куржунумду алып кел!» дейт жигиттерине. Алып келет куржунду. «Атам Баласагын берди эле» деп куржунду сөгөт. Караса бир топ айбалка, андан көбүрөк уучтап койсо там бузар, жыгачка саптап ала турган найза сыяктуу темир [бар экен]. Ташы, «атам башыңа иш түшсө, же бир чеп буза турган болсоң, ушу найзаларды саптап алып урсаң, кандай таш болсо да, темир болсо да түтпөйт. Жана айбалкаларды кандай темирге урсаң да кесип түшөт деди эле. Жана менин кылычым[ды], Агыштын кылычын, Сарман таятамдын кылычын жана менин, Агыштын чоролорунун кылычын карап, өзү усталарга жаңыдан соктуруп берди эле жана чоң энем Айсулуу, өз энем Баглан бир оокат керек болгон жерде ичерсиң деп берди эле» деп «түгөнбөз күл азык» деп [куржунду] сөгүп, «майда талкан тоголоктоп койгон жана курут, май – күл азыктан бир тоголок сал. Курутту эзип сууга, жанказанга кайнатып, иче бер деди эле» дейт Ташы. Ордонун кароолчулары, тазалап шыпырып тургандары жана айбандарды багып тургандары – баары кошо камалган. Ташы баарын чыкырып, баягы күлазыкты ордонун чоң казандарына кайнатып, бышыртып, бирин калтырбай, ордодогу адамдардын баарын чогултуп, анын ичинде аздап зыяратка келген кишилер да бар эле, баарына күл азыктан ичирип, тойгузуп алып, «кана эмне айтасыңар? Менин себебимден жазыгы жок адамдар да кошо камалдыңар. Мен аз жолдош-жором менен эле калайын. Силер чыгып кетесиңерби, эмне кыласыңар?» дейт Ташы. Баягы кошо камалган адамдардын баары тең Күнтууманы, өзүнүн башчысы – төрөлөрүн карайт. Күнтуума, төрөлөр, «кемеге түшкөндөрдүн жаны бирге деген. Биз деле бир коломолуу кол болдук. Жарак жоктугу болбосо, биз деле бул ишке ыза болуп отурбуз» дейт. Ташы, «андай болсо ордону бузуп, сыртка чыгалыбы, эмне кылалы?» дейт. Оторлуктар, «кайда барсаң бир барабыз. Биз сени келди деп, өзүбүзчө конок кылдык жана кыз берип отурбуз жана бир урукпуз деп сага жан тартып, ногойлорго арам болуп отурбуз. Бизди өз кишиңдей билип, иштей бер» дейт. Ташы, «сыртка чыгалы, ордону чек кылалы. Жаныбызга күч келсе, ордого бекинип туралы. Силер жарагыңарды алып, бизге үндөп, чогултуп кошула бергиле. Алдыңарда мен болоюн. Күндүз бузбай, түндө бузалы. Ордонун башка жерин бузбай, эшигин гана кыя чабалы. Ошол эшикти бек кайтарып туралы» дейт Ташы.

«Макул, сен өл деген жерге өлөбүз» дейт оторлуктар. Карача бий, «андай [болсо] жүргүлө» деп, Куту Куну турган үйгө барып, бата кылышып: «өлсөк-тирилсек бир жерде» деп. Ошону менен Ташы жарактууларды бир бөлүп, жараксыздарды бир бөлүп, Карачаны, Сарманды баш кылып, «сиздер аздыр-көптүр колуңардагы жарак менен, жарагы жогуңар мынабу таш менен уруп кийирбегиле!» деп, таш үйүп берип, эшикти айбалта менен кыя чаап, бузуп, эшикти тозуп тургандарды өзү баштап – саадакчандар алдыда – Ороздоп ураан салып, ирettеп алган кол жасагы [менен] согушка кирет. Эки эшикти Карача, Сарман баш болуп кайтарып тур. Ташы сүрүп, Кочкордун колун, кан турган ордого чейин сүрүп, Коңур турган мекемеге келип, ордонун эшигиндеги мекемени өзүнө каратып алып алат. Ордого караштуу айбандарды бага турган оокаты жана кандыкка карай турган ордого зыярат кылып келген элден түшкөн дүйнө өзүнчө бир чоң казынада эле. Коңур ошону башкарчу эле. Кочкор жагы кан ордосун чеп кылып алып, Ташы жагы зыярат кылчу ордону чеп кылып алып, согуша берет жана Күнтуума, үч төрө, булар өзүнүн кишилерин үндөп, жарак-жабдык менен топтоп, кошула берет.

Ал Баласагын бирер күндөн кийин баласы Ташы эмне болду деп, төлгө ачып, далысын караса Баласагын[дын] баласы Ташы бир ишке кириптер болорун байкап, өзүнүн сырдаш-муңдаш чоң Кошой деген адамы бар, ага жайын айтат. «Ташы бир балээге учураган тур, ошого кол алып жүрөлүбү?» дейт. «Мейлиң, эмне айтасың андан башка» дейт чоң Кошой. Баласагын «сен Кошой, менин ордума кал, мынабу Баласагын шаарын кайтарып, 7суу элин башкарып. Балким жоо келип калабы, же Баласагын жок, Ташы жок дейт деп угуп, калмак келип калабы» дейт чоң Кошойго. Чоң Кошой макул дейт. Баласагын кол жасак алып, Оторду көздөй Ташыны издеп жөнөйт. Өзү жөө, мурун жүрө берет, колун көт жактан келе бергиле деп, Араштты башчы кылып колго.

Сыноочулар сиздердин оюңуздарга кетпесин, Манастагы Кошой деп ойлобоңуздар. Мурун үч Кошой өткөн кыргыздардан. Чоң Кошой, Манастагы Кошой – катагандын кан Кошой, эртегинин эр Кошой. Кезинде эр Кошого (Кошойго ?) тегин бе (бер ?) деген Кошой – Талкан бийдин баласы. Чүйдөгү калмакты кууган эр Кошой – солто уругу.

Ал Таластын Сайрамга[1], калың маңгытка келсе, маңгыттар камынып жатат. Сагынды көрүп алып: «сизге киши жибергени жатыр элек. Сарман, Карача, Күнтуума, Ташы, Агыш – баарын Кочкор, Коңур алдап, Оржого камап коюптур дейт. Качып, карматпай бизге Мактым келди» дейт. «Кана Мактым?». «Мына Мактым». Мактым кайнатасы Баласагынга келип, амандашып, Ташынын барганынан баштап, ийнесинен жибине чейин айтып берет. «Келиним, чатак сен үчүн болгон чатак турбайбы? Колго түшпөй келгениң жакшы болуптур. Ташыны алар алдап, ордого камаса – Кочкорлор. Ташы аларды алдап, эптеп Оторго кирип алган турбайбы. Биз сырттан, алар ичтен – Оторду көп кыйналбай, бат ала турган болгон турбайбызбы? Эрте колду жыйгыла! Биздин кол да келип калат» деп, Сагын кайрат берген маңгыттарга. Өзү эмне кыларын билбей, же качарын билбей, же бararын билбей, аң-таң болуп жаткан маңгыттар[га] кудайы берип, Баласагын өзү келип, тоодой кайрат бүтүп, маңгыттар: «ушундай да эр адам болот экен аа. Камалып калган баласын мактап, мен сырттан, Ташы ичтен деп, Оторду эми алуу оңой болду деп жатканын карачы» дешип бири мактап, бири коркуп, маңгыттар Баласагынды ээрчип алып жөнөгөн экен, Оторду көздөй. Аришта (?) ээрчитип алып, жасак колду алып

[1] Сыр-Дарыянын жээгиндеги шаар. Кээ бир кол жазмада (Исфиджаб) аймак катары (мис., Истахри,) эскерилсе, Ибн ал-Асирде Сайрам Исбиджабдын жанындагы шаар. *Сайрам* – Ак шаардын аталышы, аны Исбижаб деп дагы аташат. Дагы бир варианты – **Сарйам.** [Сайрам] **сайрам сув** – «тайыз, анча терең эмес суу» (кара: Диван Лугат ат-Турк Махмуда ал-Кашгари. А., 2005. С. 874). Башка жерлерде Чымкент шаарынын жанындагы Ак-Суу (Байшуй-хэ) жана Исфиджаб бир эле шаар (караңыз: *Аристов Н. А.* Аталган эмгек. 236-б.; *Чоротегин Т. К.* Махмуд Кашгари...). Ал эми Тарих-и Рашидиде Сайрам байыркы убакта Испиджаб деп аталса, Ибн-Хаухал боюнча Исфиджаб тоодон 3 фарсах алыста турган (*Аристов Н. А.* Аталган эмгек. С. 236).

келип калган экен, маңгыт, казак, кыргыз – үч урук. Сайрамдан чыгып жөнөгөн экен, ичинде Мактым да бар, кол башчылардын бири болуп. «Көт жагымдан келе бергиле» деп Баласагын адетинче жөө жүрө берген. Баласагын келсе, Отор шаарынын сырты жык кол жасак. Баласагындын андай жерде ким болсо, ошо болуп ала турган кыяпаттары бар, кийип ала турган. 17 жыл кыдырып жүргөндөгү таап алган өнөрүнүн бири ошол. Баласагын колдон өтүп алып, дарбазанын бирине кирип караса, кан агып жаткан согуш. Ордо жакта Ташылар, кандын ордосу жакта душмандар. Баласагын ордо жакка келип кошулган. Шаардын эли экиге бөлүнүп, колуна жарак алып, Ташыга бараткан элге кошулуп алып, Ташыларга келет. Сарман таанып алып, жанына келип, амандашат. Карача, Күнтуума Сагынды көргөн эмес, тааныбайт. Ташы келип, учурашып болуп, Баласагын, «сүйлөшүп турар жер эмес, эртең биздин кол келет. Биз ордо жагынан согушуп жатып киребиз. Силер да чепти бекем кылып алыпсыңар» деп кайра жөнөйт. Карача, Күнтуума, «бул ким? Жаман киши» дейт Сарманга. «Бул Баласагын. Колум эртең келет дейт. Өзү жөө, мурун жол чалып жүрөт. Адети, эч убакта ат имбейт. Айылда, болбосо жолоочу жүргөндө, же ушундай калабада дайыма жөө жүрөт. Эч кимге кошулбайт. Душмандын кайда жатканын, кайда турганын, эмне кылып жатканын, кандай кылса өңүтүн таап, билип, мына бу кол менен, мына тиги жол менен деп, баштап жүрөт» дейт Сарман Карача, Күнтуумага.

Сагын, «мен душман жагы менен кетем. Менин кабарымды эртең угузгула. Мактым биздин колдо» деп жүрүп, душман жагы менен чыгып кетет. Душман алы кетейин деп калганын байкайт. Куу Байзак, баягы эки төрө – үчөө бир болуп, куу Байзакты Ташыга жиберет. Убада кылган куу Байзак Ташыга келип, өзүнүн калп айтып кутулганын айтып, Мактымдын тирүү, колго түшпөй качып кеткенин айтат. «Эмне иш буйруйсуң» дейт куу Байзак Ташыга. «Кошул десең кошулайын, баягы эки төрө колумда» дейт Ташыга.

Ташы, «кудай буюрса аламын, Кочкор, Коңур, Күлмөскан – үчөөнү качырбай. Кандай иш жакындаганда кабар бер. Өзүң ушинтип кабар берип тур» дейт. «Куп болот» деп куу Байзак жүрүп кеткен. Ал Баласагын[дын] колу келип, ордо жакы дарбазаны кыйратып, өзү баштап алып, жарым колун жөө кылып алып, дарбазаны бузуп кирет. Кирип отуруп, ордого келип, Ташылар менен кошулуп, «Баласагын келди!» дедиртип, ураан салдырып, кандын ордосун көздөй өзү жөө, жасакка баш болуп, баласы Ташы атчан жасакка баш болуп ат коет. Куу Байзак Ташыга келип кабар берип турчу. «Күлмөскан, Коңур, Кочкор балан дарбаза менен качмай болду» деп кабар берет. Өзү Күнтууманы ээрчитип, кан ордосуна жакындаганда куу Байзактын кабары менен Агышты ордуна коюп, Ташы өзү барып, дарбазаны тосуп, үчөөн тең кармап алат. **(Барактары түгөл, бирок кийинки бетке эмнегедир адегенде 164 деп коюп, анан аны кайра өчүрүп, 165 деп койгон?)** Отордун эли «алама-аламан» деп багынып, карап берет. Ошентип Баласагын Оторду алат. Атасынын ордуна минет. Барып, элди чогултуп, наасат айтып, элде айып жок экенин айтып. Айып Коңур, Кочкор, Күлмөсканда деп, айыбын мойнуна алдырып, дарга асып, өлтүрткөн үчөөнү. Куу Байзакты аткез кылган Баласагын. Оторду алып, «кимдин-кимдин заманы, Баласагын, Ташынын заманы» болуп жатып калган, Мактымды Ташыга алып берип.

**Оторкандын үчүнчү бөлүмү.**

Ал Оторго Адолоткан келет. Адолоткан барган кишиге ишенбей, аз гана адам менен келет. Тайчанга (? Тайчаканга) Баласагын кабар берген. Өзү Оторго келгенде Тайчакан, «ушундай иш болуп, Отордо Баласагындын уулу маңгыт Карача бийдин кызын алам деп келсе, Кочкор, Коңур конокко чакырып, алдап ордого камап алып, уруш кылып жатыр. Ага Күлмөскан баш болуп, тил алган ар кайсы уруктардын майда кандарын ээрчитип алып кетти» деп угуп, Тайчакан Самаркандан аркы элди жыйып алып (**кийинки бир нече сап өчүрүлгөн**?), Тайчакан катаган, кытай, жедигер, калча уруктарын ээрчитип алып, баарын кылган 19 уруулуу коңурат, тайчык кылган кыпчак деп (?), Күлмөскандын эли кыпчакты

чаап келет экен[1]. Кыпчактар[дын] бир даары качып, Кашкарга кетет экен, сарт-кыпчак атанып. Бир даары казакка кирип кетет. Ошол кыпчактын бир даары кыргызка кирип

[1] Бул жерде дагы бир жолу Балыкооздун Абулгазы хандын санжырасын укпаганы же окубаганы көрүнүп турат. Бул маалыматтар кыпчак этносун изилдеген атайын изилдөөлөрдө анализге алынган эмес (тилекке каршы). Тарыхый маалыматтарда, «Ильтэр тукуму туруп, ал хандык Алтай, Хинган, Гоби жана Керуленди өз кучагына алып, андан ары түндүктөгү енисейлик кыргыздардын өлкөсүн багындырган. Алардын башчысы Инанчу-иркин өзүн Йенчу Бильге каган деп жарыялайт». Ал өлгөндөн кийин анын кичүү уулу Бачжо агасын өлтүрүп, бийликке келет. Бачжонун кысымына чыдай албаган **огуз уруулары** 646-жылы император Тайцзунга кайрылышат. Ошентип, сирлердин каганына каршы Кытай империясы менен «токуз-огуздардын» союзу түзүлүп, 646-жылдын июнь айында «улуу даражалуу эльтебер» Тимуду жетектеген уйгурлар менен токуз-огуздар сирлерди талкалайт. Сирлер оор жоготууга учурап, «Бачжо качып, бирок уйгурлар аны колго түшүрүп, өлтүрөт» жана «анын уруусу толук кырылган». Ушуну менен сирлердин мамлекети өзүнүн жашоосун токтотуп, көптөгөн кыпчак уруулары Кытайга айдалып, көбү кырылып калган (кара: *Кляшторный С. Г., Султанов Т. И.* Аталган эмгек. 122-124-б.). Н. В. Кюнердин котормосунда «Сиеяньто (Сыр-Тардуш) – тйелэ уруусунун өзгөчө бутагы (тйелэ гундардын уруусу – Т. Э.). Байыркы Янь диннастиясы (349–360) Муюн Цзундун тушунда сюнндардын (гун) шаньюсу Хэлатоу өзүнүн кол алдындагы 35 000 түтүн эли менен келип, Кытайга багынган. Сиеяньтолор ошолордун тукуму. Сйе уруулары менен аралаш жашап калгандыктан сйеяньто аталып калышкан. Каганынын фамилиясы – Илиду. ...жуаньжуандар талкалангандан кийин толугу менен туцзюэлерге багынып, эки бутакка бөлүнөт: Юйдуцзюнь тоосунун чыгышында жашагандар шибилерге, ал эми Таньхань тоолорунда жашагандар йехуларга баш ийген (демек, шибилер менен йехулар да түрктөрдүн ичиндеги туцзюэ урууларынан – Т. Э). Алардын башчысы – Инань. Тан династиясынын тушунда (627–649) императордун кабыл алуусунда болуп, император каган кылып Бицзяны дайындайт. Алар Дамонун (Улуу Шамо) түндүгүндө, Цзипалунь өзөнүнүн түштүгүндө жашайт. Чанъандан 14 000 лиден ашыгыраак жерде. Кийин тйелэ, пугу, тунлолор чогулуп, сйеяньтолорго кол салып, чоң зыян келтиришкен. Андан кийин Бицзя-каган өлүп, ордуна анын баласы Бачжо отурду. Бачжо кызуу кандуу, тийишкенди жакшы көрүп, кытайлыктарды көп өлтүрдү» (*Кюнер Н. В.* Аталган эмгек. С. 41-43, 45-47). Ошондуктан, «...тан аскери аны талкалады (кандай жеңиш болбосун кытайлыктар аны өзүлөрүнө ыйгарууну абдан сүйүшкөнүн ар сүйлөм сайын байкоого болот). Бачжо качып, капысынан уйгурлар тарабынан өлтүрүлүп.., анын уруусу толук талкаланды. Такка анын кичүү инисинин Бицзягундун (Думочжи атын алган) баласын отургузду» (кара: *Бичурин Н. Я.* Аталган эмгек. С. 347–351; *Гумилев Л. Н.* Аталган эмгек. С. 221, 234). «.683-жылы Чыгыштүрк кагандыгы кайрадан мурунку кубатын калыбына келтирген. Аны күч-кубатка келтирген, кыргыздар менен жакшы мамиледе турган кайсы бир Гудулу-каган деген болгон. Эмне дегенде, кыргыз жазууларында (Уйбат) Гудулу-каган (Тачам деген аты бар) менен досторчо коштошот жана ал жерде каза болгон кыргыздын Гудулу-кагандын аскерлери менен кандайдыр бир байланышы болуп, түрктөрдүн кээ бир урууларына кол салып, түрктөрдүн бир ханын өлтүрүп, ал жөнүндө өз мүрзөсүнө балбал орноткону тууралуу бүдөмүк кабар айтылат. Буга таянып кыргыздар Гудулу менен бирдикте түргөштөргө каршы согушка катышкан дешке болот» (кара: *Бернштам А. Н.* Аталган эмгек. **С.** 204-205].

Кыпчактардын чачыранды болушунун негизги себебин (же Тянь-Шанга келишин) моңголдордун чабуулуна байланыштырылат (мис., *Шаниязов К. Ш.* К этнической истории узбекского народа (историко-этнографическое исследование на материалах кипчакского компонента). Таш., 1974. 44-б.). Ал эми азыркы тарыхчылардын көбү казак элинин этногенезин кыпчактар менен байланыштырышса, кээ бир кыргыз тарыхчылары дагы тил, уруулардын эн-тамгасы, Манас эпосундагы кээ бир уруулардын аталышына

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

кетет[1]. Биздеги кыпчак ошол кыпчак. Казактагы кыпчак ошол кыпчак, казак[ка] аттанып кеткен. Ошентип, Дашты кыпчак кандыгы жок болгон экен. Кыргызка киргени кыргыз атанып, Кашкарга киргени ислам динине мурун кирип, сарт-кыпчак атанган. Кан ичме Карачты өлтүргөндө сарт-кыпчак атанган. Себеби, Оторкандын досу кыпчак Токтор нойондун уулу сартка[2] Оторкандын аялы Арландын туулган кызы Кумаркөздү алган сарт. Сартты Паракан (? Барак хан) кыпчак, жедигер, калчага кан кылган. Алардын урааны, «сарт» деп ураандаган. Жана кыпчак шок, урушчаак эл болгон дешет, мурунку карылардан калган сөз бар. Ислам дини киргенде Кашкарда калганы да бар, кайта [келгени да бар]. Бул Фергана, Самаркан жакка келген бир даары жогорку бөлүмдөрдө да бар. Бирок мен кыпчактын жайын дагы жазганым, сарт атангандын себеби ушул. Ал Тайчакан Оторго келип, Баласагын, Ташы тосуп алып, «кыпчакты силер Оторду алды дегенден кийин мен кыпчакты чаап, чаңын чыгарып келдим» деген Тайчакан Баласагынга.

Сагын, «бекер болуптур, кек кууп кереги жок эле. Болор иш болуптур. Мейли өткөн иш кайтып келбейт, эми кууп кереги жок» деген Баласагын. «Адолоткан келатыр деп кабар келди, эмне кылабыз?» деген Баласагын Тайчаканга. Тайчакан, менин ишим кыпчакты чапмай эле. Болду. Атам эртегинин эр Шооруктоокени өлтүрүп, Самарканды бошотуп алган. Мына менин ишим бүттү. Эмне кылсаң өзүң биле бер. Адолотканды барып ногойду кыпчактай кылсак да колдон келгени тур. Сарайчукту басып алсак деле» деген Тайчакан Баласагынга. Баласагын, «Адолоткандын түрүнө жараша бололу» деген Тайчаканга. Тайчакан Адолоткан келгенче колу менен жата берген Отордо. Адолоткан жолдон, «Баласагын, Ташы Күлмөсканды, Коңурду, Кочкорду – үчөөнү өлтүрүп, Оторду алды. Баласагын өзү Оторго кан болду жана Тайчакан 6 урукту жыйып алып, кыпчакты --- сулата чаап, кыпчактар качып, Кашкар тарапка өтүп кетти. Калганы Сыр жакка, сууга өтүп кетти» деп угат. «Кайта кайтсамбы? Кайткан менен да Сагын, Тайчакан даярланып отурган немелер. Акыры келип бүлүк салат да. Аталарыбыз жалаң Карачты өлтүрбөй, кулду, Паракан тукумун кууду эле (?). Жана Күлмөскан, Коңур, Кочкор, кылган иштери айып, өздөрү тийип отур. Барып кайтайын. Баласагын уста болуп, ордону оңдотту эле. Тайчакан болсо ортобузда эч кек жок, кыз алып-кыз берип. Көкчө менен Үркөрдүн тукуму ортобузда эч чатак жок. Рас, Сартканды тукуму [менен] Үркөркандын тукумунун ортосунда кек бар. Алооке кан Боокени, Карачты өлтүрүп, Самарканды алганда, бир далай Үркөркандын тукумун өлтүрүп жиберген эле. Эртегинин эр Шоорук кан өзүнүн Үргөнчүн сактап алып калган. Аягында Боокенин уулу Тоокени өлтүрүп, Самарканды кайра бошотуп алган. Ушул калыс сөзүмдү айтайын Баласагынга, Тайчаканга. Ага болбосо мейли, өзүлөрү билсин, урушпай, багынып берейин, элди кырбай. Мени өлтүрүп жиберер беле» [деп], көп колун кайтарып, өзүнө жараша адамы менен Адолоткан жөнөгөн экен Оторго. Баласагын, Тайчакан Адолоткан жай, колун кайтарып, анча-мынча адам менен келатыр деп угушат. Андай болсо деп, алдынан баары – Тайчакан, Баласагын, Абак, Карача, Сарман, Ташы – дагы баш адамдары калбай, алдынан тосуп чыгат. Көрүшүп,

---

таянып, кыргыздардын калыптанышына негизинен кыпчак уруулары таасир берген деген пикирди сунуш кыла баштады (мисалга интернет сайттардан Абдуманапов Р. түзгөн серверди карап көрүңүз).

[1] Кыргыздардын башка санжырачылары калтырган маалыматтар боюнча кыпчактар «сарт кыпчактар, сактоо кыпчактар, торуайгыр кыпчактар, каракыпчактар, тоо кыпчактар, жапалак кыпчактар, алтыке кыпчактар, кожомшүкүр кыпчактар, шерден кыпчактар» жана «алардын ар биринен куралып, курама кыпчактар» деп аталып, таралат (кара: *М. Кыпчаков*. Аз китаб кыргыз намэ. КР УИА Инв. № 139).

[2] К. П. Остроумовдун аныктамасы боюнча «бизге белгилүү сарт тили деген аталыш түрк тилдер тобунда, бирок кыргыз, өзбек, татар жана түрк (б. а. турциялык – Т. Э.) тилдеринен айырмаланып турат» (кара: *Остроумов* Н. П. Сарты. Этнографические материалы. Таш., 1896.С. 32. Н. Аристов боюнча ирандыктар менен түрктөр аралашып, алардын тукуму «сарт» деп аталып калган (кара: *Аристов Н. А.* Аталган эмгек С. 231).

амандашып, аралашып Оторго келип, жатып калат. Адолоткан ойлоп келген сөзүн айтат, «өлгөн өлдү, калган калды. Эмне айтасыңар?» дейт экен Баласагын, Тайчаканга. Баласагын, «мындан ары тынчтык менен жан сактайлы. Мен улуу мамлекеттерди көрүп келдим жана кече, бир заманда биз дагы улуу мамлекет элек. Атабыз Атылакан ашра (?) чаап, андан кийин атабыз Карач залим болуп, ага атабыз Алоокекан Карачты өлтүргөнү эчтеме эмес эле. Аяк жагын бузуп кеткен Боокекандын тилин алып, эл ортосуна кек салып, иштин аягын ушуну менен тынык (тыным ?) кылалы. Кыпчактар бул иштен абыгер (?) (жабыгер ?) чегип калды. Кашкар кеткенин кайрып алалы. Кыргызка келгени бар экен, мен аралашып жүрө бергиле деп, уруксат бердим. Казакка киргени да бар экен. Ага да казактар орун беришти. Менин оюмча Паракандын убактысында бир чогулушуп, чоң жыйын кылган экен. Андан кийинки чогулуш ушул чогулуш болду. Оюңарга кетпесин, Баласагын чоң кан болоюн деп оюнда бар го. Оюңарга кетпесин. Менин издегеним тынчтык. Оторду түзөтөмүн, бузулуп калыптыр. Мурункудай кооз болбой калган жана уйгурча илимкана ачтырам жана ар кайсы жерине чоң-чоң мунара салдырам. Сыртын-ичин өзүм көргөн шаарлардын баарынан артык кооздоймун жана колум жеткен жерге чейин элди отуруучу кылам, 7суу жакты. Сырдын баш жагынын баарын кыргызды, тил алган элди отурукчу кылам. Мага Оторду оңдогонго алтын, күмүш, темир жана башка асыл буюмдардан, кымбат таштардан менин сурагымча жардам бересиңер. Мен бул керек деп кабар айтамын. Силер кербен жөнөтүп турасыңар жана адам керек болот, уста керек болот. Ошолорду мен сураганда жиберип турасыңар жана оокат, кийим жагынан жардам берип турасыңар» деп, Баласагын жана айткан экен.

«Үргөнч кандыгы, Сарайчук кандыгы, Отор кандыгы болуп, үч кандыкка бөлүнөбүз. Жер чегин да бөлөбүз. Самаркан ичинде батыш жагында Үргөнч кандыгы, Арал көлүнөн ылдый Каспиге чейин Сарайчук кандыгы, андан бери Сыр бою, 7суу, Фергана Отор кандыгы болсун деймин көбүңөргө» деп, Баласагын сөзүн бүтүргөн экен, көпчүлүк жыйынга. Көпчүлүк Баласагындын оюна айран жана чоң кан болом дебей, кызыкпаганына таң калышкан экен көпчүлүк эл. Тайчакан, Адолоткан жана башка эл башчылары жана чогулган көпчүлүк жыйын эл – баары бир ооздон макул болуп, эски калган адет, эреже менен иш кыла турган болуп, ордого киришип, Куту кунуну алдыга коюп бата кылып, чыбык кыркып тараган экен, чогулган эл үч кандыкка бөлүнүп. 10 сан Паркан (Бараккан ?), 10 сан ногой деген кандык жок болуп, Отор кандыгы, Үргөнч кандыгы, Сарайчук кандыгы болгон экен. Оторго Баласагын кан болгон, Үргөнчкө Тайча кан болгон экен, Сарайчукка Адөөлөт кан болгон экен[1]. Орто Азия, Эдил, Жайык элдери ислам дини киргенче, арап, ерен маданияты, адабияты киргенче тынч, бир жакшы үч мамлекет болуп жаткан. Кой үстүн боз торгой жумурткалап жаткан эл болгон. Оторкан, Паракандын заманындай болуп, Ташы бек, арстан наам алган[2] экен.

Бул элдердин бир-бирине чатак болуп, өз улутунан, адабиятынан айрылып, өзүнүн тарыхынан адашып калганы, ислам дининин күчү менен арап-ерендын маданиятынын эң жиңичке (?), ислам дининин солчул, катуу жагын кармап алышып, өзүнүн тарыхын, адабиятынан ерен, арап, Индустан адабиятын артык көрүп, өзүлөрүнүн тилин таштап, арап-парс тили менен китеп жазып жана кыскасы атына чейин уттуруп жиберген казыркы Орто Азия эли, татар эли аттарынын 100 пурасентке (%?) жакыны арап аттарын жана ислам дининин кубаты, арап калкын[ын] өзүлөрүнөн азиз көргөн тилин да, адабиятын да – Шаа наама (? Шахнааме) ерендыкы, алиб---, Миң бир түн, арап жомогу, Корун Рашид[3]

---

[1] **53-түшүндүрмөнү караңыз**.

[2] Жогорудагы Л. Гумилев жана М. Кашгари (*Чоротегин Т. К.* Махмуд Кашгари.... 135-б.) менен салыштырып көрүңүз.

[3] Харун ар-Рашид— 786–809-ж. бийлик кылган, Аббасиддердин тукумунан чыккан халиф.

Хамийпа[1], арап жомокторун чогултуп, китеп кылдырган. Хамса, Новаи 70 прасынти (%?) парсыча жазылган, ал дагы ерен-арап, индустан адабияты. Мындан башка да адабияттар көп. Муну мен гана билген иш эмес. Мурунтан да айтышып, жазып келген кишилер болгон. Бирок көбү[нө] ислам динин башкаруучулар уруксат бербей келген. Ал сөздөр жомок болуп, бир-бири жок боло берген. Көпчүлүгү Темир чолоктон[2] кийин жок болгон. Бирок бул сөздөр кыргыз-казак элдеринде, чалдарда, эски, атактуу ырчылар, акындардын кезек-кезек жеринен да билинип калган. Казыр мен муну жазып отурганым – ооз боштондугу заман болгон себептүү жазып отурмун. Менин мунум китепте калган сөз эмес. Бул сөз атадан атага (? балага) калган сөз. Атам Акылбек, Алымбектен калган сөз. Мен бул сөздөрдү Ысталындан (Сталин) чыгарган жокмун. Конустутсиясы, ооз боштондугу деген себептүү жазып отурмун. Мурунку заман болсо биздин аталарыбызды бутпарас кылып, исламга каршы деп жаман көрүшөр эле. Али да болсо бар, эл арасында бул каапыр болду дей тургандар, кулагынын сырты менен уга тургандар. Себеби, мен мындан кийин ислам дининен, адабиятынан Орто Азия, татар, ногой, 6шаар – найман кандыгына кандай багындырып алганына кызыктуу жери келет. Жана Чыңгызкан доорунда бат эле ислам динине, арап-ерен маданиятына кирип кеткени билинип турат.

Баласагын кан болуп, Ташыны 7суу кандыгы кылып, Баласагын шаарына койгон экен. Баласагын[дын] Талас деген уулу дагы болгон экен. Багландагы (?) казыркы Жамбылда, Талас суусунун боюнда «Тектурбас» деген олуянын күмбөзү бар. Муну «тек турбас олуя» дейт, же болбосо «тек турбас ата» дейт. Бул арап Азиретаалынын тукуму, ушул жерде өлгөн. Ошон үчүн «Тек турбас ата» деп атанып калган. Ошол Тектурбастын жанына Талас деген шаар салган[3]. Таласты кан кылган Баласагын. Андан төмөн дагы Таластын боюнда Түймөкент деген жер бар. Ошол жерге да калаа салган. Түймө деген Таласкандын кызы экен. Ошол жерде өлгөн экен. Ошон үчүн Түймөкент[4] аталып калган.

---

[1] 1) Халиф (ар.) – орун басар, наместник. Абу Бакр 1-халиф болгон. 2) Ханифа (ханиф) – Мухаммед пайгамбарга чейин эле кудайдын бир экенине, Ибраим (Авраам) пайгамбарга ишенип, сыйынгандар.

[2] Аксак Темир, Амир Темир көрөгөн (гураган – күйөө бала, кыт. Фума Темур), Темирлан (толугураак карасаңыз; Материалы по история кыргызов и Кыргызстана. С. 113–124).

[3] Азыркы Тараз ш. Биринчи жолу Земарх тарабынан эскерилген. Тектурбас (Тектурмас) Талас суусунун жээгиндеги жер (кара: *Бартольд В. В.* Аталган эмгек. 346–47, 384–385, 389-б.).

[4] Алгач Скайлердин «Түркстан» деген эмгегинде эскерилет (кара: *Бартольд В. В.* Аталган эмгек. 382–383-б.). Бартольддун ою боюнча Тоймакент Садыр-коргондон алда канча байыркы чеп болгон. Монах Сюань Цзяндын маалыматы боюнча (629) O-su-po-lei-thing – Осюболайдан (Ашпара) Kin-lan-thing – Куланга чейин 70 ли, андан Tu-kien-thing (? Түйкент, Түймөкент) шаарына чейин 10 ли, Куландан To-lo-se-thing (Талас) шаарына чейин 50 ли (кара: *Аристов А. Н.* Аталган эмгек. 232-б.). Демек, Түймөкент шаары чынында эле Талас (кыт. хроникасында Тараз эмес, Талас – Долас) шаарына жакын болгон. Ушул маалыматтарга кийин Хэ Цю-тао дагы түшүндүрмө берет («Шофанбэйчэн» 1851-ж. жазылып, 1881-ж. жарыкка чыккан жана ал «Усун урууларын изилдөө тууралуу» деп аталып, бирок автордун ою боюнча усундар орустардын түпкү теги болгон. Мындан башка ал эмгекте буруттар же кыргыздар жөнүндө да кызыктуу маалыматтар бар). Анда, «ал азыр Ташихандын чеги (бул жерде сөз Ташкент аймагы тууралуу болуп жатат. Бирок, Хэ Цю-тао таянган адепки тарыхый булакта бул кишинин аты болушу да ыктымал же муну жогорудагы Ташы ханга салыштырып кароого болот. Мисалы, Оторду – Отор хан, Баласагынды – Баласагын, Ташкентти – Ташы салдырып, Ташы – Шаш – Чач аталышы мүмкүн – Т. Э.) түндүк-чыгышынан казактардын (касакэ) оң канаты менен; чыгышынан кыргыздар (булутэ – бурут) менен; түштүк-чыгышынан намугань менен чектешип, Кашгардан 1300 ли алыста жайгашкан. Хань династиясынын тушунда бул жер Даюань жана Кангюйдун чек арасы болгон. Тан династиясынын тушунда Ши мамлекети

Талас шаары Баласагындын уулу Таласкан болгон жана Баласагын чоң Кошойду ошол Талас менен бир [кан кылып] койгон. Таластын башы эки айрылат, бирөө Каракол. Бири Үчкошой атанат: Чоң Кошой, Орто Кошой, Жыланачч Кошой. Ошол Үчкошой ошол Чоң Кошой жүргөн себептүү аталып калган. Ал эми Жамбылдан бери Ташакыр[1] деген жер бар, чыгыш жагында. Ошону да Баласагын салдырган. Мындайча айтканда Иле, Каркыра, Кеген, Ысык-Көл, Чүй, Талас, Нарын – мына ушундагы товолор (? тоолор), суу боюндагы жалчалар Баласагын салдырган калаалар. Муну калмак салган дейт кээ бирөөлөрү. Калмак салбай эле кыргыздын каны, Отордун каны Баласагын салган. Баласагын мындан башка Таластан Оторго чейин, Чаткал, Чаңдалаш, Аксы, Бетегелүү-Койташ, Анжиян, Өзгөн, Алай, Мургулан (? Маргалаң) тоолору, Кокон жерлери ошол жактын көбүн отуруучу кылган жана ошол жакы кыргыздары аралаш болгон, а түгүл Ысар-Гөлөпкө чейин. Мурун сарт атанып жүргөн, казыр өзүбек атанып жүргөн элдер – тажиктен башкасы – кыпчак, калча, жедигер, курама, маңгыт, аларды да отурукчу кылган. Ал Самаркандан тартып Үргөнчтө жүргөн өзүбектер, катаган, кытай, 19 уруулуу коңурат, 12 уруулуу тайчык, каракалпак, букарлыктын көбү, кара маңгыт, Паракан (? Барак хан) алып барып, кичине кылып Букар шаарын салдырып, ошол жакка алып барып койгон, карамаңгытты. Ал араптар, ерендар келгенден кийин Ташкенден Таласка чейин 7кент аталган, ислам динине киргенден кийин. Ал 7 кайсы? 1) Ташкент 2: Кожокент (? Ходжикент) 3) Пискент[2] 4)

---

(**кошумча маалыматты 65-түшүндүрмөдөн караңыз**) деп аталып, азыркыдай эле кол салуу, талап-тоноолор жүрүп турган. Ошол өзөндүн батыш жак башында Далосы деп аталган шаар бар» (кара: *Кюнер Н. В.* Аталган эмгек. 96-97-б.).

[1] Же Акыр-Таш. Акыр-Таш жөнүндөгү кабар Н. Аристовдун эмгегинде кенен берилген. Анда, анын курулушу будда (бутпарас) динине (кыргыздардын дини бутпарас экенин Балыкооз жогоруда ачык айтып жатат) байланыштуу болуп, ал карлуктар менен караханиддерден мурунку түрктөр салганын жана аны куруу үчүн мындай күчтүү державанын башка элде болбогонун түшүндүрүлөт. Муну менен кошо аны бийлиги Алтайдан Гиндукушка жеткен батыш-түрк хандарынын бири, же болбосо, «алар балким, же Дулу-хан (638–653), же Сулу-хан (715–738) гана» курдурушу мүмкүн деген тыянак чыгарган (кара: *Аристов Н. А.* Аталган эмгек. 275–281-б.). Бартольддун эмгегинде Акыр-Таш тууралуу айтылган ар кандай легендалар келтирилет. 1221-ж. урандыга айланган шаар болгон (кара: *Бартольд В. В.* Аталган эмгек. 388 – 389-б.).

[2] Ташкент ш. алгач ирет Кытай хроникаларындагы Кангюй мамлекетине байланыштуу Ши, Чшеси ж. б. тыбышында жолугат. Көпчүлүк окумуштуу, котормочулар аны ташка байланыштырышат. Кытай тилинде «ши» («che») ташты билдиргенин, демек Tche tche, Tche tchu, Tche Che же, араб-перс тилиндеги Шаш түз мааниде таштуу шаар – Ташкент экенин Аристов дагы эскертет (кара: *Аристов Н. А.* Аталган эмгек. 92–93-б.). Бирок шаарга жакын аймакта таш казып алуу, деги эле таштак, таштуу жерлер жок (кара: Бартольд В. В. Работы по истории и филологии тюркских и монгольских народов. /Соч. М., 1968. Т. V. С. 79]. Ал эми кытай жазма маалыматтарына таянган Ю. Зуев – «Чжэшэ (Чач, Ташкент) бул мурунку Канцзюй мамлекети болгон», «Чачтын башкача аталышы Ши-го «Таш падышачылыгы», ал эми падышасынын атасынын аты Ши (Таш), өз аты [и]не ([и]нель)» экенин белгилеген (кара: Зуев Ю. А. Ранние тюрки: очерки истории и идеологии. А., 2002. С. 94]. Төмөндө Баласагын өлгөндөн кийин Отор хандыгына Ташы хан болгонун көрөбүз. Аныдктан байыркы Ташкент шаары «Ташынын шаары» (же кытай тилинде Та [Tche] жутулуп, Ши калган) деген түшүнүк болушу мүмкүндүгүн четке кагууга болбойт. *Кожокент* – азыркы Өзбекстанга караштуу шаар, Ташкент шаарынан 66 км. түштүк-чыгышта – Чарвак суу сактагычынынын жээгинде жайгашкан. Пскент Ташкент шаарынан 42 км. түштүк-батышта. Кызык жери Димашкиде (Notices et extraits de la manuscripts de la bibliotheque du rui, Paris. 1838, T, XIII) эскерилген Исфиджаб өлкөсүнө караган шаарларга Тараз, Нуджкет жана Ходжендди кирип калышы Н. Аристов үчүн түшүнүксүз бойдон калган (кара: *Аристов Н. А.* Аталган эмгек. 258-б. 1-шилтеме). Демек,

Сайрам 5) Маңкент[1] 6) Карабулак Машат[2] 7) Чолоккоргон. Мындагы элдердин көбү ак маңгыт[3]. Өзүн унутуп койгон кыргыз-казак да бар[4]. Ал Баласагын Отордун сыртын темирден кереге кылып, ичин бышкан кыштан коргон кылып бекиттирген. Ал ичин ордону абдан кымбат баалуу нерселер менен жасаган жана кан тура турган сарайды, башка да үйлөр, өкмөт тура турган, баарын асыл буюмдар менен, жибек жүндөн токулган буюмдар менен жана асыл таштар менен жана алтын-күмүш менен, ошол жогорку [аталган жерлерге] чоң-чоң фонарларды коюп, жарык кылган. Үйлөрдү алтымыш нерселер менен жабдыган. Чоң-чоң мунараларды салдырган. Баласагын ошентип өзүнүн көңүлдөгү ишин 17 жыл эл кыдырып жүрүп ойлонгон ишин бүтүргөн. Ошол замандын кооз шаары болгон Отор. Барсаң Оторго бар....

Баласагын Оторго, Баласагын шаарына уйгурча мектеп ачкан, казыр да бар деп угам. Фергана шаарына келе турган чоң суу бар. Ошол өзөндүн оозуна Үчкоргон деген

---

орто кылымда бул шаарлар бир бийликке (аймак) караганын жазма маалыматтар да далилдеп жатат.

[1] Хордадбек боюнча Шараб. Исбиджаб шаарынан чыгышка карай 4 фарсах (20 чакырым, Чымкент шаарынан 22 чакырым) жерде турган.

[2] Хордадбек боюнча Бадукат (кара: *Аристов Н. А.* Аталган эмгек. 257-б.). Арыс суусунун сол жээгинде азыр да Карабулак деген чоң айыл бар.

[3] Кара маңгыт, ак маңгыт болуп кандайча аталганы али изилдене элек. Бирок, кытай хроникаларында түсүнө жараша бөлүнгөн элдер тууралуу кабарлар бар (кара: *Бичурин Н. Я.* Аталган эмгек. Т.1. 303–307-б.). Марвази боюнча сары (шары) өз алдынча чоң уруу. «8-кылымда батыш тукиюесилердин арасында чыр-чатак, келишпестиктер аяктап, дулу жана нушибилер жөнүндө кытай кабары эскербей калганда, өзүлөрүнө өзгөчө хан таңдай баштаган кара жана сары урууларь маанилүү орун ээлеп калат. Бул жерде сарылардын уруусу деп, сакалы сары, өңү менен көзү ачык түстүү усундардын тукумун, кыргыздарды, нушибилердин аймагын ойлоого болот, ал эми чачы-көзү кара дулулар кара уруулары болуп калган. Балким, жергиликтүү түрк урууларына жаткан тукишилер дулулардын аймагында болуп, ошондуктан Согэ дагы, Сулу дагы теги жагынан кара урууларына жаткан. Согэнин тукумун «туугандары» («родовичи») «сарылардын аймагына» чегеришкенине караганда хандык бийликти талашканда аларды сары (желтый), же сапсары (рыжий) нушиби уруулары колдосо керек (кара: *Аристов Н. А.* Аталган эмгек. 226-б.). Бул жерде «ак» түстүн так которулбай турганы эске алынышы керек. Мис., азыркы европалыктар өзүлөрүн ак, кыргыздар сары түскө жаткырышат.

[4] Санжырачы бул жерден Жетикенттин арабдардын колуна өтүшүнөн кийин (8–9-кылымдар), кыргыздардын чыгышка (башы Алтайга) кете баштаганын белгилеп жатат. Жогоруда Б. Юнусалиев белгилегендей «Кебетеси, кыргыздардын ичкиликке караган бөлүктөрү (теит, кесек ж. б.) кыргыздар өзүнүн улуу державасын түзгөн мезгилде алыскы түштүк-батышта, б. а. Ак-Суу, Турпан ченде туруп калып, кара-кытайлардын, же моңголдордун соккусунан улам кыргыз элинин негизги бөлүгүнөн бөлүндү болуп калса» (кара: *Юнусалиев Б. М.* К вопросу о формировании общенародного киргизского языка.//Труды ИЯЛ АН Кирг. ССР, 1956, вып. VI), мындан бир гана жыйынтык чыгат. Мис., М. Кашгаринин сөздүгүндө кезиккен көп сөздү түштүк кыргыздар азыр дагы дал өзүндөй пайдаланышат (коён – тавышкан; ариш аркак – колго жасалган кездеме, угут, сигир – уй, авышка, өң, ж. б.). Натыйжада Алтайга сүрүлгөн кыргыздардын антропологиялык түзүлүшү, тили, каада-салт, диний көз караштары кандайдыр бир белгилүү өзгөрүүгө дуушар болуп, ал эми бул жакта калган кыргыз, казак ж. б. уруулардын (огуздар) антропология жана тилдик өзгөчөлүктөрү анча өзгөрүлбөй, бирок ислам дининин таасирине киргенден кийин өз ата-тегин биротоло унутуп калган деп түшүнүүгө болот. Мисалы, азыркы өзбек, түркмөн, каракалпак, ж. б. эли кыргыздардай өзүнүн генеологиялык ата-тегин билишпейт, алар биринчи кезекте кайсыл уруудан (миң, жүз, кырк, каңлы, кыпчак ж. б.) чыкканына маани беришет.

калаа салган экен Баласагын. Ошентип элдин көбүн, кыргызды отуруучуга айландырган. Атасы Оторкан, Бараккандан калган адет, эрежелердин баарын колдонгон менен, өз оюу менен да иш кыла берүүчү экен. Ошентип Баласагын көп жашаган. Ал өлгөндөн кийин Ташы кан болгон Оторго. Ташы бир нече жыл кандык кылып, Ташы да өлгөн. Ордуна Белеке кан[1] болгон. Ошол убакта Мухаммеддин пайгамбар болуп калган кези[2] экен.

Мен бул азырак, кыскача араптан Мухаммеддин, калыйпа Аалынын жайынан бир аз кошуп кетүүнү керек кылдым. Себеби биздин бул жакка ислам дининин жана арап, иран маданиятынын, адабиятынын киргенинен баштагым келет. Биздин дин бул жакка санайы Хажариянын[3] 53-54 инчи жылдарынан баштап кирген.

Мухаммеддин тукуму Курайыш[4] деген арап калкынын ак сөөгү болот. Мекеде турган арап пайгамбардын уулу Исмаилды[5] жана аялы Бүбү Ажарды[6] колдоруна алышып, пайгамбар кылган. Ыбрайым азыркы Меке[де] турган. Жерди Адам ата, Хава[7] эне кудайдын дыргыкынан (?) күнөкөр болуп куулгандагы мекен үйүнүн орду деп, ушул жерден Адам[га] Хава эне эгиз – бир эркек, бир кыздан туба берген деп, Адам баласы ушул жерден көбөйүп, дүйнөгө тарала берген деп, бир үй салып, кудай буюрду деп, Исмаилди алып келип Пилистинадан (Палестина), араптардын ичине койгон Ибрагим пайгамбар. Ошентип, ошол жерге Меке шаарын жасаткан. Исмаилдин тукумун арап эли курайыш атаган. Ибраим өзү мекенин, үйүн салган. Иши кылып Меке Азиянын, Афириканын бир чоң зыяратканасы болгон жана ошол Мекенин үйүнө, сыйына турган жерине жана Меке шаарына Исмаил тукуму бирден-бир шайык[8] боло берген. Нече миң жыл өткөндөн кийин Мекенин шайыхы Абдыманап[9] деген адамдан эгиз эки бала туулган, аркасы жабышып туулган дейт. Экөөнүн аркасын кылыч менен бөлгөн дейт. Бирөөнүн

---

[1] Мүмкүн сөз Хорасандын наместниги Асад ибн Абдаллах Абу Мунзир тарабынан 737-ж. өлтүрүлгөн Ташкент шаарынын падышасы Бедер тархан (Тудун тархан) жөнүндө болуп жатат (кара: История ат-Табари. С. 256–58).

[2] Мухаммед пайгамбар 570-ж. 29-августта, азыркы Меке шаарындагы Каабадан 400 кез алысыраак жерде туулуп, болжол менен 610-жылдан баштап пайгамбарлык кыла баштаган (кара: *Панова В. Ф., Вахтин Ю. Б.* Жизнь Мухаммеда. М., 1991. С. 43, 209).

[3] Хиджра.

[4] Исмаил пайгамбардын тукуму. Ал хузаит уруусунун башчысынын кызына үйлөнүп, Мекеге отурукташкан. Анын Фир деген чөбөрөсү Курайш деген ылакап атка ээ болуп, андан курайшиттер уруусу тарайт. Фирдин жетинчи муундагы тукуму Кусай болгон (кара: *Панова В. П., Вахтин Ю. Б.* Аталган эмгек. С. 30).

[5] Арабдардын уламышы боюнча түндүк араб урууларынын теги Ибраим менен анын уулу Исмаил болгон.

[6] Инжилде Ибраимдин аялы Сара төрөбөй калып, өзүнүн египет фараону тартууга берген күңү Ажарды (ар. Хаджар, инжилде Агарь) күйөөсү Ибраимге никелеп койгон. Көп өтпөй Ажар Исмаилди төрөгөн. Бирок, кээ бир араб окумуштуулары (Мухаммад Сулейман аль-Мансур-пури, Ахмад Дидат) Авраам (Ибраим) менен Саранын бир тууган экенин, ал эми Ажар египет падышаларынын тукуму экенин эскертишет.

[7] Адам Ата менен Обо эне кудай-тааланын алдында катуу күнөөгө батышына байланыштуу алар бейиштен гана куулуп чыкпастан, экөө эки жакка – Адам Шри-Ланкага (Цейлон), Обо эне Кызыл деңиздин жээги, Мекеден анча алыс эмес – азыркы Жийде порту орун алган жерге түшкөн. Алар эки жүз жылдан кийин Мекеге жакын Арафат тоолорунан кезиккен. Ошондуктан ал тоо мусулмандар үчүн ыйык жерлердин бири болуп эсептелет (кара: *Панова В. П., Вахтин Ю. Б.* Аталган эмгек. С. 29).

[8] Шейх – араб уруулары кландарга жана уруктарга бөлүнүп, күчтүү кландардын башында тургандар шейх деген ардактуу наамга ээ болушкан (кара: *Панова В. П., Вахтин Ю. Б.* Аталган эмгек. С. 13).

[9] Кусайдын туңгуч баласы Абдул-Дар, кичүүсү Абд-и Менаф болгон.

атын Ашым[1] койгон, бирөөнүн атын Умуйя[2] койгон. Ошол убактагы мунажымчылар, табарчылар[3] ушул Ашым, Умуйянын тукумдары[4] бирине-бири душман болот деп айткан. Меке өзү кумдак жер болуп, калкы ошол зыярат кылган элден пайдаланган жана ошол замандын чоң байлары болгон жана эки жактан келген чоң соодагерлер көп келчү шаар болгон жана Мекенин эли да, асыресе курайыш уругу, сырткы, атактуу шаарларга бара турган соодагерлер да көп болгон жана сырттан: ипранылардан (? иранылардан), жупанылардан (? жапония), руумулардан (? румийлер, же византиялыктар), бани исраилден окуган адамдардан да көп баруучу. Туруп калгандары да болгон. Ашым атасынын ордуна шайык болгон. Ашым өлгөндөн кийин баласы Абдулмуталып[5] шайык болгон. Абдулмуталлыптын 4 катыны болгон. Ошол 4 аялдан 11 уул туулган[6]. Бир аялдан Абдулла, Абдуталып, Хамза, Аппас деген 4 уулу болгон. Ошол Абдулладан Мухаммед пайгамбар туулган. Энесинин аты Амина. Мухаммед туулгандан кийин, атасы Абдулла бир жылга жетпей өлгөн. Энеси алты жашка келгенде өлгөн. Мухаммедди чоң атасы Абдулмуталып баккан. Абдумуталып сегиз жашка [Мухаммед] келгенден кийин өлгөн. Мухаммедди Абуталыпка тапшырган. Абдулмуталлиптин ордуна Абуталып[7] шайык болгон. Алынын атасы ушул адам. Мухаммед 25 жашка келгенден кийин Хулид Воркака ибни Напал (? Науфал) деген адамдар, окумуштуу адамдар ошол Меке шаарына барып, туруп калган. Хулидден Калийча[8] деген кыз туулган. Ал Калыйча тул калган аял, 40

---

[1] Хашим. Арабча «нанды майдалап берген киши» деген мааниде. Уламыш боюнча бир жылы ачарчылык болуп, Хашим нан бышырып, майдалап, бөлүп берип Мекенин элин баккан (кара: *Али Химмет Берки, Осман Кескиоглу. Хатемүл-Энбия Хазрети Мухаммед жана (анын) өмүр баяны. Анкара 1997*).

[2] Бул жерде санжырачылар жаңылып жатат. Умайя (Омейя) Абд-и Менафтын небереси, Абдул-Шамстын уулу. Башкача айтканда Абд-и Менафтан Науфал, Абдул-Шамс, Хашим деген үч уул туулган. Хашимден Абд аль-Муталиб.

[3] Мүмкүн ислам дининдеги агымдарды айтып жатат. Мис., мутазлиттер – ар. и-тазала «обочолонуу», маджусия – зороастризм, ж. б.; ал эми Мухаммед пайгамбар таухид – кудайдын бир экенине чакырган.

[4] Омеядар (бану Умайя) – Умайянын тукумдары. 661–750-ж. бийлик кылышкан.

[5] Хашим Сирияга бара жаткан жолдо, Жер Ортоңку деңизинин жээги – Газада өлгөн. Артында Шейба деген баласы калып, ал бала кезин Ясрибдеги (кийинки Медина), тайкелеринин колунда өткөргөн. Шейба бойго жеткенде аны Мекеге алып келген Хашимдин иниси Мутталиб болгон. Адегенде мекеликтер Шейбаны Мутталибдин кулу деп түшүнүшкөн. Ошондуктан ал Абд аль-Мутталиб – «аль-Мутталибдин кулу» деген ысым алган. Абд аль-Мутталиб небереси Мухаммед 8 жашка чыкканда кайтыш болгон. (кара: *Панова В. П., Вахтин Ю. Б.* Аталган эмгек. С. 32, 57).

[6] Абд аль-Мутталибдин 13 баласы болгон. Балдары Абу Талиб, Абу Лахаб (өз аты Абд аль-Узз. «Абу Лахаб» – ар. «тозок отуна күйө турган киши» деп тынымсыз душмандыгы үчүн аны Мухаммед пайгамбар атаган. Тарыхта ушул ат менен белгилүү. Белгисиз оорудан эти ириндеп, чирип өлгөн. Эч ким (балдары да) көмгүсү келбей, көпчүлүк зордук менен көмдүргөн). Абдаллах (Мухаммед пайгамбардын атасы), Аббас, Хамза; кыздары Сафийя, Барра, Атика, Умм Хаким, Умайма, Арванын ысымдары калган.

[7] Абу-Талиб (529–619), Абд аль-Мутталибдин улуу баласы, Алинин (Азирет Али) атасы. Уламыштар боюнча өлөөр алдында Мухаммед пайгамбар аны мусулман болууга чакырган. Бирок ал Мухаммедке «азыр исламды кабыл алсам, мени өлүмдөн коркту деп айтышат» деп, баш тарткан. Башка кабарлар боюнча өлөөр алдында ыйман айтып, исламга киргени айтылат (кара: *Панова В. П., Вахтин Ю. Б.* Аталган эмгек. С. 254).

[8] Бүбү Каличанын (Хатича, Хадидча, Хадиджа бинт Хувайлид) атасы Хувейлид, бешинчи атадан (Науфаль) кийин Мухаммед менен кошулат деп айтылат (кара: *Хатемүл-Энбия....*). Мурун эки жолу турмушка чыккан. Мухаммед пайгамбарга чыкканда 40 жашта болуп, 619-ж. кайтыш болгон.

жашта. Өзү чоң соодагер экен. Абдан алтын-күмүш, кымбат таштар урунган бай аял экен. Аны Мухаммед 25 жашында алган. Баккан атасы Абуталып аркалуу алган. Ошентип, Мухаммед 40 жашка келгенде пайгамбар болгон. Мен булардын кандайча пайгамбар болгонун жазган жокмун. Менин мына бу тарыхы жомогума кирише турган болгон себептүү гана жазып отурмун. Ал Мухаммеддин ошол курайыштан өзүнө сүйүнчүлүү (күйүмдүү ?) 10 жолдошу болгон, эгер [өзү] өлсө бирге өлө турган: Абубакр[1], Уммар ибни Хытан[2], Осман ибни Аппан[3], Алы ибни Абуталып[4], Зупайыр ибни Абам[1], Абу Убайда

[1] Туулгандагы ысымы Абдаллах. Абд-и Менафтын үч уулунун бири Науфал. Абу Бакр Науфалдын Ади деген уулунан, Тайм кланынан чыккан. Өңү сулуу болгону үчүн адегенде Атик («асыл тукумдан»), кийин Абу-Бакр аталган. Хатича, Али жана Зайддан кийин мусулман болгон (кара: *Панова В.П., Вахтин Ю.Б.* Аталган эмгек. 138-б.). Зубайр ибн аль-Аввам, Абду-Рахман ибн Ауф, Саад ибн Абу Ваккас, Талха ибн Убайдуллахты Мухаммедке алып келип, мусулман кылган. Мекедеги бай көпөстөрдүн бири, пайгамбардан эки жаш кичүү, анын жакын жолдошу. Пайгамбардын асманга учканына (аль-исра ва-ль-мираж) күбө болгону үчүн «ас-Сиддик» – «чындыктын күбөсү» деген атак алган. Эң биринчи чыныгы халиф (632–634).

[2] Умар (Омор) ибн аль-Хаттаб – мунун ислам динин кабыл алышы Мухаммед пайгамбар үчүн абдан чоң жеңиш болгон (анын ислам динине кириш тууралуу кызыктуу аңгемелер айтылат (кара: *Панова В. П., Вахтин Ю. Б.* Аталган эмгек. С. 210–215). Ушундан баштап мусулмандар кудайга ачык сыйына баштайт. Абу-Бакрдан кийинки экинчи чыныгы халиф (634–644). Мекеге барып, сыйынып келгенден кийин, Мединадагы мечитте куран окуп жатканда, ирандык кулу Абу Лулу колдуу болуп өлтүрүлгөн. Өлүм алдында жаңы халиф шайлоо үчүн пайгамбардын алты саабаларынан (сахаб) турган Кеңеш (Шура) түзгөн. Ага Усман ибн Аффан, Абду-Рахман ибн Ауф, Али ибн Абу Талиб, Зубайр ибн аль Аввам, Саад ибн Абу Ваккас жана Талха ибн Убайдуллах кирип, Усман ибн Аффан жаңы халиф болуп шайланган.

[3] Усман (Осмон) ибн Аффан – Умайянын тукуму, Абдул Астын небереси. Ислам динине Абу-Бакрдан кийин (30 жашында) кирген. Үчүнчү чыныгы халиф (644–656). Пайгамбардын эки кызына (Рукайя өлгөндө [624] пайгамбар ага Умм-Кульсумду берген) үйлөнгөнү үчүн «Зи-н-Нурайн» («эки нурдун ээси») деген ысымга ээ болгон. 656-ж. биринчи халиф Абу Бакрдын уулу Мухаммед (Абу Бакр өлгөндөн кийин анын жесири – Асма бинт Амисти Али алган, ошондуктан Мухаммед иш жүзүндө Алинин колунда чоңойгон) жана Малик аль-Аштар тарабынан өлтүрүлгөн. Анын каны жанындагы куран китепке чачырап калган. Усмандын өлүмү менен халифатта көп жылдык граждандык согуш башталат.

[4] Абу аль-Хасан Али ибн Абу Талиб аль-Муртада («Тилек тилеген»). Кааба кайра оңдолгондон кийин бир нече жыл өтүп, Меке жана Хиджаздын айланасы катуу кургакчылыкка дуушар болот. Ошондо көп бүлөлүү Абу Талиб баарынан көбүрөөк жабыр тартат. Мухаммед ага жардам берүүнү чечип... Абу Талибдин жети жаштагы эң кичүү баласы – Алини асырап алса, Аббас (Абу Талибдин иниси, аббасиддердин династиясына негиз салгандар ушунун тукуму) болсо экинчи баласы Джафарды өзүнө алат. Кээ бир кабарда Али 10 жашында ислам динин тааныган. Мухаммед Алини асыраган жок, бирок аталаш инисине өз баласындай эле мээрим төктү, Али болсо аны атасынан артык көрдү (кара: *Панова В. П., Вахтин Ю. Б.* Аталган эмгек. 102-б.). Пайгамбардын кызы Фатимага үйлөнүп, Хасан жана Хусейн деген эки балалуу болгон. Куранды жана хадистерди туура чечмелегени үчүн пайгамбар «мен билимдин шаары – Али анын каалгасы» деп атаган. Мухаммед өлгөндөн кийин Мединадан эч кайда чыккан эмес. Усман өлтүрүлгөндөн кийин Шурага кирип, төртүнчү чыныгы – акыркы халиф болуп шайланып, Усманды өлтүргөндөрдөн өч алуудан баш тарткан. Натыйжада, мусулмандардын башкы кландары умайиддер (омеяддар) менен хашимиттердин ортосунда араздашуу күчөгөн. 657-ж. мусулмандардын борборун Куфуга (Ирак) көчүргөн. 658-ж. Сириянын наместниги, омеяд

ибни Жара[2], Абдурахман ибни Aауб[3], Саад ибни Бакас[4], Убайдулла ибни Талка[5], Зыяд ибни Сайид[6]. Мухаммеддин ушул 10 жолдошу ушулар. Буларды арапча Ашырайы Муппашар[7] дейт. Анын переводу 10 сүйүнчүлүү адам дегени. Себеби ушул 10 кишини Мухаммед бейишисин (?) деп, кудай кабар берген дейт. Ал эми Мухаммед 50 жашында Медийнеге көчүп барган экен Мекеден[8]. Көчүп баргандарды махажырынлар[9] дейт. Медийнада туруучуларды ансаарылар[10] дейт исламилар. Мен не себептүү ансаарылар дегенин жазган жокмун. Мына ушулардан баштап саанайы Хажария дейт. Мына ушул санага 1368-жыл болду. Ал Мухаммед пайгамбар 13 жыл пайгамбарлык кылып жана халипалык да кылган. Мухаммед аскер кураган жана аскерди кайтарып жүрө турган аяр койгон. Аяр башы кылып Баба Уммар[11] деген адамды коет. Адегенде башчы кылып Уммуянын тукумунан Амуру ибни Ас[12] деген адамды аскер башы кылган. Өзү өлгөнчө

---

Муавия менен араздашып, курандын негизинде бейтарап соттун чечимин аткарууга макул болгон. Муавиянын куулугу менен бейтарап сот экөөнү тең халифтиктен баш тартууга сунуш кылган. 660-ж. Муавия өзүн халиф шайлаган. Ушундай окуялардан кийин хариджиттер («бөлүнгөндөр» же Алиден баш тарткандар) Али, Муавия жана Амр ибн аль-Ас үчөөнү бир убакта өлтүрүүнү чечет. 661-ж. рамазан айынын экиси күнү, Куфудагы мечиттин эшигинин алдында Абду-Рахман ибн Мулжам тарабынан өлтүрүлгөн. Муавия жарат алган.

[1] Зубайр ибн аль-Аввам. Асад кланынан, Пайгамбардын тууганддары. Абу Бакрдын биринчи күйөө баласы. Мухаммед пайгамбар өлгөндөн кийин Алиге каршы козголоң уюштурган. «Төө үстүндөгү согушта» (656) курман болгон.

[2] Абу Убайда ибн аль-Жаррах – мусулмандардын аскер башчысы, Сириянын наместниги. 639-ж. чума оорусу менен ооруп өлгөн.

[3] Абду-Рахман ибн Ауф – Зухра кланынан, биринчилерден болуп мусулман динине кирген. Бадра жана Ухуд (Оход) согуштарына катышып, экинчи халиф – Умар өлгөндө халиф болуудан баш тартып, Усманды колдогон. Пайгамбардын жесирлерине камкордук көрсөткөн.

[4] Саад ибн Абу Ваккас – Зухра кланынан, 17 жашында мусулман болгон. Бадра жана Ухуд согуштарына катышып, 635-ж. эң жогорку аскер баш болуп дайындалган. Ислам тарыхында эң биринчи кан төккөн адам.

[5] Талха ибн Убайдуллах – Тайм кланынан, Ухуд согушунда (625) пайгамбарды аман сактап калган. «Төө үстүндөгү согушта» курман болгон.

[6] Зайд ибн Сабит – пайгамбардын катчысы. Курандын аяттарын жазып, пайгамбардын буйругу менен сирия (арамей) тилин үйрөнгөн. 650–652-ж. куранды топтоп жазууда негизги ролду ойногон.

[7] Бул жерде араб тилиндеги аталышы өтө бузулууга учураган. Бирок, пайгамбар тирүү кезинде ушул он кишини бейишке түз бара тургандар деп атаган.

[8] Мекедеги мусулмандардын Ясрибке көчүшү. 622-ж. 12-июлда башталган деп эсептелет. Мухаммед пайгамбар менен Абу-Бакр 622-ж. раби аль-авваль (24-сентябрь) айында шаарга жакын Куба деген жерге келген. Ушундан бери Ясриб шаары Мадинат ан-Наби («пайгамбардын шаары»), же жөн гана аль-Мадина деп аталып калган. 639-ж. баштап ал жыл (622-ж., 12-июль) мусулмандардын жыл санагы боюнча биринчи жыл – Хиджра болуп кабыл алынган.

[9] Мухаджиры – көчкөндөр.

[10] Ансарлар – жардамчылар. Ясрибдин тургундарынын көбү еврейлер болгон. Пайгамбар аларды ушинтип атаган.

[11] Жаңылыш аталган сыяктанат. Мухаммеддин эң биринчи аскер башчылары – мусулмандардын биринчи туусун көтөргөн Хамза, же 636-ж. чейин аскер башы Халид ибн аль-Валидди айтып жатат.

[12] Амр ибн аль-Ас – таланттуу элчи, адегенде мусулмандарга каршы болуп, Эфиопияга качкан мусулмандарды (кичи хиджра – 615-ж.) кайтарып келүүгө аракет жасаган. 629-ж.

ошол киши аскер башы болгон. Арап тарыхында белгилүү Амур Ас деген адам ошол жана Мухаммед өзү кошулбаган аскерди бир жакка аттандырса Сирия деп атаган. Өзү кошулуп аттанганда «гызыва» деп наам койгон. Мухаммед адеп аттандырганда Амур Асты баш кылып, Медийнанын жанындагы жүүттөргө[1] аттандырган. 125 киши экен аскери. Жүүттөр Мухаммедке ортодогу убада-шартын бузгандан кийин, Амур Асты баш кылып аттандырган себеби ошол. Кыскасы 11инчи жылы барып, Мекени караткан. Ошондо 22 миң аскер менен барган Мекеге[2]. 13 үнчү жылы өлгөн. Арапстанды бүтүн өзүнө караткан. Ошол 13үнчү жылдын башында Сурия (Сирия ?), Пилистинага аттанган, аскер алып. Ошондо аскери 30 000 миңге (оригиналда ушундай?) толгон экен. Жолдон Түбүк[3] деген жерден кайткан. Себеби ошол жакты калара обаа (? чума) оорусу каптаптыр деп угуп, муну кудай кабар берди деп, барбагыла деп айтты деп, аскерине ошентип угузуп кайткан Мухаммед. Ошондон келип өлгөн[4]. Ал Мухаммеддин 11 аялы[5] болгон. Экөөнү кыз алган. Бирөө Айыша деген Абубакрдин кызы. Бирөө Марыя деген кызды Искандариянын падышасы Макукас деген адам белекке берген. Бир качыр, бир кылыч (? кылычка, же

---

кийин Халид ибн Валид менен бирге ислам динин кабыл алган. Көрүнүктүү аскер башы. Египетти багындырып, ал жерде наместник болуп, Усман халиф болгондо бошоп калган. Муавия менен Али бейтарап сотко түшүүгө макул болгондо Муавиянын өкүлү катары катышып, 663-ж. кайтыш болгон.

[1] Еврейлер.

[2] Мухаммед пайгамбар Мекени 10 миң аскери менен хиджранын 8-жылы же христиандардын жыл санагы боюнча 630-жылы алып, өз колу менен Каабаны ар кандай идолдордон тазалаган. Каабада биринчи жолу азан чакырган Билал ибн Раббах (Абу Бакрдын мурунку кулу – кийин эркиндик алган) болгон.

[3] Табук – Мединадан 500 км түндүк-батышта жайгашкан. Мухаммед пайгамбардын колунда 30 миң жоокер болуп, ал жерден византиялык аскердин артка кайтканын угуп, Мединага кайтып кетишкен.

[4] Мухаммед пайгамбар Мекеге сыйынып келип, 2 жумадан кийин хиджранын 11-жылы, раб аль-авваль айынын 12инде (632-ж. 8-июнда) өлгөн. С. Орозбаковдун вариантында «азирети Мухаммед Мустафадан 475 жылдан кийин түрк элинен, Түркстан жеринен Манас чыгат» (кара: Манас энциклопедиясы. 118-б.). Эми Сагымбайдын сабатсыз экенин унутпай, анын эсеби боюнча Манас 1107-жылы (632+475=1107) «чыккан» (? туулган, эр жеткен) десек, анда анын жашаган жылдары – Елюй Абаозцынын сегизинчи муундагы өкүлү, Жети-Сууда Кара-Кытай (Кидан, кыт. Си Ляо) мамлекетин (1125–1212) негиздеген Елюй (? Жолой)-Дашинин (кыт. Чжундэ, 1087–1143) мезгилине туш келерин көрөбүз. (Елюй-Даши жөнүндө кененирээк карасаңыз: *Малявкин А. Г.* Материалы по истории уйгуров в IX–XIIвв., Новосибирск, 1974; *Воробьев М.В.*,Чжурчженское государство Цзинь и Центарльная Азия //Страны и народы Востока вып. XI, М., 1971; *Пиков Г. Г.* Западные киданы. Новосибирск, 1989). Демек, мындан «Манас» эпосунун чыныгы тарыхый окуялар менен түз байланышта болгону тууралуу логикалык жыйынтык чыгат.

[5] Хадиджадан кийин Савда деген жесир аялга үйлөнгөн. Андан кийинки аялы Айша – Абу Бакрдын кызы. Кийинки аялы күйөөсү Бадрадагы согушта каза болгон Умардын кызы Хафса. 5-аялы Хинда (Умм Салам). 6-аялы туткунга түшкөн Барра (Джуварийя) бани мусталик уруусунун шейхинин кызы. 7-аялы Зайнаб – асырап алган уулу Зайд ибн Харристин аялы. Зайд бир кезде мекеликтерге туткунга түшүп, Хадиджага туш келген. Хадиджа аны пайгамбарга берген. Кийин атасы келип, кара сатып алмакчы болгондо, Зайд ибн Харрис атасынан баш тарткан. Муну көргөн пайгамбар үч кишини күбө кылып, асырап алган. Кийинки аялы колго түшкөн хайбар уруусунун кызы Сафийя. Андан кийинкиси Абу Суфиандын кызы Умм Хабиба. 10-аялы Египетти башкарган Византиянын наместниги Муковкис (Мукаукис, европалыктар Кир деп аташкан) жиберген күң Марйам. 11-аялы Аббастын балдызы Маймуна деген жесир.

менен) ошол Марыя кызды берген. Марыяны Мухаммед алган экен. Андан Ибрайым[1] деген бала туулган. Ал бала чоңойуп келип өлгөн. Качыр Дулдул ошол. Кылычы Зулпукар деген кылыч ошол Мухаммед өлгөндөн кийин Алыга калган дулдул, Зулпукар энчиге. Себеби Мухаммеддин Калыйчадан эки эркек бала, 4 кыз болгон. Эки эркек бала өлгөн, 4 кыз калган: Фатима, Рукуйя, Күлсүм, Зайнап[2]. Фатиманы Алы ибни Абуталып алган. Ошон үчүн Зулпукар, дулдул Алыга калган энчиге. Ал эки кызын Осмон ибни Аппан алган, бирөө өлгөндө, бирин алган. Бир кызын Абдурахман ибни Аауб алган. Мухаммед Уммуйя тукумунан Суулаба (? Умайянын тукумунда мындай ысым эскерилбейт – Т.Э.) деген бай адам бар, ошону зекет бер десе бербей койгон, кийин байкот кылып, чыгарып зекет берейин десе да албай койгон Мухаммед. Экинчи Осмон менен туушкан Марван Кары[3] деген жаш жигит бар. Осмон Мухаммед өлгөндөн кийин куранды чогулткан адам. Ошон үчүн Осмон ибни Аппанды жамнил кураан дешет. Ислам тарыхында Осмон (? Усман ибн Аффан) Амуру ибни Ас Суупуян (? Абу Суфьян, бул киши жөнүндө «Ушакчы» («Жала жабуучу») деген сүрөө жазылган деп айтылат) Марван (? Марван I) Абу Жахыл[4] Сулаба Маавыя ибни Абусубуян (Муавия ибн Абу Суфьян – араларында үтүрлөр жок?) – ушулар баары Уммуянын тукуму жана Халид ибни Валид[5] кулу, Валиддин баласы. Мухаммед, Аппас, Алы дагы башкалары бар, булар Ашымдын тукуму. Тарыхта банни Ашими, банни Уммуйя деп, экиге бөлүнөт. Мухаммед Марван карыны жактырбай высылке кылган, Мединадан, 40 таш жерге. Ар ташы 8 чакырым болот экен. Эсеп кылганда 240 чакырым жерге койгон. Мухаммед: «бул чоң бузук адам болот, эгер муну аралаштырсаңар банни Ашыми менен банни Уммуйяны эки[ге] бөлөт» деген экен, баягы 10 сүйүклү жолдошуна. Марванды кары дегени, Мухаммедке куран 10 жыл Мекеде турганда, 13 жыл Медийнада турганда 23 жылдын падалында (?) кудайдан Жебрейил аркылуу Мухаммед пайгамбарга келген сөз дешет исламилер. Мухаммед өлгөндө куран ооздо калган сөз экен. Мухаммед өзү аялы Айышага жашынан тарбия кылып Аннас ибни Малакка, Осмонго, Зубайыр ибни Абамга, көпчүлүгүн өзү ушуларга дайындаган экен, китеп кылып жазгыла деп. Мулла адам экен ошол, ошол Мухаммед дайындаган үчүн Осмон чогулткан. Ал Марван куранды түгөл жатка билчү, ошол Мухаммед[дин] доорунда. Ошол үчүн Марван кары атанган. Куранды жат билген адамды кары дээрин өзүңөр билесиңер.

Ал Мухаммед ошол 10 кишисин чакырып алып, айткан дейт. «Өкүмөттү ушул 10уңардын кеңешиңер менен башкаргыла, кай жерден элди алсаңар ошол жерге ислам динин үйрөтө турган адамды кошо дайындап алгыла жана алган жериңерге огаз кылып, жатка айта турган адам тарбия кылгыла. Мына мен алдын [ала] бир топ адамдарды дайын кылып койдум го. Силер ошону көбөйткүлө!» деген экен Мухаммед пайгамбар жана «мен өлгөндөн кийин мен[ин] ордумду, халийфалыкты талашпагыла. Мүмкүн болсо Абубакрды

---

[1] Ибрахим

[2] Мухаммед пайгамбар Кадичадан 1) аль-Касим (уул), 2) Рукайа, 3) Зайнаб, 4) Умм Кульсум, 5) Фатима (кыздар), 6) Абдаллах, 7) ат-Тахир деген уулдарды көргөн. Рукайа менен Кульсумду Абд аль-Узздун (Мухаммеддин атасы – Абдаллахтын агасы) балдарына, Зайнабды Абд Шамсдын тукумуна берген. Абд аль Узздун өзү Абд Шамс тукумунан Абу Суфиан дегендин карындашын алган. Абу Суфиандын чоң атасы Омейя (Умуйя) болгон. Ошондуктан анын тукуму омеяддар деп аталып калган (кара: *Панова В. П., Вахтин Ю. Б.* Аталган эмгек. С. 97– 99).

[3] Умайянын уулу Абдул Астан Аффан, Хакам, Усайд деген үч уул. Аффандан Усман (Осмон). Хакамдан Марван. Усман ибн Аффандын халиф болгондо Марван анын катчысы болуп кызмат кылып, 684-ж. Дамаскде халиф болуп шайланган.

[4] Абу Жахл (ар. аль-жахилия – наадандык, маданиятсыздык, чын аты Абуль Хакам), Махзум кланынын башчысы, Мухаммед пайгамбардын душманы.

[5] Халид ибн Валид – Мухаммеддин душманы аль-Валид-аль-Мугиранын уулу, Амр ибн аль-Ас менен бирге 629-ж. ислам динине кирген.

халыйпа кылгыла!» деп кандидаттыгын көрсөтүп кеткен. Ал жанагы ислам жолун үйрөтүүчүлөрдү эшен наам койгон. Жанагы Мухаммедди, кудайды ээрчиген адамдын бейиши, аны ээрчибеген адам тозоку болорун, өлгөн адам тирилерин, арасат майдан (?) болуп сураларын, ошондо Мухаммедди ээрчиген адам күнөкөр болсо да кудайдан сурап аларын, кулду (?) пайгамбардын ичинде кудай Мухаммедди жакшы көрөрүн, Мухаммедди кудай асманга, андан алып барып, Кав Кавсалын (?)[1] деген жерге алып барып, бир түндүн ичинде конок кылып, 5 парс[ты] ошондо кудайдан белек кылып ала келгенин, ал мейманчылыкты мераж[2] атаганын, кайта келсе төшөгү жылуу жатканын жана ошол 5 парсты кылса кудай, Мухаммед пайгамбар жакшы көрөрүн, эгер кылбай койсо жаман көрөрүн, билип, айта турган кишилерин Мадаах койгон. Ал сөздү кутпа[3] дейт. Ал 5 парс кайсы 1) Кудай бир, андан башка кудай жок. Мухаммед пайгамбар ошол кудайдын жиберген элчиси, адам баласын кудай тааныта турган. 2) 5 маал намаз. 3). 12 айда бир ай орозо кармаш. 4) 40 дилдеге дүнүйөң жетсе зекет бериш. 5) 3 миң сомго күчү жетсе Мекеге барыш. Мына Мухаммеддин кудайга барып, мейман болгондогу адам баласы[нын] пендесине алып келген озуйпасы, балким исламилер сыйлыгы дейт. Ал Мухаммед кийин 10 адам ичинен Абубакрды халыйпа коет. Абубакр 3 жыл халыйпа болот. 16ынчы жылы өлөт. Абубакрдын доорунда Муслый Матыл Казап деген жана Абдурахман (?)[4]деген адам пайгамбарлык дааба кылат. Арабстандан аны Абубакр өлтүрүп, жок кылат. Абубакр да Амуру ибни Асты аскер башы кылат. Жанагы 10 адамдын ичинен Осмон ибни Абаан, Аалы ибни Абуталыптан башкасы 8 адам курайыштан банни Ашым, банни Уммуйя тукумуна аталаш туугандары болот, Абубакр, ал дагы Сулабадан зекет берсе албай койгон. Марван карыны Абубакр да 40 таш жерге нары жылдырып койгон жана Мухаммед чыгып, кутба айтчу жерден Абубакр бир кадам төмөн түшүп айткан экен. Ал андан кийин 17инчи жылы Уммар ибни Кытапа (? Хаттаб) халыйпа болгон. Баягы 9 адамдын чогулушу менен Уммар халыйпа болгондо Арабистандан башка жерди алган эмес. Уммар аскер тартибин абдан оңдогон дейт. Аскер башы кылып Азирет Али ибни Абуталипти койгон дейт. Ал Али ибни Абуталип өзүнөн кийин 4 команда койгон дейт. Амуру ибни Асты Мисир, балким Египит, Африка жакты каратууга аскер башы кылган. Мавыйя ибни Абусубуянды[5] аскер башы кылып – түндүк жагы Арабистандын Сурия, Паластина, Шаам, Руум бетине, ошол Орто деңиз жакты каратып алууга Маавыяны койгон дейт. Ирак, Ажам, Арабистандын чыгыш жагын каратып алууга Саад ибни Окасты

[1] Балким Мухаммед пайгамбардын Иерусалимдеги Масджид аль-Акса (аль-Акса мечити – мусулмандар үчүн эң ыйык мечиттердин үчүнчүсү) барган түнкү саякатын (аль-Исра) айтып жатат.

[2] Аль-исра ва-ль-мирадж.

[3] Хутба – беш маал намаздын алдында эл башыга (государь) арналган дуба (История ат-Табари. 377-б.).

[4] Балким Аравиядан чыккан жалган пайгамбарларды айтып жатат. Мусайлима (622–633) Йамамдан чыккан жалган пайгамбар. Мындан башка Тулайха, Саджах дегендер болгон. Экинчиси биринчи халиф Абу Бакр уулу Абдур-Рахман ибн Абу Бакр болушу мүмкүн. Анткени ал исламды баарынан кеч кабыл алып, ага чейин мусулмандарга каршы согушуп келген.

[5] Муавийа бани (ибн) Абу Суфйан – Абу Суфйандын уулу, Меке мусулмандардын колуна өткөндө атасы менен бирге ислам динине кирип, Мухаммед пайгамбардын катчысы болуп кызмат кылган. Сирияны чума каптап, ал жердин наместниги Абу Убайда ибн аль-Жаррах, аскер башы Йезид ибн Абу Суфйан каза болгондо, халиф Умар тарабынан Сириянын наместниги болуп дайындалган. Омеяддардын тукумунан чыккан 1-халиф (661–680). Мусулман тарыхында 1-жолу уулу Йезидди мураскор (халиф) кылып дайындоого жетишкен.

(? Саад ибн Абу Ваккас) койгон дейт. Иран, Ооган, Индустан, Туркистан[1], ана[н] тоолуу жагын каратып алууга Халид ибни Олидди (? Валидди) койгон дейт. Уммар, Алы төртөөнүн үстүнөн караган Алы клавни комон дубауше (? главный командующий) болгон дейт. Аяр башы Баба Уммар болот. Мына ушинтип Уммар халыйпалыгында Ирандан анча-мынча жер, Ооган, ана тоолуу Түркистан, мындан башка жерди каратып алган. Орто деңиз жагын, Африка жагын, Ирандын көп жерин, Ирак, Ажамды (?) бүт каратып алган, Азирет Алынын даражасынын көтөрүлмөгүнүн доору ушул убак. Алынын Зулпукор деген кылычы бар экен. Бир шилтегенде эки жүз миң кишинин башын кесчү экен. Дулдул[2] бир айлык жолду бир күндө басчу деп, жана чапса кылыч өтпөйт, атса ок өтпөйт жана пир-шахымардан деп атаган фантазиялык доору ушул, ашыра мактаган Алынын.

Ал Уммар ибни ашым, ибни Уммуйя тукумунун бирине-бири куну каршылыгынын себебин ибни Уммуйялар иштен түртүп, Уммарды Абу Лулу деген кулу өлтүргөн. Уммарды өлтүргөнү эч ишке ашпай эле, ордуна Осмон халыйпа болгон. Уммарда Марван карыны андан нары 40 таш жерге жылдырып койгон экен жана Сулабадан байкот кылып зекет албай койгон экен жана кутпаны Уммар да Абубакрден бир кадам төмөн түшүп окуган экен. Арап халыйпаларынан Уммардан элди-жерди көп караткан адам болгон эмес. Ошол караган жерди бат эле ислам динине кийрип алган. Алган жерине-элине жанагы жолун үйрөтүүчү эшендерди жакутпа айтуучу мадахларды (?) жана султан, амир сайып, газы куруш деген согуш амалдарын жана эшен, кожо, шайых, захид, авлия, дубана, каландар, ыймам, дервиш деген дини амалдарын жана мир магзум, хаким, алим, мусандиб, улама, муддарис деген илими амалларыкты (? даражалар) кошо ала кирген экен жана илим, арап тили, арап албуту (? алфавити) маданиятын, адабиятын, тарыхын, кай жерди, элди алса, ошол жерге, элге жогорку айтылмыш иштерди ала кирген арап ханыйпалыгы, дини исламилер жана кээ бир эл өзүнүн түпкү тарыхын биле албаса арап эшендери, кожолору, «сенин түбүң арап» деп, элдин колуна шежире кылып жазып бере салчу экен. Анын далили – арап тарыхчылары, эшендер, кожолору атабызды кыргызбай кылып, кырк кыздан туудуруп, ал кырк кызды Шаа Мансур деп, авлиянын (? олуянын) көбүгүнөн бина кылып, андан өзү арап Мухаммеддин сабаасы Уккашадан таратып, ошонун тукуму кылат. Ошону менен биз кыргыз таза гана арап болобуз жана бизди бир себеп менен кадимки Ырак (Ирак ?) жеринен көчүртүп алып келип, Хожент, Чаңдалаш, Чаткал, Кокон тоолоруна тургузуп, Ак уул, Куу уулду туугузуп, кыргыз эли кылат. Мына арап тарыхы, дини исламдын кылган иштери. Мээси бар адам кайран кала турган иш. Фантазия. Биздин тилди, кыяматты, эски адабиятыбызды кайдан алдык? Буларды, муну араптар, эшендер, арап тарыхчылары кайдан алып келип берди? Таң каласың. Билген адамга ал укмуш эмеспи.

Эми Шаа Мансурдун жайын жазып кетүүнү макул көрдүм. Арап халыйпасы Аппастын тукуму, Абдулла Сабанын уулу Жаапар Мансур даваныкы (?) халыйпанын заманында Аппаси халыйпалары Багдатта болгон. Баары тең ошол Багдат шаарында Шаа Мансур[3] деген авлия өткөн киши. Ошол Шаа Мансур бир амирдин кызына ашык болуптур. Ал кыздын аты Анал экен. Шаа Мансур баягы ашык кызын ырдап, көчөдө «Анал да хак, мен да хак» деп ырдап жүрө бериптир. Аны уламалар угуп, Жапар Мансур даваныга барып, «мен да кудай, Анал да кудай» деп айтты деп, чыкырттырган экен Жаапар Мансур даваныкы[на]. Шаа Мансурду алып [келип] сураса, баягы «Анал да хак, мен да хак» деген ырын айта берген имиш. Ошол себептүү «өзүм да кудай, Анал да кудай» деген сөз деп, дарга тартууга өкүм кылыптыр. Алиги дале баягы «Анал да хак, мен

---

[1] Басранын наместниги Абдуллах ибн Амирдин ишмердүүлүгү менен 650–52-жылдары халифаттын чеги чыгышка карай Дербент, андан Окс (Аму-Дарыя), чыгышынан Гиндукуштан Индия менен чектешип калган.

[2] Зулпукор менен Дулдул уламыштарда гана айтылып, жазма маалыматта эскерилбейт.

[3] Балким аббасид Абдаллах ибн Аббастын чөбөрөсү Багдад шаарын негиздеген аль-Мансурду айтып жатат. 775–785-ж. халиф болгон.

да хак» деп айта бериптир дейт. Ошон үчүн Жапар Мансур даваныкы [Шаа Мансурдун] өлүгүн өрттөтүп жибериптир. Өрттөсө күлү деле баягы «Анал да хак, мен да хак» дей бериптир. Ошонун күлүн аккан сууга салдырып жибериптир. Баягы сууда деле «Анал да хак, мен да хак» деп, агып жүрө бериптир. Көбүк [болуп] агып келип отуруп, бир падышанын кызынын сарайына агып келип бир хавузга (?) токтоптур. Ошол жер деле «Анал да хак, мен да хак» деп, айта бериптир. Аны кыздар угуп, падышанын кызына айтышыптыр. Падышанын кызы келип, караса хавузда эчтеме жок. Көбүктөнүп жаткан гана көбүк бар. Андан башка эчтеме жок. Жолдошу 40 кыз экен, баягы жолдошторуна айтат, «ой тобо ой, мына бу көбүк таттуу экен» дейт. Кыздардын баары жалайт. Баягы «Анал да хак, мен да хак» [деген] сөз токтолот. «Мына ушул 40 кыз бооз болуп, ушундан кыргыз болот» деп, арап тарыхчылары, эшендери караңгы кыргыздын башын оорутуп, «сен Мухаммед пайгамбардын сабасы, Укашанын тукуму, Шаа Мансурдун тукумусуң» деп, башын оорутуп жүргөнү ошол. Казыр да кыргыздын эски, бирдеме биле турган чалдары жана эскиден калган молдолору дале «Укашанын, Шаа Мансурдун, 40 кыздан бина болгонбуз» деп, оттоп жүргөнү дале бардыр.

Эми, жана казак[тар дагы] Анас ибни Малактын (?) тукумубуз дейт. Анас ибни Малактын жайын мен жогорку беттерде жаздым, а казак ичинде жүргөн төрөлөр «Абубакрдин Бодоно тай, Борболтай деген уулунун тукумубуз» дейт. Илгерки Куту Куну башкарган Тарак д[еген] бийдин уулу эркек Совогой (?) Оторкандын Разыдан туулган Сыңлак кызды Соовогой алганы (?) жогору жакта жазылган эле жана дин бийи болгон[у] айтылган эле жана Бодонотай-Борболтай деген арапта ат, ысым болбойт эмеспи. Ногой, өзүбек – баары Азырет Алынын башка – Мухаммеддин чоң жолдошторунун – ошонун тукуму болуп алышат. Мына кызык, бул жердеги ошол убакта жашап жүргөн элдин тукуму кайда кетти? Жер жуттубу? Ким жутту? Эч ким жуткан жок. Ислам дини, арап адабияты, арап тарыхчылары, эшендери жутту. Мына ушул сөздү да коштум.

Сааба[1] деген сөз Мухаммед пайгамбардын өз аскерин жана жолдошторун айтат. Ал Осмон халыйпа болот 11 жыл саанага 37инчи жыл. Осмонго да Азрет Алы аскер башы болот. Осмон Мухаммед пайгамбардын мурунку өз ордуна барып, кутпа айтат жана сулабадан зекет алат жана Марванды алып келип, өзүнө секретарь кылат. Араң жүргөн Уммардын жанындагы адамдар жан[а] ибни Ашимилар козголоң чыгарат. Абубакрдин уулу муну иштен (иштеген ?) акылгөйү Алы ибни Абуталып дешет. Ошентип, Осмонду жоопко келтирет. Баягы айтылган Мухаммеддин чоң саабалары да кошулат. Козголоң чыгаруучулар айтат, «Мухаммеддин ордуна барып хутпа айттың, Абубакр, Уммар айткан жок [эле]» дешет. Экинчи[ден], Сулабадан Мухаммед зекет алган жок эле. Андан Осмон зекет алды. Үчүнчү[дөн], Марванды Мухаммед высылка кылган эле. Ага [кошулуп] Абубакр, Уммар – экөө тең 40 таштан нары жылдырдың дешет козголоңчулар. Ага Осмон ркавзага (?) келип – раавза Мухаммед пайгамбардын бейити – ошонун жанына мунарга чыгып, козголоңчуларга жооп берет экен. Осмон, «мен Мухаммед пайгамбардын ордуна барып хутпа айттым. Абубакр бир кадам төмөн түшүп айтты. Уммар андан бир кадам төмөн түшүп айтты». Анын жообу «бир кадамдан улам болгон халыйпалар төмөн түшүп айта берсе, жерге түшүп кетпейби?» деген. «Мындан кийинки халыйпалар ушу мен турган орунда айта берет» дейт. Осмон жана «Сулабадан зекет алдым. Аскер ачарчылыктын себебинен ач болду. Ошон үчүн дин исламды кайтарып турган аскерге алып бердим» дейт. Үчүнчү[дөн], «Марван тууганым» деп, мунарадан түшүп кеткен. Азрет Алы, баягы чоң саабалар ортого түшүп, козголоңчуларды токтотуп, Осмон менен сүйлөшүп, «Абубакрдин уулу Мухаммедди Мисирге, Египетке – Амуру ибни Асетты ордуна калтырып, Мухаммед ибни Абубакрды жиберсең басылат» дейт, Осмонго Алы. Чоң сахабаларга Осмон макул деп, Мухаммедди Мисирге, Египетке жиберет. Амуру ибни Асст орундан (ордунда ?) калтырып, бир адам жиберет, баягы түшүргөн кагазды берип, Осмон «Амуру ибни Асетт Медийнага кайтсын» деп. Мухаммед ибни Абубакр Осмондон

---

[1] Сахаб.

приказды алып, Египитти көздөй жөнөйт. Египитке кирип барган жерде баягы киши жолугат. «Бул киши Осмон жиберем деген кишиден башка» [дейт]. Баягы кишини кармап алып караса, жанындагы кагазын[да] Осмондун мөөрү басылган. Амуру ибни Асска Мухаммедди барар менен өлтүр деген кагаз. Ошону менен Египитке барбай, Мухаммед кайта кайтат. Кайта келип, «мына Осмондун кагазы» деп, Медийнага Мухаммед ээрчиген жолдоштору менен чоң чатак чыгарган. Эл караса Осмондун мөөрү бар, чатак чоңоюп, Осмон, мен муну берген эмесмин дейт. Андай болсо Марванды бер, биз чоң жазалайбыз дейт. Марван Осмондун жиберген кишисин бекитип коюп, Осмондун мөөрүн уурдап, басып, жиберген дейт. Осмон Марванды берсин деп айткан сөзгө жооп бербей койгон дейт. Ошого бани Ашымилер кошулуп, Уммарчылар, Абубакрчилер жана көпчүлүк эл кошулуп, Осмонду камаган дейт. Ага Азирет Алы эч кимисине кошулбай, үйүндө жатып алган дейт. Азирет Алы көп катын алган адам экен, 18 уулу бар экен. Осмондун эшигин кайтарган адамдарга кошулуп, кайтарып турган дейт, Азрет Алынын 18 баласы. Көпчүлүк Осмонду тушунан тамды бузуп киришип, Осмонду куран окуп отурган жеринде өлтүргөн дейт. Куран кан болуп калган дейт. Ал куран али деле, ошол жакы музейде дале бар дешет. Марван качып кеткен дейт, Маавыя ибни Абусубыянга. Мавыя Шаамда туруучу экен[1], ошол жакы өзүнө караткан элге башчы болуп. Ошентип Осмон өлтүрүлгөн экен. Ордуна эч чатагы жок Алы ибни Абуталып халыйпа болгон экен дейт. Алы ибни Абуталыпка Мавыя ибни Абусупян Осмондун кунун кууп, Медийнага өзүнө караштуу жерден көп аскер алып келет. Ага Амуру ибни Асет да – Египит, Афрыка жакты башкарып турчу – ал да аскер алып Медийнага келет. Мавыянын башкарган жагы Сурия, Палестина, Орто деңиз жагы экен, өзүнүн турган шаары Шам экен. Мавыя келип, чатак кылып, «Осмонду өлтүрүүчүлөрдү кармап бер, жазалаймын» дейт. Ага Медийнадагы чоң-чоң саабалар эки бөлүнөт. Зыяд ибни Саайыд «өлтүрүүчүлөрдү кармап берүү керек, жазалоо керек» дейт. Ага Азрет Алы болбойт. Кармала турган адамдар эң башы Абубакрдин уулу Мухаммед жана бани Ашымилерден да бар жана уммарчылар да бар. Иши кылып, мына [ошол] Осмондун өлүмүн себеп кылып жана Уммардын өлгөнүн да ишке ашпай калган болчу (?). Муну Марвандан көрүүчү. Марванды Осмон кошпогон деп (?), ушул сөздү чыгарып, «элден мурун жазалансын. Ушул эки халыйпанын өлүмүнө да Марван себепкер» деп, «Марван кармалсын» деп, «Мухаммед пайгамбар айткан» деп, «Марван аралашса бузат» деп, ошону үчүн Мухаммед кырсивер (? кыйсыпыр) кылган жана Абубакр, Уммар да кырсивер кылган деп, Алы өзү баш болуп бул сөзгө чыккан. Мавыя баш болуп, «Осмонду өлтүрүүчүлөрдү кармап бербесеңер болбоймун» деп бул сөзгө чыккан. Ошентип, бани Ашым, бани Уммуя деген эки партияга бөлүнгөн. Мухаммеддин 10 кишисинен тирүү калганы Алы, Саад ибни Окас, Зыяд ибни Саасыд. Ушинтип эки бөлүнүп, бир жагы Мавыя, Зыяд, Амуру ибни Асс – бани Умуйя деген партия болуп атанган. Бир жагы Азирет Алы, Саад ибни Бокас, Халид ибни Волид – бани Ашымилар деген партия[2] атанган. Ушинтип Ами (? Али) Мавия баш болуп 8 жолу согушкан. Мына бул согушту арап тарыхында Анин согушу[3] деп аталат. Экөөнүн ортосунан далай адам өлөт. Арты[нда] эки жагы сүйлөшүп, ортого адам түшүп, бири-бирин жеңе албай, бүтүмгө келишет. Азрет Алы Медина, Меке – Арапстандын көп жерин, Ырак, Ажам, Иран – ушул жакка баш болуп; Мисир, Египит, Африка, Сурия, Палистина, Орто деңиз жагы Мавыяга – ушул жакка баш болсун деп жана халипа наамы Азрет Алыга берилсин деп жана Мавыянын кызы Асмани [Алинин] уулу Хасан алсын деп бүтүм

[1] Сириянын наместниги катары Дамаскде турган.

[2] Арабча «аш-шийя» («партия», «топ» орусча «шиит») – башкача айтканда Мухаммед пайгамбар өлгөндөн кийин Алини колдоп чыккандар (аль-Аббас, Салман аль-Фариси, Билал аль-Хабаши, Халид ибн Саийд ж.б.). Бирок булар адегенде диндик көз караШта эмес, пайгамбардын мураскорун тандоодо бөлүнө башташкан. Акырындап мураскорлорду таанууда жана диний көз караш жагынан сүннөттөрдөн алыстап кетишкен.

[3] Балким 657-ж. Сиффин согушу (азыркы Сириянын Ракки ш. жакын) айтылып жатат.

кылышат[1]. Кылган адамдар Алы жагынан Саад ибни Бокас, Халид ибни Волид, Ырак жактан бир адам – атын унутуп калыпмын – Мавыя жактан Амуру ибни Асс, Зыяд ибни Саад деген жана бир киши Египиттен – мунун аты да эсимде жок – ушуну менен тынык болот.

Мавыя менен Алынын кармашынын себебинен, экөөнүн ортосунан, бул экөө халыйпалык талашып кыргын чыгарды деп чыккан партия болгон – Хаварыж партиясы. Арап тарыхында Хаварыж[2] деген сөз – ошо Алы согуштан тынчыгандан кийин Ырак, Еран жакты түгөл ислам динине кир[гиз]ген жана Уммар заманында Алы согуш министри болуп турганда Коофа (Куфа) шаарын салдырган. Алынын Хасан, Хусайын менен 18 уулу бар, Мухаммед пайгамбардын кызы Фатимадан Хасан, Хусайын деген эки уул бар. Мухаммеддин жээни болгон себептүү булар абдан кадырлуу экен жана Алы [өзүнө] каратып алган элден жакшы кыздардан көп алган. Ошол алган аялдарына 16 бала болгон. Ошол кыздардын ичинен Дарыйка деген аялынан Мухаммед Анапия[3] деген уул туулган. Бул киши атасы Алынын согушка усталыгын толук үйрөнгөн киши жана ошол 16 уулунун көбүн кошуп жана бани Ашымилардын согушка уста командыларын жана Абубакрдин, Уммардын балдарын, жакындарын кошуп, Абубакрдин уулу Мухаммедди Ыракка, Ажанга баш кылып жиберген. Өзүнүн уулу Мухаммед Анапияны баш кылып Еранга жиберген. Ерандын калганын, Ооган, Кавказ, Антоли, Түркстан, Каспи, ногой мамлекетин каратууга өзү үйрөткөн. Согушка махр (маш ?), уста, адис аскерлерин жана илим окутуучу алимдер жана аярлар, дин үйрөтүүчү эшендер жана Мухаммеддин пайгамбарчылыгын мактай турган огаз (?), хутпа айта турган маадахрлар (? муджахир) абдан каниги болгон адамдарды жиберген. Алы санайы хажариянын 45инчи жылдары эки Мухаммед баш болуп атанып чыккан. Мухаммед Анапиянын турактуу турган шаары Хырасан (? Хорасан). Берки Мухаммед Багдат шаарында турган. Мухаммед ибни Абубакр Индустан тарабын колуна алган. Мухаммед Анабия ибни Алы Еранды бүт, Оган, Кордустан (? Курдистан), салжуку, туруклерин – казыркы Туркия турган Пурусадан (?) берки жерлерин, Карадеңиздин бир четин, Кавказ, Каспи деңизи, Сарайчук – ногой кандары турган жерлер. Турукмен, Үргөнч, Бухара, Каспи кышлагы – ушуларды алып, Самарканды алууга Мухаммед пайгамбардын атасы менен туушкан Аппастын уулу Кусан ибни Аппасты жиберген. Кусан ибни Аппас келип Самарканды алган[4]. Белеке кан келип

---

[1] Айтылып жаткан окуялар негизинен туура. Бирок, бул жерде Асма бинт Анис деген Абу Бакрдын аялы жана анын кызы Асма (аны Зубайр ибн аль-Аввам алган) менен чаташтырылып калган окшойт. Чатактар Алинин Осмонду өлтүрүүгө катышы бар бакма баласы Мухаммед ибн Абу Бакрды кармоодон баш тартуусуна байланыштуу башталат. Бул убакта Муавия Сирияда күчтүү армия түзүүгө жетишкен. Кеңешчиси Амр ибн аль-Ас болгон. Анын кеңеши менен ушул беттешүүдө Али менен Муавия экөө чырды бейтарап сот аркылуу чечүүнү бүтүм кылышат. Анткени Али бул учурда толук кандуу халиф, ал эми Муавия наместник гана болгон (**137-түшүндүрмөнү караңыз**). Ошондуктан халифат экиге бөлүнмөк эмес. (толугураак карасаңыз: *фон Грюнебаум Г. Э.* Классический ислам. М., 1988; *Массэ А.* Ислам. Очерк истории, М., 1963; ж.б.).

[2] Хариджиттер – ар. «бөлүнгөндөр», Алиден баш тарткандарды ушинтип аташкан.

[3] Мухаммед ибн аль-Ханафия – бирок, анын ролу өтө жогоруланып калган.

[4] Аббасиддердин генеологиясы боюнча Аббастан Абдаллах ибн Аббас, андан Али, андан Мухаммад, андан Ибрахим, ас-Саффах (Абу-ль-Аббас 750–54-ж. халиф), аль-Мансур (754–75-ж. халиф) деген үч уул, аль-Мансурдун уулу аль-Махди 775–85-ж. халиф болгон. Бирок Са'ид ибн Осмондун тушунда Самаркандды курчоого алган жеринен Кусам ибн ал-Аббас ибн Абд-ал-Мутталибдин (б. а. Мухаммед пайгамбардын аталаш тууганы) өлтүрүлгөнү тууралуу маалымат бир гана Ахмад ал-Балазуринин эмгегинде кезигет (кара: Ахмад ал-Балазури, Книга завоевания стран. //МИТТ, Т. I. VII-XV вв. Арабские и персидские источники. М.-Л., 1939. С. 72). Башкача айтканда келтирилген фактылар бул окуяны кыргыз санжырачылары өз оюнан чыгарбагандыгын далилдейт. С. Закировдун

урушуп, жеңилип кайткан[1]. Самарканды алып, Кусан ибни Аппас Фергана жакты жалаң огаз менен бир четин коркутуп, эшендерди, мадахыларды жиберип, бат эле өзүнө каратап, ислам динине кийрип алган.

Жана биздин кыргыз-казактын арасында сөз бар эмеспи, сарттарды тамаша айтуучу эмес беле «Сарт, сен Азрет Алынын кылычынан коркуп мусулман болгонсуң» деп. Ошентип, Отор кандыгына караган Фергана жана Үргөнч кандыгы жана Сарайчук кандыгы, Самаркан, Бухара – булардын баары көп уруша албай эле, бат эле огаз менен, домбуту (?) менен карай бериптир жана ошол убакта араптар согуштун жаңы, башка түрүн тапкан заманына жараша. Ошол убактагы эң махр (? машкүр) уста калкы болгон экен. Ээрчиткен аскеринин көбү еранилер экен жана кай жерди алса, ошол жердеги элди кудай үчүн, Мухаммед үчүн урушсаң сен бейиши болосуң деп, өлсөң шейит, өлбөсөң казы болосуң деп, Казат-казат деп ураан чыгарып, көп убара болбой эле каратып алган жана согушка жогорку сөз менен өзү умтулуп бара турган кылып койгон. Үргөнчтү талашып 19 уруулуу коңурат бир даар урушкан. Жеңилип, бир азырагы Отор жакка, Белеке канга качып келген, коңураттын көбү калган[2]. Еранилер Үргөнчтү бузуп таштаган, мурунку калаасын. Азыр да эски орду бар дешчү эски чалдар. Араптар Үргөнчтүн ордуна – Аму дарыянын жогорку жээгине – Харазым (Хорезм) шаарын салган. Азербайжан, Салжуку (? Селжук), туруклеринен, Каспи деңизи, турукмен, Харазымга чейин бир мамлекет ачкан, Харазым султандары деп. Харазымдан бери, чыгыш жагы; Ысар, Көлөп, Бухара,

---

эмгегинде толугураак берилген (кара: Закиров С. Кыргыз санжырасы, Б., 1996. 75-б.; Ионина Н. 100 великих некрополей. М., 2004. С. 73. http://lib.rus.ec/b/144743/read). Ат-Табариге гана таянган В. Бартольд Балазури келтирген мындай маалыматка ишенбөөчүлүк менен мамиле кылган (кара: Бартольд В. В. Работы по отдельным проблемам истории Средней Азии. /Собр. Соч., Т. II. Ч. 2. М., 1964. С. 382). Самаркандды (Аму-Дарыянын чыгышын) жана Ферганаhistóны Кутейба 705, 712–713-ж. караткан.

[1] Бедер тархан менен 724–728, 735-ж. Хорасандын наместниги Асад ибн Абдаллах Абу Мунзир бир нече жолу салгылашып, акыры Бедер тархандын өлгөнү тууралуу ат-Табаринин тарыхында айтылат (кара: Аталган эмгек. 253 – 258-б.).

[2] В. Радлов «конграт» урууларын казактардын Улуу жана Орто жүздөрүнөн тышкары кыргыздын оң канатына караштуу «бугу, сары-багыш» (тагай), «адигене» ичинен кезиктирип, бирок аларды казактардан бөтөн түрк тилдүү эл экенин, кыргыздарга кийин келип кошулуп калган деп белгилеген (кара: Радлов В. В. Кара-киргизы. Оригинальный вариант: //Из Сибири. Страницы дневника. М., 1989. С. 111, 112, 107]. Рашид ад-Динге таянган С. Абрамзон «моңголдордон тараган кыргыздардын этникалык тобу» деп түшүнгөн (кара: Абрамзон С. М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. Ф., 1990. С. 58). Жогорудагы 18-түшүндүрмөнү карасаңыз болот. Жыйынтыктап айтканда Балыкооз дагы Б. Юнусалиев белгилегендей коңураттардын бир бөлүгү бир кезде оң канат уруулары менен бирге Алтай тарапка жылып кетишкенин айтып жатат. Каракалпак элинин келип чыгышына тиешелүү жазма маалыматтарды изилдөөгө алган окумуштуулар дагы (Жданко Т. А. Очерки исторической этнографии каракалпаков. //Труды Института этнографии (ТИЭ). М., 1950. Т. IX. С. 121; Аманжолов А. С. Вопросы диалектологии и истории казахского языка. А.-А., 1959. С. 16; Кармышева Б. Х. Очерки этнической истории южных районов Таджикистана и Узбекистана. М., 1976. С._211) коңураттарды жергиликтүү түрк элинен тараган деген тыянакка келишкен. Аттын түсүнө тиешелүү слово «конур» («коңур», «коҥыр», «хонгир») деген сөз башка тилге так которулбайт. Мисалы, «конур» орус тилине «тёмно-бурый» («кара күрөң») же «тёмно-серый» («кара сур [боз]») (Қазақша-орысша сөздік. А., 2002. С. 526; Словарь алтайскаго и аладагскаго наречий тюркскаго языка. 1884. С. 142], «смуглый» («кара күрөң»), «каштан түстүү»; М. Кашгариде «кунур» – «жээрде» (рыжей масти) Диван Лугат ат-Турк Махмуда ал-Кашгари. А., 2005. С. 1010; толукураак карасаңыз: Турганбаев Э. Еще раз к проблемам этногенеза древних огузов (на примере кыргызов и казахов). Б., 2014.

Самаркан, Фергана – буларды Мааварун Нахар[1] атаган. Мунун султандыгы Бухарада турган. Ногой кандарын, Сарайчук султандары, амир султандар көп болгон. Кийинчерек Сарайчукка чоң илимий медресе ачкан, мектеп. Араптар Бухараны абдан чоңойткон. Бухарайи Шариф койгон. Бухаранын жанында, Каспи деңизинде кыштак бар. Бани Ашымылардын көбү, аны ээрчигендер кожолор аталып, ошол Каспи турган кышлагында жана Бухарада ошол шайырчылардын айтканы бар, «Бухарайи Каспи дини Марказы Самаркан руухы замин сайкали (?)» деп Бухараны. Ерандан берки шаарлардын эң артык, азиз шаары деп атаган, шариф наамын берген. Ислаилардын тарыхында, дини илиминде, диний китептерде 7 шариф бар дешет. 1?) Меке шариф. 2?) Медийна шариф. 3?) Куддус шариф. 4?) Шаам шариф. 5?) Мисир шариф. 6?) Багдат шариф. 7?) Бухараи шариф.

Мына, Азрет Алы халипа болуп турганда баштаган иштери. Азрет Алы да адамдан өлгөн. Жогоруда жазылган эле, Мавыя менен Алынын кармашкан себебинен хавариж деген партия чыккан деп. Ошо хавариждер 6 адамды өлтүргөн. Өкүмөттү колго алабыз деп 6 адамды өлтүрмөй болгон экен. Ал[ар] жашыруун жүрүшкөн, партия болуп жүрүшкөн. Алар өлтүрмөй [болгон] 6 адам[дар]: 1) Алы ибни Абуталып. 2) Саад ибни Бокас. 3) Халид ибни Валид бир тараптан. Экинчи тараптан: 4) Мавыя ибни Абу Субуян. 5) Зыяд ибни Саайд. 6) Амуру ибни Асс. Буларды өлтүрүүгө күйүкөт (?) кармашкан. Алыны өлтүрүү Кутама деген аялга чыккан күйүкөт. Алы 10 жыл Медийнада халыйпалык кылып, өлөөр жылы Копага көчүп келген. Алыны дайыма ибни Малжам[2] деген кулу карап турчу. Кутама ибни Малжамды азгырып, «сен өлтүр Алыны, мен сага тием» деп убада кылып, ибни Малжам Алыны намаз окуп отурган жерде кылыч менен чапкан дейт. Алы жарадар болуп калган дейт. Малжамды өлтүртпөй койгон, Кутаманы өлтүргөн. Алы өзү узабай, удаа эле өлгөн. Жарадар болгондон кийин так Медийнага алып баргыла деген Алы. Медийнага барып, ордуна баласы Хасанды халыйпа шайлаткан, өзү өлгөн. Хасан бир жыл халыйпа болуп турган. Берки 5 адамды күйүкөт чыккан адамдар – Мавыяны түнкүсүн, мечиттен намаз окуп чыгып келе жатканда өлтүрөм деп жаңылып, бөлөк кишини өлтүрүп кеткен. Берки 4 адам ошону менен өлтүрүлбөй калган дейт. Себеби, жашыруун партиясы билинип калган жана Хасан, Мавыя экөө аларды кырдыртып, дайынсыз кылып жиберген. Ал партиянын атын хаварыж койгон. Тарыхта хаварыждар деген сөз жана эл арасында сөз бар болчу, бир жаман кишисин хаварыж деп койчу. Хасандын алганы Мавыянын кызы. Алы менен Мавыя экөөнү бүтүрүштүргөндө Мавыянын кызын, Асма деген Алы баласы Хасанга алып бермей болгон деп жогоруда жазылган эле. Ошол Асма атасы Мавыянын тилин алып, Хасанга уу берип өлтүргөн[3]. Ошентип, халипалыкты Мавыя колуна алып, Мавыя халыйпа болгон. Баш такты Медийна болбой, Шам болгон. Мына [ушинтип] халыйпалык бани Уммуяга көчкөн. Хасанга чейин халыйпалыкты ислам тарыхында халыйпаи Рашидаин[4] дейт. Ал Мавыянын канча жыл халыйпа болгону тарыхта маалым эмес. Аз эле жыл болгон деп жазат[5]. Мавыянын халыйпалыгында Арапстанда тынч болгон. Мавыянын ордуна уулу Жазыд (Йезид) халыйпа болгон. Ал Жазиддин доорунда көбү чатак менен өткөн. Азирет Алынын уулу ымам Үсөйүн Жазид менен халыйпалык талашып, бир нече уруш болуп, жеңилген Үсөйүн. А түгүл Медийна шаарындагы чоң саабалардын тукуму Жазиддик болгон. Медийнадан ошолорго башчы болгон. Зыяддын уулу Абдулла ибни Зыяд, Уммар ибни Саад – ушулар Үсөйүнгө каршы болуп, Медийнадан жеңген. Ошентип, Үсөйүн Медийнадан көчкөн. Абдулла [ибни] Зыяд, Уммар [ибни] Саад – экөө кабар берген

---

[1] Мавераннахр.

[2] Абдур-Рахман ибн Мулжам, бирок ал кулу эмес, хариджит болгон.

[3] Пайгамбардын небереси (Али менен Фатиманын уулу) аль-Хасанды 45 жашында (669-ж) Муавия эмес, анын баласы Йезид ибн Муавиянын тукуруусу менен өз аялы Джада бинт аль-Ашас уу берип өлтүргөн.

[4] Хулафа ар-Рашидун – чыныгы болуп эсептелген алгачкы төрт халиф ушундай аталат.

[5] 127-түшүндүрмөнү караңыз.

Жазидке. Жазид буйрук берген, түгөл кармап келгиле деп. Уммар [ибни] Саад көтүнөн кууп, Карбаланын (Кербеланын) чөлүндө жеткен, иймам Үсөйүнгө. Үсөйүндү жүргүлө десе болбой койгон. Уммар [ибни] Саад аскер менен келген. «Кой, биз сени Медийнага алып барабыз. Халыпалыкты Жезидке бересиң, сен өзүң атаң Мухаммеддин ордуна иймам болосуң» деген. Ага Үсөйүн болгон эмес. Ошентип, уруш чыгып, Үсөйүнди өлтүрүп, өзү 72 жан экен, бөлөк тукум жок, баары бани Ашимилар экен[1]. Ишке жарагандын баары уруштан өлүп, калган катын-баланы асыр кылып Шамга алып барган, Жазиддин колуна. Жазиддин халыйпалын Садыр аазамы ошол Абдулла [ибни] Зыяд болгон (?)[2]. Аскер башчысы Уммар [ибни] Саад болгон. Тарыхта белгилүү Абдулла [ибни] Зыяд, Уммар [ибни] Саадды Ирандан баштап, Ырак, Кавказ, Хорезм, Маварын нахар, ногой элдери, ушулардын тарыхчылары эң артык жамандап жазышат. Себеби, Үсөйүндү өлтүрүп, бани Ашымиларды туткун кылган себептүү. Бирок, амуму (?) ислам тарыхы, арап тарыхы саямат талаш деп жазышат жана өсүп келаткан ислам дининин бир жийиркенич жери, өсүп келаткан арап мамлекетинин[е] бир чоң зыян тийген деп жазышат. Бул жакты каратып, ислам динине, арап мамлекетине Мухаммед Анапия ибни Алы жана Мухаммед ибни Абубакр экөө алган. Индустан, Ыракtan, Еран, Оган, Харазым түрклөрүнөн жана Анатолдон, Маварын нахардан аскер жыйып барып[*]....

---

[1] Пайгамбардын акыркы небереси Хусейн атасы Али тарабындагылардын чакырыгы боюнча Куфуга бара жаткан жеринен, Евфрат дарыясынын батыш жээгинде, Куфу шаарынан 80 км алыс түндүк-батышта, Кербела деген жерде өлтүрүлгөн. Анын жанында 32 атчан, 40 жөө жолдошу болуп, 680-ж. 10-октябрда аларды Саад ибн Абу Бакастын баласы Умар жетектеген 4 миң аскер курчап калган. Пайгамбардын канынан чыккан Хусейнди эч ким өлтүрө албай койгондо, киндит уруусунан чыккан Малик ибн ан-Нусайр деген кылычы менен чаап жиберип, ошону менен баары кырылган. Хусейн мусулман тарыхында «Сайид аш-шухада» («эң башкы азап тартуучу») болуп эсептелет. Сөөгү Кербелага коюлуп, ушундан баштап ал жер шийиттер үчүн эң ыйык жер болуп калган.

[2] Мүмкүн Зубайр ибн аль-Аввамдын уулу Абдуллах ибн Зубайрды айтып жатат. Мусулмандар Мединага көчкөндө (хиджра) ал жерде биринчи болуп туулган мусулман болгон. Энеси Абу Бакрдын кызы Асма. Ошондуктан адегенде Муавиянын уулу Йезидге каршы чыккан көтөрүлүшкө жетекчилик кылып, андан кийин Марвандын уулу Абдул-Маликке каршы болуп, 692-ж. Мекени коргоп жатып, Каабанын жанында баатырларча курман болгон.

[*] Кол жазманын аягынан канча дептер жетишпей калганы белгисиз.